
e-ISSN 1694-8823



ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

# ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY

# PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

№2 (2) (2023)

**№2(2) - 2023**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология

*Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science*

**e-ISSN:** 1694-8823

## ЖУРНАЛ ЖӨНҮНДӨ [kg]

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” илимий журналы университеттин илимий журналдарынын импакт-факторун жогорулатуу жана келечекте эл аралык илимий базаларга киргизүү саясатын ишке ашыруу максатында ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин (2022-жылдын 22-декабрындагы № 7-протоколу) негизинде ачылган.

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” илимий журналы Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Каттоо номуру 10299, 17-июнь 2022-жыл.

Журнал үч тилде - **кыргыз**, **орус** жана **англис** тилдеринде макалаларды жарыялайт. Материалдар **акысыз** негизде кабыл алынат. Журнал макалаларды жөнөтүү, аларды карoo жана жарыялоо үчүн акы албайт. Автордук сый акы төлөнбөйт.

Журнал **жылына 2 жолу** чыгат (кошумча атайын чыгарылыштар болушу мүмкүн).

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Тарых” журналы өзүнүн расмий сайтына ачык кирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Бул дүйнөлүк илимий коомчулукка журналга кеңири маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Журнал BOAI Будапешт демилгесинде иштелип чыккан ачык жеткиликтүүлүк саясатын карманат жана өзүнүн контентине ачык кирүү мүмкүнчүлүгүн берип, дүйнөлүк деңгээлде билим алмашууга жана изилдөө натыйжаларын жайылтууга жардам берет. Журнал жарыяланган материалдардын максималдуу жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу саясатын жүргүзөт. Журналдын баардык контенти интернетте окуу, жүктөп алуу, көчүрүү, жайылтуу, басып чыгаруу үчүн ачык. Ар бир колдонуучу сайт ичинде издөө жасап, макалалардын толук текстине шилтеме жасай алат же аларды, эч кандай каржылык, юридикалык же техникалык тоскоолдуктар болбосо, башка мыйзамдуу максаттарда колдоно алат.

Окурмандар жана авторлор журналдын веб-сайтынан журналдын учурдагы санынын электрондук версиясын жана мурунку басылмалардын архивдерин эркин көрүп жана жүктөп ала алышат. Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0) лицензиясынын шарттарына ылайык, журналдын баардык басылмалары электрондук түрдө бекер жана чектөөсүз таратылат.

“Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” журналындагы макалалардын авторлору эмгектери менен бирге журналга басып чыгаруу укугун өткөрүп беришет, аны Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0) лицензиясы менен лицензиялаган болушат. Жарыяланган эмгектин автордук укук ээси болуп басып чыгаруучу Ош мамлекеттик университети эсептелет.

Журналдын материалдарынын электрондук версиялары https://journal.oshsu.kg/index.php/history/index сайтында коомдук доменде жайгаштырылган.

CrossRef менен Ош мамлекеттик университетинин ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык журналга 10.52754 номурлуу DOI префикси ыйгарылган. Ушул келишимдин негизинде “Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология” журналына чыккан ар бир макалага DOI номуру берилет.

**Негиздөөчүсү**
Ош мамлекеттик университети
**e-ISSN** 1694-8823 (электрондук версиясы)
**Префикс DOI**: 10.52754

## О ЖУРНАЛЕ [ru]

Научный журнал “Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология” был основан на основании решения Ученого совета ОшГУ (протокол № 7 от 22 декабря 2022 года) в целях повышения импакт-фактора научных журналов университета и, в дальнейшем, реализации политики включения в международные научные базы данных.

17 июня 2022 года “Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология” прошел регистрацию в Министерстве юстиции Кыргызской Республики под №10299.

Журнал публикует статьи на трех языках - **кыргызском**, **русском** и **английском**, принимает материалы к публикации на **безвозмездной** основе. Журнал не взимает плату за подачу статей, их рецензирование и их публикацию. Авторские гонорары не выплачиваются.

Периодичность издания: **2 выпуска в год** (возможны дополнительные специальные выпуски).

Журнал “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” предоставляет открытый доступ к своему контенту на официальном сайте журнала. Это обеспечивает более широкий информационный доступ к журналу в масштабах мирового научного сообщества.

Журнал придерживается политики открытого доступа, сформулированного в Будапештской инициативе BOAI, и предоставляет открытый доступ к своему контенту, способствуя увеличению глобального обмена знаниями и результатами исследований. Журнал проводит политику обеспечения максимальной доступности опубликованных материалов. Весь контент журнала открыт в сети Интернет для чтения, скачивания, копирования, распространения, печати. Любые пользователи могут осуществлять поиск или ссылаться на полные тексты статей, использовать их в других законных целях при отсутствии каких-либо финансовых, юридических или технических преград.

Читатели и авторы могут свободно просматривать и скачивать электронные версии текущего номера журнала и архивы за предыдущие периоды на сайте журнала. Все публикации журнала в электронном виде распространяются бесплатно и без ограничений на условиях лицензии Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0).

Авторы статей журнала “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” передают журналу право публикации вместе с работой, единовременно лицензируя ее по лицензии Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0).  Правообладателем опубликованной работы является издатель – Ошский государственный университет.

Электронные версии материалов “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” размещаются на сайте https://journal.oshsu.kg/index.php/history/index в открытом доступе.

По договору между CrossRef и Ошским государственным университетом журналу присвоен префикс DOI 10.52754. На основании этого договора каждой статье, опубликованной в журнале “Вестник ОшГУ. Философия. Социология. Политология” присваивается номер DOI.

**Учредитель**
Ошский государственный университет
**e-ISSN** 1694-8823 (электронная версия)
**Префикс DOI**: 10.52754

## ABOUT THE JOURNAL [en]

The scientific journal “Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science” was founded on the basis of the 7th Protocol of the Academic Council of Osh State University dated December 22, 2022 in order to increase the impact factor of scientific journals of the university and further implement the policy of inclusion in international scientific databases.

In June 17, 2022 the journal “Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science” was registered with the Ministry of Justice of the Kyrgyz Republic under No. 10299.

The journal publishes articles in three languages **– Kyrgyz**, **Russian** and **English**, accepts materials for publication **free of charge**. The journal does not charge for the submission of articles, their review and publication. Author's royalties are not paid.

Publication frequency: **2 issues per year** (additional special issues are possible).

The "Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science" provides open access to its content on the official website of the journal. This provides greater information access to the journal throughout the global scientific community.

"Open access" means its free availability on the public internet, permitting any users to read, download, copy, distribute, print, search, or link to the full texts of these articles, crawl them for indexing, pass them as data to software, or use them for any other lawful purpose, without financial, legal, or technical barriers other than those inseparable from gaining access to the internet itself." (by Budapest Open Access Initiative).

Readers and authors can freely view and download the electronic versions of the current issue of the journal and archives for previous periods on the journal's website. All publications of the journal in electronic form are distributed free of charge and without restrictions under the terms of the Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0).

The authors of the "Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science" transfer publishing rights to the publisher, licensing it under Creative Commons Attribution License (CC BY-NC 4.0). The copyright holder of the published work is the publisher – Osh State University.

Electronic versions of the journal materials are placed on the website https://journal.oshsu.kg/index.php/history/index in the public domain.

Under an agreement between CrossRef and Osh State University, the journal was assigned the prefix DOI 10.52754. On the basis of this agreement, each article published in the "Journal of Osh State University. Philosophy. Sociology. Political science" is assigned a DOI number.

**Founder**
Osh State University
**e-ISSN** 1694-8823 (electronic version)
**DOI prefix**: 10.52754

## РЕДАКЦИЯ [kg]

***Башкы редактор***

Исаков Кубанычбек – философия илимдеринин доктору, профессор, философия жана политология кафедрасынын башчысы, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), isakov-oshgui@mail.ru

***Башкы редактордун орун басары***

Курбанбаев Кылыч – философия илимдеринин доктору, философия жана политология кафедрасынын профессору, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), aruuke7171@gmail.ru

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү**

Акаев А.А. – саясий илимдеринин кандидаты, философия жана политология кафедрасынын доценти, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), askarakaev71@mail.ru

Акматов Ө.С. – философия илимдеринин кандидаты, философия жана политология кафедрасынын доценти, Ош мамлекеттик университети (Кыргызстан, Ош), sarytaiovich64@gmail.ru

Акунов А.А. - саясий илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), aakunov@gmail.com

Бекбоев А.А. - философия илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), baa140156@mail.ru

Габдулина К.Г. – социология илимдеринин доктору, профессор (Казахстан), astanauniver@mail.ru

Жоробеков Ж.Ж. - саясий илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), saytiev@ahoo.com

Касабеков С.А. – философия илимдеринин доктору, профессор, Д.А.Кунаев атындагы Евразия юридикалык академиясы (Казахстан), s_kasabekov@mail.ru

Мендибаев Н. – социология илимдеринин доктору, профессор (Кыргызстан), nyrabek@rambler.ru

Мукасов С.М. - философия илимдеринин доктору, профессор, Академик Национальной академии наук Кыргызской Республики, mykasov1@mail.ru

Мурзакматов А.К. – философия илимдеринин кандидаты, ОшМУнун философия жана политология кафедрасынын доценти (Кыргызстан), suzak70@mail.ru

Панов А.И. – саясий илимдеринин доктору, профессор (Россия), evrazia@mirbis.ru

Реимов Р.М. – философия илимдеринин кандидаты, доцент, Бердах атындагы Каракалпак мамлекеттик университети (Өзбекстан), rustem.reimov66@gmail.com

Шарипова Э.К. – философия илимдеринин доктору, ОшМУнун профессору (Кыргызстан), e.sharipova_kg@mail.ru

## РЕДАКЦИЯ [ru]

***Главный редактор***

Исаков Кубанычбек – доктор философских наук, профессор, заведующий кафедрой философии и политологии, Ошский государственный университет (Кыргызстан, Ош), isakov-oshgui@mail.ru

***Заместитель главного редактора***

Курбанбаев Кылыч – доктор философских наук, профессор кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), aruuke7171@gmail.ru

**Члены редакционной коллегии**

Акаев А.А. – кандидат политологических наук, доцент кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), askarakaev71@mail.ru

Акматов Ө.С. – кандидат философских наук, доцент кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), sarytaiovich64@gmail.ru

Акунов А.А. - доктор политологических наук, профессор (Кыргызстан), aakunov@gmail.com

Бекбоев А.А. - доктор философских наук, профессор (Кыргызстан), baa140156@mail.ru

Габдулина К.Г. – доктор социологических наук, профессор (Казахстан), astanauniver@mail.ru

Жоробеков Ж.Ж. - доктор политологических наук, профессор (Кыргызстан), saytiev@ahoo.com

Касабеков С.А. – доктор философских наук, профессор, Евразийская юридическая академия имени Д.А.Кунаева (Казахстан), s_kasabekov@mail.ru

Мендибаев Н. – доктор социологических наук, профессор (Кыргызстан), nyrabek@rambler.ru

Мукасов С.М. - доктор философских наук, профессор, Академик Национальной академии наук Кыргызской Республики, mykasov1@mail.ru

Мурзакматов А.К. – кандидат философских наук, доцент кафедры философии и политологии Ошского государственного университета (Кыргызстан), suzak70@mail.ru

Панов А.И. – доктор политологических наук, профессор (Россия), evrazia@mirbis.ru

Реймов Р.М. – кандидат философских наук, доцент, Каракалпакский государственный университет имени Бердаха (Узбекистан), rustem.reimov66@gmail.com

Шарипова Э.К. – доктор философских наук, профессор ОшГУ (Кыргызстан), e.sharipova_kg@mail.ru

## EDITORIAL TEAM [en]

***Editor-in-chief***

Kubanychbek Isakov – Doctor of Philosophy, Professor, Head of the Department of Philosophy and Political Science, Osh State University (Kyrgyzstan, Osh), isakov-oshgui@mail.ru

***Deputy Editor-in-chief***

Kylych Kurbanbaev – Doctor of Philosophy, Professor of the Department of Philosophy and Political Science at Osh State University (Kyrgyzstan), aruuke7171@gmail.ru

**Members of the editorial board**

Akaev A.A. – Candidate of Political Sciences, Associate Professor of the Department of Philosophy and Political Science at Osh State University (Kyrgyzstan), askarakaev71@mail.ru

Akmatov O.S. – Candidate of Philosophy, Associate Professor of the Department of Philosophy and Political Science, Osh State University (Kyrgyzstan), sarytaiovich64@gmail.ru

Akunov A.A. - Doctor of Political Science, Professor (Kyrgyzstan), aakunov@gmail.com

Bekboev A.A. - Doctor of Philosophy, Professor (Kyrgyzstan), baa140156@mail.ru

Gabdulina K.G. – Doctor of Sociological Sciences, Professor (Kazakhstan), astanauniver@mail.ru

Zhorobekov Zh.Zh. - Doctor of Political Science, Professor (Kyrgyzstan), saytiev@ahoo.com

Kasabekov S.A. – Doctor of Philosophy, Professor, Eurasian Law Academy named after D.A. Kunaev (Kazakhstan), s_kasabekov@mail.ru

Mendibaev N. – Doctor of Sociological Sciences, Professor (Kyrgyzstan), nyrabek@rambler.ru

Mukasov S.M. - Doctor of Philosophy, Professor, Academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, mykasov1@mail.ru

Murzakmatov A.K. – Candidate of Philosophy, Associate Professor of the Department of Philosophy and Political Science, Osh State University (Kyrgyzstan), suzak70@mail.ru

Panov A.I. – Doctor of Political Science, Professor (Russia), evrazia@mirbis.ru

Reimov R.M. – Candidate of Philosophy, Associate Professor, Karakalpak State University named after Berdakh (Uzbekistan), rustem.reimov66@gmail.com

Sharipova E.K. – Doctor of Philosophy, Professor of Osh State University (Kyrgyzstan), e.sharipova_kg@mail.ru

**МАЗМУНУ**
Содержание
*Contents*

## ФИЛОСОФИЯ / PHILOSOPHY


**Исаков К.А., Бабакулова Р.Б.**
Геральдика түшүнүгү жана Кыргыз Республикасынын гербинин мааниси жөнүндө ........................1

**Боронбаев А.Ж., Осмонова А.С.**
Улуттук оюндардын маданий-философиялык экспликациясы ............................................................7

**Итигулова Ж.К., Токтогулова Н.М.**
Нурмолдонун нравалык-этикалык идеялары ........................................................................15

**Исаков К.А., Реимов Р.М., Бойтоева С.С.**
Кыргызстандын аймагында диндердин тогошуусу жана карым-катышы (Орто Кылымдар мисалында) ........................................................................21


## ИСКУССТВО / ART


**Боронбаев А.Ж., Калыбеков А.И.**
Фольклор – улуттук өнөрдүн көрөңгөсү ........................................................................28

**Абдыраева Р.**
Кыргызстан фольклористтери ........................................................................34

**Байджуманов Х.**
Пейзаж как вид живописи ........................................................................41

**Боронбаев А.Ж., Вдовкина А.Д.**
Влияние русских композиторов на развитие фортепианной музыки в Кыргызстане .......................46

**Осмоналиев Э.А., Абдувапова Г.А.**
Азыркы заманбап музыканын жаштарга тийгизген таасири ........................................................53

**Джумабаев Б.С., Баякова А.Ф.**
Кыргыз музыкалык фольклорунун башаты ........................................................................62

**Жолдошова Н.А., Иргашева М.А.**
Композиторлордун корифейи – Калый Молдобасанов ........................................................69

**Итигулова Ж.К., Токтогулова Н.М.**
Инсандын калыптануусунда искусствонун ролу ........................................................................74

**Макаев Т.**
Мектеп окуучуларына көркөм-эстетикалык тарбия берүүдө искусствонун ролу.............................80

**Осмоналиев Э.А., Абдувапова Г.А., Карыбекова Т.А.**
Заманбап ырлардын жаштарга берип жаткан тарбиялык мааниси ..................................................87

**Полотова Г.**
Адамдын жан дүйнөсүн калыптоодогу искусствонун ролу ........................................................94

**Топчубаева Э.А.**
Кыргыз искусствосунда табият коздугунун чагылдырылышы.......................................................100

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 1-6

***ФИЛОСОФИЯ***

**УДК: 685: 4.371/58**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_1

# ГЕРАЛЬДИКА ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГЕРБИНИН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ

# О ПОНЯТИИ ГЕРАЛЬДИИ И ЗНАЧЕНИИ ГЕРБА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ABOUT THE CONCEPT OF HERALDY AND THE MEANING OF THE COAT OF ARMS OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Исаков Кубанычбек Абдыкадырович**
*Исаков Кубанычбек Абдыкадырович*
*Isakov Kubanychbek Abdykadyrovich*

**ф.и.д., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*д.ф.н., профессор, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
isakov-oshgui@mail.ru
ORCID: 0009-0007-2035-0453

---

**Бабакулова Рая Байназаровна**
*Бабакулова Рая Байназаровна*
*Babakulova Raya Bainazarovna*

**улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*

# ГЕРАЛЬДИКА ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГЕРБИНИН МААНИСИ ЖӨНҮНДӨ

**Аннотация**

Макалада жалпы гербдер, өзгөчө эн тамгалар, белгилер, тарыхый эстеликтерге кеңири маани берилген. Алгачкы Берлиндеги геральдикаларды изилдеп үйрөнүүчү атайын кафедра тууралуу маалыматтар чагылдырылган. Россиядагы Петр Інин мезгилинде археология, нумизматика, сфрагистика жана генеалогия илимдери менен биргеликте атайын белгилерди, символикаларды, бренддерди жана гербдерди окуп-үйрөнүү максатында түзүлгөн геральдика изилдөө борборунун ишмердиги чагылдырылган. Гербдер пайда болгонго чейинки найза, желек, тыйын, медалдардын беттеринде ар кандай тотемдик сүрөттөр, символикалар тууралуу маалыматтар берилген. Байыркы мамлекеттер Рим, Греция, Кытай, Индия, Шумер, Акад, Египет, Вавилон сыяктуу мамлекеттерде да өздүк эн тамгаларына, мамлекеттик, жоокердик белгилерине маани берилет. Негизинен макалада бул илимдин пайда болушу, тарых-таржымалы жана таралышынын этаптары жана Эгемендүү Кыргызстандын гербинин жаралуу тарыхы жөнүндө тарыхый-философиялык анализ жүргүзүлөт.

***Ачкыч сөздөр:*** бренд, геральдика, герб, генеалогия, идентификация, символика, сфрагистика, нумизматика, эмблема.

## *О ПОНЯТИИ ГЕРАЛЬДИИ И ЗНАЧЕНИИ ГЕРБА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ*

**Аннотация**

В статье расширено дается значение гербов, особых знаков, исторических памятников. Отражены материалы специально открытой кафедры по изучению Берлинской геральдики, отражена работа центра геральдического исследования по изучению гербов, брендов символики, специальных знаков, созданный в России при Петра I в содействии такими науками, как археология, нумизматика, сфрагистика и генеология. Дана информация о символиках, различных тотемных рисунках на саблях, флагах, монетах, медалях до появления гербов. Также даны понятия о государственных и военных значках таких древних государств, как Вавилон, Египет, Акад, Шумер, Индия, Китай, Греция, Рим. А также в статье дается историко-философской анализ гербов, бренддов и возникновения герба Кыргызской Республики.

***Ключевые слова:*** бренд, геральдика, герб, генеалогия, идентификация, символика, сфрагистика, нумизматика, эмблема.

## *ABOUT THE CONCEPT OF HERALDY AND THE MEANING OF THE COAT OF ARMS OF THE KYRGYZ REPUBLIC*

**Abstract**

In this article there is widely given the meaniup of the State Emblem special signs,historical monuments and also described the materials specially opened the chair on researching Belinsky Gernaldics, the works of geraldic researching centre on studying national Emblems, brend symbols, special signs, created by Peter the ist in Russia contribating such sciences as archeology, numismatics, sphragistics and genealogy. There is given information about symbolics, various pictures on swards, flags, coins, medals before appearing state emblems. Also given the idea about national emblems and coat of arms of such ancient states, as Vavilon, Egypt, Akad, Shumer, India, China, Greece, Roma. In general this article states the appearance of this science, its stages, state symbols of sovereign Kyrgyzstan.

***Keywords:*** brand, heraldus, the coat of arms, genealogies, identification, symbolic, sphragistics, numismatics, emblem.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Геральдика (лат. heraldus – жарчы) – жалпы гербдер, өзгөчө эн тамгалар же белгилери бар тарыхий эстеликтерди изилдеп-окуп үйрөнүүчү илим болуп саналат. Эң алгач 1706-жылы Берлинде геральдикаларды изилдеп үйрөнүүчү атайын кафедра ачылат. 1726-жылы Петр Iнин мезгилинде археология, нумизматика, сфрагистика жана генеалогия илимдери менен биргеликте атайын белгилерди, символикаларды, бренддерди жана гербдерди окуп-үйрөнүү максатында Россияда геральдика изилдөө борбору түзүлгөн.

Геральдика түшүнүгү орто кылымдардагы Европадагы крестүүлөрдүн жүрүшү менен мүнөздөлүп келет. Анткени, бул мезгилде рыцарларды идентификациялап, айырмалоо үчүн, кайсы королдукка, княздыкка же дворяндык топко тиешелүү жоокерлердин калкандарында (шиттеринде) атайын белгилер болгон. М: Арстандын, жолборс, бүркүт сыяктуу жан-жаныбарлардын жана башка сүрөттүү белгилер түшүрүлгөн. Буга чейин гербдер пайда болгонго дейре найза, желек, тыйын, медалдардын беттеринде ар кандай тотемдик сүрөттөр, символикалар түшүрүлүп келген. Байыркы мезгилдердеги мамлекеттерде Рим, Греция, Кытай, Индия, Шумер, Акад, Египет, Вавилон сыяктуу мамлекеттерде да өздүк эн тамгаларына, мамлекеттик, жоокердик белгилери тууларында болгондугун «Вексиллология» илими тастыктап келет. Байыртадан эн тамгалар, белгилер жана символикалар кыргыздарда да болуп келгендигин улуу эпосубуз «Манаста» жана археологиялык табылгаларда далилденүүдө.

Эң алгач гербдин пайда болушу 1127-жылы Англиялык анжуй графы Жоффрей Vге таандык арстандын сүрөтү түшүрүлүп кооздолуп жасалган өздүк калканында болгон. Ошондон тартып королдор, дворянддар жана рыцарлар гербди өздүк мөөрлөрү (печать) үчүн пайдалана башташкан. Биринчи болуп геральдикалык печать 1136-жылы пайда болгон. Орто кылымдарда Европада ат үстүндөгү салгылашуу турнирлери жогорку кастанын көңүл борборунда негизги маселе катары каралган. Рыцардык мындай турнирлерде жоокерлердин калкандарында гана эмес, тууларында, шлемдеринде, ат жабдыктарында да аттуу-баштуу төбөлдөргө тиешелүү гербддер түшүрүлгөн символдор өзгөчөлөнүп турган. Европалык мамлекеттерде эмблемалар жана гербдер аркылуу дворянддардын, барон, графтардын социалдык статустары аныкталып турган. Өздүк статуска ээ болгон мындай гербдер, символикалар жана эмблема-бренддер муундан-муунга өткөрүлүп, ыйыктык катары сакталып, геральдиканын бүтүндөй Европалык мамлекеттерге таралышына шарттар түзүлгөн. XIV кылымда Италиялык юрист Бартоло тарабынан геральдика жана анын мыйзамдык эрежелери жөнүндө кодекс иштелип чыгылган. Анда герольд тарабынан гербдердин жасалышы бири-бирине окшобой, айырмаланып туруусу жана аларды тиешелүү төбөлдөргө берилиши, король тарабынан атайын тастыктоочу грамота менен ыйгарылышы белгиленген. Гербдерди ыйгаруу атайын титулга ээ болгон дворяндык коллегияда каралып, салтанатанаттарда тийиштүү ак-сөөктөргө жана рыцарларга тапшырылган.

Англияда герб ыйгаруу коллегиясы бүгүнкү күнгө чейин сакталып иш аракет жүргүзүп келүүдө. Ал 1484-жылы король Ричард IIIчү тарабынан түзүлгөн болчу. Учурда ал гербдер «Оф армз колледжи» тарабынан Англиядагы, Түндүк Ирландия, Уэльстеги аттуу-баштуу төбөлдөргө, мамлекеттик жана коомдук мекемелерге ыйгарылып келет. Ушундай салт бүгүнкү күнү да Европанын бир катар мамлекеттеринде сакталып келүүдө. М: Бельгия, Дания, Финляндия, Нидерланды, Италия, Испания, Щвеция, Щвецарияда ж.б.

Россияда герольдика маселеси XVII кылымдын башында колго алына баштайт. Бул мезгилде орустар чыгарган тыйындарга ар кандай белгилерди басып чыгара башташкан. М: кылыч кармаган жоокер, Владимирдик арстан ж.б. Ал эми Алексей IІнин тушунда эки баштуу бүркүттүн элеси түшкөн гербди орустар 1917-жылга чейин, СССР мезгилинде алынып салып, бүгүнкү учурда мамлекеттик герб катары кабылдашып келишүүдө. Ошондой эле сөз башында айткандай Петр Ічи тарабынан бул иш колго алынып герольдмейстердик кантора ачылып, кийинчерээк бул ишти изилдөө максатында атайын изилдөө борбору түзүлгөн.

Кыскасы биз бул илимдин пайда болушу, тарых-таржымалы жана таралышы жөнүндө учкай кеп салдык. Эми гербдердин тарыхий мааниси, маңызы жана мазмууну жөнүндөгү иликтөөлөрдүн урунттуу жерлерине токтоло кетели.

Көптөгөн геральдика маселеси боюнча илим-изилдөөчүлөр гербдерди жасоодо төмөнкү критерийлерге көнүл бурушат деп белгилешет.

1. Улуттук менталитетке (каада-салт, үрп-адат, ишеним ж.б.).
2. Тарыхий фактор (элдердин басып өткөн жолу).
3. Аймактык фактор (табияты, фауна-флорасы ж.б.).
4. Чарба жүргүзүү маселеси.

Жана ошондой эле гербдерди жаратууда логикалык, философиялык, тарыхий жана психологиялык жагдайлар эске алынаары жөнүндө да белгилешип келет.

Мысал үчүн биздин Кыргыз Республикасынын гербинде мен ойлойм жогорудагы баардык жагдайлар эске алынган жана жогорку чеберчилик менен жасалган. Ошондуктан биздин гербдин авторлоруна мен терең ыраазычылык билдирем.




**Сүрөт 1.** Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби

Герб Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 14-январындагы токтому менен бекитилген.

Авторлору: А. Абдраев, С. Дубанаев.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик герби ак кырбууланган көк түстөгү тегеректин ортосундагы канатын жайган ак шумкардын сүрөтүнөн, көлдүн нары жагында жайгашкан Ала-Тоо тоо кыркаларынан жана алтын нурун чачыратып чыгып келе жаткан күндөн, тегеректин эки капталынан орун алган пахтанын жана буудайдын сабындагы башынын сүрөтүнөн, тегеректин жогорку бөлүгүндө орун алган "Кыргыз" жана тегеректин төмөнкү бөлүгүнөн орун алган "Республикасы" деген жазуудан турат.

Учурда Кыргыз Республикасынын символикалары жөнүндө ар кыл пикирлер айтылууда. М: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин айрым депутаттары, илимий коомчулук тарабынан символикаларды өзгөртүү жөнүндө ж.б. сын-пикирлер айтылып келүүдө. Бирок бул маселе бүгүнкү күндүн талабына туура келеби?

Экинчиден, менин жеке пикирим бүгүн ар кайсы региондун, шаарлардын, мекеме-ишканалардын жана окуу жайлардын өздөрүнө тиешелүү символикалары бар. Бул айрыкча эгемендүүлүк алгандан бери күчөп кетти. Ушунун зарылчылыгы барбы? Кытай Эл Республикасын алып карасак ар кайсы шаарларында, провинция, райондорунда жана мекемелеринде да бир эле мамлекттик герби, туусу илинип турат. Мен ойлом бизде да бир эле символикага Кыргыз Республикасынын символикаларына өтүшүбүз зарыл. Себеби мамлекеттин ыйыктыгы жана бир бүтүндүгү сакталат деген ойдомун.

Үчүнчүдөн, дагы бир айта кетүүчү жагдай Советбек Адурасулов деген агайыбыз Кыргыз Республикасынын символикаларын сынга алып бир нече ирет макалаларын ММК беттеринде жарыялап жана өзүнүн үлгүсүн таңуулап келет. Илимпоз койгон негизги доомат биздин символикалар элдин калың катмарына жетпей жаткандыгын айтат.

**Корутунду.** Маселе туура! Бүгүн жаштарыбыз, жада калса өзүбүздө символикалар жөнүндө түшүнүктүн жоктугу өкүндүрөт. Буга ким күнөлүү? Албетте өзүбүз! Символикадан же анын авторлорунан кынттык издөөнүн кажети жок деп ойлойм. Бул маселеде бизге биринчи кезекте мекенчилдик духтун жетишпей жаткандыгын баса белгилегим келет. Экинчи кезекте бул маселеде информациялык педогогика алсырап жатат. Эгерде биз өзүбүз кыргыздын визиткасы болгон эн тамгаларыбызды, белгилерибизди билбесек, түшүнбөсөк анда кийинки муундан бул боюнча үмүт кылыштын кажети жок деп ойлойм.

Ошондуктан ар бирибиздин жана бүгүнкү күндүн да негизги миссиясы жана вазийпасы мамлекеттик символикаларды түшүнүп, ага туура мамиле жасап, аны жүрөгүбүз менен сезип, ыйык тутуп, даңазалап кийинки урпактарга өткөрүп берүү болуп саналат.

Ошондо, бизде мекенчилдик пайда болуп, гүлдөгөн Кыргыз мамлекетин бирге курууга даңгыр жол ачылат!

**Адабияттар**


1. Левандовский А. П. В мире геральдики. — М.: Вече, 2008. — 218 с.
2. Лукомский В. К., Типольт Н. А. Русская геральдика. — П., 1913.
3. Медведев М. Ю. Геральдика или истинная наука о гербах. — М.: Гербы и флаги, 2008. — 144 с.
4. Пастуро М. Геральдика / пер. с фр. А. Кавтаскина. — М.: Астрель: АСТ, 2003. — 144 с.

5. Пастуро М. Символическая история европейского средневековья. – СПб.: Alexandria, 2012. — 448 с.
6. Слейтер С. Геральдика. Иллюстрированная энциклопедия / пер. с англ. И. Жилинской. — 2-е изд. — М.: ЭКСМО, 2005. — 264 с.
7. Фрайер С., Фергюсон Д. Геральдика. Гербы — Символы — Фигуры / пер. с англ. М. Б. Борисова. М.: АСТ: Астрель, — 2009. — 208 с.
8. Щелоков А. А. Увлекательная геральдика. — М.: ЭКСМО, 2006. — 352 с.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 7-14

***ФИЛОСОФИЯ***

**УДК: 392.12 : 821.512.154**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_2

# УЛУТТУК ОЮНДАРДЫН МАДАНИЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЭКСПЛИКАЦИЯСЫ

## КУЛЬТУРНО-ФИЛОСОФСКАЯ ЭКСПЛИКАЦИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИГР

## CULTURAL AND PHILOSOPHICAL EXPLICATION OF NATIONAL GAMES

**Боронбаев Ажимамат Жусупович**
*Боронбаев Ажимамат Жусупович*
*Boronbaev Ajimamat Jusupovich*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*
mailto:azimamatb@gmail.com

---

**Осмонова Айгул Сейдакматовна**
*Осмонова Айгул Сейдакматовна*
*Osmonova Aigul Seidakmatovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
osmonova84@mail.ru

# УЛУТТУК ОЮНДАРДЫН МАДАНИЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК ЭКСПЛИКАЦИЯСЫ

**Аннотация**

Улуттук оюндар – элдик тарбиянын ажыралгыс бөлүгү. Оюндар өспүрүмдөрдү элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө, баатырдыкка, чечкиндүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын түбөлүк адатка айланган талабы болгон. Азыркы кезде да элдик оюндар жаштарды турмушка алгачкы даярдоо процессинин негизги фактору бойдон калууда. Бала тарбиялоо - адамдардын ата-энелик, ошондой эле атуулдук милдети. Ошондуктан ар бир ата-эне баласы төрөлгөн күндөн баштап, ага татыктуу тарбия берүүгө аракет кыла баштайт. Ымыркайды терметкенде бешик ыры ырдалат. Эмгектей баштаганда сал билек айтылат. Каз туруп тамтаңдап баса баштаганда тушоо кесүү тою болот. Андан кийин наристеге улам эс кирип, акылы калыптана баштайт. Ошондон баштап ага эс-акылын өстүрүүгө көмөк берүүчү, баамчылдыкка, кыраакылыкка тарбиялоочу, ар түрдүү кыймыл-аракет аркылуу ден соолугун чыңдоочу, турмуштук көз карашын калыптандыруучу оюндар үйрөтүлө баштайт.

***Ачкыч сөздөр:*** көркөм сөз, каада-салттар, акыйнек, нарк, топ таш, киште, уюм тууду, байыркы, ат оюндары, жамбы атуу, тай жарыш, тыйын эңмей.

## *КУЛЬТУРНО-ФИЛОСОФСКАЯ ЭКСПЛИКАЦИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ИГР*

**Аннотация**

Национальные игры являются неотъемлемой частью народного образования. Игры были требованием народной педагогики, вошедшим в вечную привычку при воспитании у подростков любви к народу, земле, родине, нравам, трудолюбию, здравому смыслу, героизму и решительности. Народные игры и сейчас остаются главным фактором в процессе начальной подготовки молодежи к жизни. Воспитание ребенка является родительским долгом людей, а также гражданским долгом. Именно поэтому каждый родитель старается дать своему ребенку достойное воспитание с самого рождения. Колыбельная поется, когда ребенка укачивают. Как только встанет и начнет грациозно ходить, проводятся церемония тушоо кесуу. После этого малыш начнет ходить уверенными шагами и развиваться. И с этого момента его будут обучать играм, которые помогут ему развить ум, воспитать в нем осознанность, предвидение, укрепить здоровье с помощью различных занятий и сформировать его взгляды на жизнь.

***Ключевые слова:*** художественная речь, традиции, акыйнек, ценность, топ таш, киштэ, уюм тууду, древние, конные игры, стрельба джамби, соревнование скакунов, тыйын энмей.

## *CULTURAL AND PHILOSOPHICAL EXPLICATION OF NATIONAL GAMES*

**Abstract**

National games are an integral part of public education. Games were a requirement of folk pedagogy, which became an eternal habit when educating teenagers to love the people, land, homeland, morals, hard work, common sense, heroism and determination. Folk games and now remain the main factor in the process of initial preparation of young people for life. Raising a child is a parental duty of people, as well as a civic duty. That is why every parent tries to give his child a decent upbringing from birth. A lullaby is sung to hold the baby asleep. As soon as he gets up and walks gracefully, the tushoo kesuu ceremony is held. After that, the baby will begin to walk with confident steps and develop. And from now on, he will be taught games that will help him develop his mind, cultivate awareness, foresight in him, improve his health through various activities and form his outlook on life.

***Keywords:*** artistic speech, traditions, akyynek, value, top tash, kishte, uyum tuudu, ancient, horse games, jambi shooting, horse competition, tyiyn enmei.

## Киришүү

***Теманын актуалдуулугу.*** Ар бир эл өзүнүн салты, үрп-адаты менен гана эмес өздөрүнө тиешелүү болгон улуттук оюндары менен да айрымаланат. Ал эми кыргыз элинин улуттук оюндары болуп, ордо, тогуз коргоол, оромпой, дүмпүлдөк, ак чөлмөк, уюм тууду, селкинчек, упай жана башка оюндардын түрлөрү эсептелет.

Оюндар көңүл ачууда, маданияттуу эс алууда, бош убакытты өткөрүүдө, денени чыңдоодо гана чоң мааниге ээ болбостон, өспүрүмдөрдүн руханий дүйнөсүн калыптандыруунун, аларга патриоттук жана интернационалдык тарбия берүүнүн, улуттук маданияттарды жакындаштыруунун жана өз ара байытуунун да маанилүү каражаты болуп эсептелет [6, 7].

## Изилдөөнүн методдору жана материалдары

***Акыл оюндары***



***Акыйнек.*** Кыргыз фольклорундагы айтыш жанрынын бир түрү катары акыйнек кыргыз элинде кеңири колдонулган. Негизинен муну жаш кыздар айтышкан. Айтыш кордоо, шакаба чегүү мүнөзүндө болсо да, өзүн-өзү сындоого таасир берген. Кемчилигин билгизүү, чечендикти, сөз тапкычтыкты сынашуу максатын көздөп, оюн-зоок, тамаша иретинде да айтылган. Мындай айтышуу «Манас» эпосунда да жолугат [1:75]:

*Теректин башын бурушуп,*
*Аркы-терки турушуп,*
*Селкинчегин тебишип,*
*Акыйнегин айтышып,*
*Бирин-бири жеңишип…*

Акыйнек оюнуна курбу-курдаш, тамаша-сынды көтөрө билген кыздар чогулуп, ырдап-бийлешет. Мисалы:

1-кыз
*Акыйнек ырын ырдашуу,*
*Абалтан кыргыз салты экен.*
*Акыйнек ырын улантуу,*
*Атабыз кыргыз наркы экен.*

2-кыз
*Ыр ырдашып, сынашуу,*
*Ыр жандуу кыргыз салты экен*
*Сынга сындай жооп айткан,*
*Атабыз кыргыз наркы экен.*

*1-кыз*
*Сени болсо көп кыздар,*
*Уйкучу кыз деп жүрүшөт*
*Уй саганда үргүлөп,*
*Сүтүн төгөт деп күлөт.*

*2-кыз*
*Сени болсо айылда,*
*Кой келгенде короого,*
*Чачын жууйт деп жүрөт.*
*Үй-оокатка кош көңүл,*
*Жалкоо кыз экен деп күлөт.*



***Топ таш.*** Топ таш — кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Оюн тегиз, түз жерде ойнолот. Биринчи баштаган оюнчу беш ташты ыргытып, колунун үстүнө токтотуп туруп, колдун үстүнө бир ташты калтырып, калган төрт ташты жерге түшүрүп, колдун үстүнө токтогон ташты кайра жогору ыргытып, тутуп алат. Калган жерге түшкөн төрт ташты бирден кылдаттык менен жерден ала турган бир таштан башка ташка колун тийгизбестен, колундагы бир ташты жогору ыргытып, кайра жерден бир ташты терип, жогору ыргыткан ташын кошо тосуп алат. Ошентип, жердеги төрт ташты терип алыш керек. Оюндун жүрүшүндө оюнчу колундагы ташты жогору ыргытып, жогору ыргыткан ташы жерге түшкөнчө жерден таш ала албай калса, же жерден таш алган убакта, оюнчунун колу башка Ташка тийип кетсе, же ал ыргыткан ташын туталбай калса, оюнду ойноо кезеги атаандашына берилет. Топ таш оюнунун көптөгөн түрлөрү бар.

**Изилдөөнүн методдору жана материалдары**

***Төмөнкү сөздөрдүн маанилеш катарын табыңыз (//)***

байыркы // токтоо // кезек // кылдаттык // убак //

тегиз // атаандаш // терүү // тутуу // тосуу//

***Киште.*** Байыркы кыргыз эл оюндарынын бири. Шахматка окшош жактары көп. Качан пайда болгону али белгисиз. Ошондой болсо да кыргыздардын, Орто Азия жана Казакстан элдеринин уламыштарына караганда киште-шахмат оюну Александр Македонский аркылуу кыргыздардан Индияга өткөн. Чынында эле бизге тарыхтан А.Македонский б.з.ч. 329-жылдары Орто Азияга кол салып, Бактирияны басып алгандыгы, Сыр-Дарыянын жээгине (азыркы Ленинабад менен Бек-Абаддын аралыгында) шаар-чеп кургандыгы белгилүү. Андан кийин Гиндикуш тоосун ашып, Батыш Индияга жортуул жасаган. Ал кыргыз жаңгагын жүктөп кеткен. Ошол эле жаңгак азыр дүйнөгө «грек жаңгагы» деген ат менен белгилүү. Ушул сыяктуу эле киште кыргыздардан Индияга өткөнбү деп божомолдонот. Киште оюну байыркы оюндардан экендигин «Манас» эпосундагы:

***…кишисинен кырк-элүү, киштеге кирип калыптыр****…* деген саптар айгинелеп турат. Демек, мекени Индия деп эсептелип жүргөн чатуранга (шахмат) киштенин гана бир аз өзгөргөн түрү деп болжолдоого болот.

**Таблица 1.** Маалыматтардын ката же туура экендигин белгилеңиз

| | | туура | ката |
|---|---|---|---|
| 1. | Киште оюну кыргыздардан Казакстанга жана Индияга өткөн. | | |
| 2. | Киште-шахмат Индияга А.Македонский аркылуу жайылышы мүмкүн. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. | А.Македонский Ленинабад менен Бек-Абаддын аралыгына шаар-чеп курган | | |
| 4. | Чатурандын мекени - Греция | | |
| 5. | Киште жөнүндө “Манас” эпосунда айтылат | | |

***Уюм тууду.*** Уюм тууду – кыргыздын эң байыркы оюндарынын бири. Ал өзүнүн аты, мазмуну боюнча кыргыз элинин эзелтен берки улуттук, коомдук-экономикалык өнүгүшүн чагылдырып, анын эң байыркы маданиятынын бир белгиси катары турмушка киргизилип, кыргыз эли менен бирдикте жашап келе жатат. Кыргыздарда негизинен малчылар оюну болгон уюм тууду кайсы кылымда пайда болгондугу, аны кыргыз эли кайсы убактан бери ойноп келе жаткандыгы азырынча белгисиз.

Кыргыз элинин көчмөн шартына жараша, тогуз коргоол сыяктуу эле уюм тууду оюнунун тактасы дагы көбүнчө таштын бетине, жерге жасалган. Корголдору болсо кадимки эле корголдон же тоголок таштан, чоподон, жыгачтан даярдалган.

Оюнду бош убактыларында, маданияттуу дем алуу учурунда ойношуп, мелдеш уюштурушкан. Жеңген оюнчуларга байге берилген.

***Уюм тууду оюну төмөнкүчө ойнолот:***

Калыс оюнчуларга оюн тактачасын, ар бирине 25тен коргол берет. Оюнчулар корголдорду өз жактарындагы уячалардын ар бирине 5тен салып чыгат. Оюнду баштаган оюнчу өзү каалаган уячадан беш корголду алып, ошол коргол алынган уячадан баштап, оң жагынан сол жакты көздөй айлантып, ар бир уячага бирден коргол салат.

Эгер акыркы коргол салынган уячадагы корголдор жуп болуп калса жана ал уяча атаандаштыкы болсо, анда ойноп жаткан оюнчу акыркы коргол салынган уячадагы корголдорду алып, өз казанына салат да оюнду жүрүүнү улантат. Эгер акыркы корголду салган уячадагы корголдор так болуп калса, көчүү кезеги атаандашына берилет. Оюнду баштоодо же жүрүп жатканда оюнчулар бири-бирине «сиз жүрүңүз» дебестен, «сиз көчүңүз» деп айтууга тийиш.

Оюнчу корголдорду уячаларга салып бара жатып, бош калган уячага кезек менен бир коргол салгандан кийинки оюндун жүрүшүндө бир корголу бар уячага жүрүштүн кезеги менен экинчи коргол салынса, уячага экинчи корголду таштаган оюнчу «уюм тууду» дейт да, уячадагы эки корголду өз казанына салат.

Эгер оюнчу акыркы атаандашынын уячасына таштаганда коргол он болуп калса, оюнду жүрүп жаткан оюнчу «ханымдын ую тууду» деп уячадагы он корголду алып өз казанына салат. Ошентип оюнчу көчүшүн коргол албай калганга чейин улантат.

Оюнчу көчүш жасап жаткан убакта уячалардын биринде коргол жок болуп калса, ошол корголу жок уячадан кийинки корголу бар уячадагы корголдорду «жалаш алдым» деп оюнду ойноп жаткан оюнчу оң колунун манжасын эрдине, андан кийин бош калган уячага тийгизип туруп, андан кийинки уячадагы корголдорду алып өз казанына салат. Ошентип оюн бир нече жолу ойнолот…

Акыл оюндарына мындан сырткары сармерден, беш таш, топ таш(чакмак), бөрү таш, жедирмек, кайым айтышуу, казан таш, кан таламай, катар, кен (чүкө оюну), өлдү, ток этмек,

томук жашырбай, топу бекитмей, чатыра таш, чатыраш, ыр кесе, табышмак, жаңылмач, калп айтышуу, макал айтышуу ж.б. оюндары кирет.

**Таблица 2.** Маалыматтардын ыраатын оюндун жүрүшү боюнча белгилеңиз

| | |
|---|---|
| 1. | Эгер оюнчу акыркы атаандашынын уячасына таштаганда коргол он болуп калса, оюнду жүрүп жаткан оюнчу «ханымдын юю тууду» деп уячадагы он корголду алып өз казанына салат |
| 2. | Оюнчу көчүшүн коргол албай калганга чейин улантат. |
| 3. | Оюнду баштаган оюнчу каалаган уячадан беш корголду алып, ошол коргол алынган уячадан баштап, оң жагынан сол жакты көздөй ар бир уячага бирден коргол салат. |
| 4. | Эгер акыркы коргол салынган уячадагы корголдор жуп болуп калса жана ал уяча атаандаштыкы болсо, анда ойноп жаткан оюнчу акыркы коргол салынган уячадагы корголдорду алып, өз казанына салат да оюнду жүрүүнү улантат. |
| 5. | Калыс оюнчуларга оюн тактачасын, 25тен коргол таратат, алар өз тарабындагы уячаларга бештен салат |

***Ат оюндары.*** Кыргыздардын эң чер жазар оюндары- ат оюндары. Ат чаптырганда байгесине абдан чоңсыйлык коюшкан. Жүздөгөн мал соорун коюп, ат чаптырган тойлор, аштар да болгонун тарых изилдөөчүлөр жазып калтырышкан[1] [5:164]





***Жамбы атуу.*** Кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Жамбы атмай оюну жөнүндө «Манас» эпосунда, фольклордук, тарыхый чыгармаларда өтө көп жолугат. Ар түрдүү формада жана ар кандай салмакта уютулган, илгерки заманда акча ордуна жүргөн күмүш-жамбы деп аталган. Аш-тойлордо жамбыны бийик жерге илип коюп көзгө атар мергендерди сынашкан. Жамбы мурда жылкынын куйрук кылына байланып илинген. Жамбы атуучулар ошол кылды үзө атып, жамбыны түшүрүшкөн. Жамбыны илгери жаа менен атышкан. Кийин мылтык менен атууга өтүшкөн. Мелдеш өткөрүлүүчү аянт айылдын четинде кеминде 500-500 метр өлчөмүндө болууга тийиш. Учуна 3-4 метр туура жыгач бекитилген 10-15 метр узундуктагы шыргый тикесинен орнотулат. Ага байланган бута (жамбы) илинет. Калыс мелдешти баштоого белги бергенде кезектеги оюнчу мылтыгын октоп, ат чаап бара жатып бутаны атат. Окту бутага 70-75 метр калганда чыгарыш керек. Жамбыны жөө туруп 100 метрден, атчан бастырып баратып 50 метрден атса болот. Ок бутага тийсе, 1упай берилет. Бардык чыгууларда эң көп упай алган жаат же аткыч мелдештин жеңүүчүсү деп табылат (кээде кылды үзө аткан жамбыны алган).

[1] "Элтаануу": Тексттер топтому (2007). /Түз. Б.Кыдырбаева, Г.Токторбаева, Н.Турумбаева. – Б.164-б .

***Тыйын эңмей.*** Оюн узундугу 100 метрдей келген тегиз жерде ойнолот. Оюнга 12 жаштан жогоркулар катышат. Оюнчулардын саны чектелбейт. Оюнга калыс шайланат. Оюн өтүүчү аянттын 50-60 метрине кум же таарынды себилип, үстүнө тыйын ташталат. Калыс белги бергенде оюнчу ат менен чаап бара жатып тегиз жердеги тыйынды эңип кетүү керек. Эңерде аттын чабышын акырындатууга же токтотууга болбойт. Эгерде оюнчу тыйынды эңе албай кокус жыгылып калса жана жыгылганда бир жерин кокустатып албаса атына мине калып, оюнду кайра баштоого укугу бар. Тыйынды эңсе 1 упай ыйгарылат. Тыйын эңмейде көп упай чогулткан оюнчу жеңишке ээ болот. Эгер упайлардын саны тең болуп калса, 3 чыгууда аз упай кетиргени утат. Мелдеш жекече да, жаатташып да өткөрүлөт. Кийимге жана ээр токумга чек коюлбайт. Тыйын эңмей кыргыз элинде гана өнүккөн спорттун бир түрү.

***Тай жарыш.*** Кыргыз элинин байыркы оюндарынын бири. Тайлар 1-2 км келген түз жерде жарыштырылат. Ага үйрөтүлүп, тапталган 5-10 тай, 13-14 жаштагы уул балдар катышышат. Тайга өзүнө ылайык ыңырчак ээр токулат. Тайлар жарышка чыгуучу жер жана мара белгиленет.

Калыс жарышка даяр турушкан тай чабарларга «*Жарышкыла*!» деген белги берет. Тай минген балдар жарышып, марага келгендеги орду белгиленет. Марага 1,2,3-келген тайлардын күлүк экендиги, жакшы тапталгандыгы белгиленет. Тушоо кесүү тоюнда майда балдарды 100-150 м аралыкка жарыштыруу да «тай жарыш» деп аталат. Бул жарышта ким чыгып келсе, буту тушалган баланын тушоосун кесип, байге алат.

Ат оюндарына мындан башка ат чабыш, байге, кунан чабуу, көк бөрү, чырга тартуу (мүнүшкөрлүк), кыз куумай, жорго салыш, келин жарыш, кыз жарыш, оодарыш (эңиш) кирет [2: 118].

***Маанилеш катарын жазыңыз***

| | | |
|---|---|---|
| *эңип кетүү //* | *көзгө атар//* | *тегиз//* |
| *жаатташып//* | *тапталган//* | *тушалган//* |

**Корутунду**

Жыйынтыктап айтканда, тезтиер жаштардын аң-сезимин калыптоодо улуттук оюндардын жаралуу жана сакталуусун, дени сак балдардын калыптануусуна, өнүгүүсүнө байланыштырып колдонуп келсек элдин эмгегинин акыбети кайтчудай. Ошол эле учурда оюн-зоoktóрдун, ырым-жырым, салт-жөрөлгөлөрдүн маданий-философиялык экспликациясы кыргыз элиндеги акыл-эстин ырааттуулугун, максаттуулугун өз убагыкда калыптануусуна өбөлгө түзөт деген ойдобуз. Кала берсе, оюн маданияты аркылуу балдардын туура өнүгүп-өсүшү жөнүндөгү камкордуктарына негиз боло алабыз деген үмүт.

**Пайдаланылган адабияттар**

1. Алагушов Б. (2006). Бабалардын мурасы. – Б. – 233б.
2. Каразакова З.Ж. (2019). Улуттук дөөлөттөр. 2 – бөлүк. Улуттук дөөлөттөрдү өздөштүрүү боюнча окуу куралы. – Ош. – 162б.

3. Каразакова З.Ж. (2019). Улуттук дөөлөттөр. 1 – бөлүк. Улуттук дөөлөттөрдү өздөштүрүү боюнча окуу куралы. – Ош, – 162б.
4. Кыргызстан: Энциклопедия (2015). /Бишкеке ред. Ү.А. Асанов. – Б: – 643б.
5. “Элтаануу”: Тексттер топтому (2007). /Түз. Б.Кыдырбаева, Г.Токторбаева, Н.Турумбаева. – Б. – 212 б .
6. Үсөн уулу Ж., Абдисалам кызы К., Оморов Т., Таши уулу Ж., Абдамитов Н. (2020). Кыймыл оюндары жана классификациясы. *Вестник Ошского государственного университета*, No. 1-4, сс. 281-285. EDN: NBSCAQ.
7. Chifzhi, B. (2023). Importance of nature games for elementary school aged children. *Bulletin of Osh State University*, (4), 61-73. DOI: https://doi.org/10.52754/16948610_2023_4_7. EDN: MNHYVC.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 15-20

***ФИЛОСОФИЯ***

**УДК: 165.9**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_3

# НУРМОЛДОНУН НРАВАЛЫК-ЭТИКАЛЫК ИДЕЯЛАРЫ

## НРАВСТВЕННО-ЭТИЧЕСКИЕ ИДЕИ НУРМОЛДО

## ETHICAL AND MORAL IDEAS OF NURMOLDO

**Итигулова Жылдыз Кайбалиевна**
*Итигулова Жылдыз Кайбалиевна*
*Itigulova Yildyz Kaibalievna*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Ph.D., associate professor, Osh State University*

**Токтогулова Н.М**
*Токтогулова Н.М*
*Toktogulova N.M*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master’s student, Osh State University*

# НУРМОЛДОНУН НРАВАЛЫК-ЭТИКАЛЫК ИДЕЯЛАРЫ

**Аннотация**

Тарыхка кайрылсак кат-сабаты жоюлбаган ата-бабаларыбыз көркөм өнөрү менен таалим-тарбия берип келгенине күбө болобуз. Бирок, илим-билим, техника өнүккөн доордогу коомдо бир катар кемчиликтер оркойуп чыга келди. Маданиятсыздык, чала сабаттуулук, адеп-ахлактын төмөндөшү, ыймандын азайышы, жырткычтык сапаттардын күчөшү, кайдыгерлик, ыпластык улам өсүп баратат. Коомубуз рухий кризиске туш болду. Мындай шартта келечек муундарга нуска болуп бере турган улуттук дөөлөттөргө, элдик рухий асыл нарктарга жана жалпы адамзаттык рухий кенчтерге кайрылуу, аларды турмушта колдонуу учурдун талабы болуп калууда. Себеби, руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому. Рухий кризисттен чыгуунун жолу Конфуцийдин сөзү менен айтканда элдик каада-салтты жандандыруу, жайылтуу, “каада-салт бар жерде гана ыйман да күчтүү”.

***Ачкыч сөздөр:*** каада-салт, дин, философия, рухий кенч, рухий кризис.

## *НРАВСТВЕННО-ЭТИЧЕСКИЕ ИДЕИ НУРМОЛДО*

**Аннотация**

Если обратиться к истории, можно обнаружить что воспитание наших предков во многом основывалось на устном художественном творчестве. Однако, в обществе где процветает наука и техника был выявлен целый ряд недостатков. Такие качества как невежество, безграмотность, безнравственность, равнодушие, жестокость все продолжают усиливаться. Можно смело сказать, что современное общество столкнулось с духовным кризисом. В этом контексте настало время обратиться к национальным духовным ценностям и общечеловеческим духовным сокровищам, которые послужат образцом для будущих поколений, и применять их на практике. Это потому, что человеческое общество без духовности есть общество существ. Выходом из духовного кризиса является воссоздание и распространение народных обычаев и традиций, по выражению Конфуция, «где процветает народная мудрость, там сильнее нравственность».

***Ключевые слова:*** традиция, религия, философия, духовное наследие, духовный кризис.

## *ETHICAL AND MORAL IDEAS OF NURMOLDO*

**Abstract**

If we turn to history, we can find that the upbringing of our ancestors was largely based on oral art. However, in a society where science and technology flourishes, a number of shortcomings have been identified. Such qualities as ignorance, illiteracy, immorality, indifference, cruelty all continue to increase. We can safely say that modern society is faced with a spiritual crisis. In this context, the time has come to turn to national spiritual values and universal spiritual treasures, which will serve as a model for future generations, and put them into practice. This is because human society without spirituality is a society of beings. The way out of the spiritual crisis is the reconstruction and dissemination of folk customs and traditions, according to Confucius, "where folk wisdom flourishes, morality is stronger there."

***Keywords:*** tradition, religion, philosophy, spiritual heritage, spiritual crisis.

XXI-кылым илимий-техникалык прогресс жогорку чекке жеткен, эл аралык коммуникациялык бирдиктүү система түзүлгөн, адамзат коому дүйнөлөшкөн кылым болуп калды. Бирок, дүйнөлөшүү доору өзүнүн терс көрүнүшү катары чоң проблемаларды да пайда кылды, алсак адамзат коому эң жогорку руханий жакырлануу, бузулуу, булгануу чегине жеткендиги жашыруун эмес. Руханий жакырчылык адамзатты деградацияга, өлүк маданиятка, жапайы цивилизацияга, экологиялык бузулууга алып келди. Коомдо адамдык рухий нарк-насил кеткенде: адамдар рефлексттик каалоолорго моюн сунуп, коомдук турмушта аморалдык кылмыштар көбөйүп, ач көздүк, адилетсиздик, кайрымсыздык, адам өлтүрүү, бачабоздук, зордук-зомбулук, кароосуз калуу, жетим калуу, баңгилик, аракечтик, дене сатуу, адам сатуу сыяктуу проблемалар тамырлашарын турмуш далилдеп көрсөтүүдө. Андыктан учурдун эң көйгөлүү проблемасы-бул жалпы адамзаттын руханий жакырчылыгын жоюу, рухий нарк-дөөлөттөрүн көтөрүү, адамдык нравалык моралды кайра жаратуу, коомдук турмуштун дүйнөлөшүп бараткан аморалдык, жапайылык, уятсыздык жактарын токтотуу, келечек муунду туура калыптандыруунун жолу катары рухий баалуулуктардын мазмунун ачып көрсөтүү макаланын максаты болду.

Байыркы замандан баштап ушул күнгө чейинки ойчулдар өздөрүнүн философиялык дүйнөгө болгон көз караштарын көркөм чыгармаларында, илимий эмгектеринде мисалы: Сократ, Конфуций сыяктуу даанышмандар кыскача учкул сөздөрү (афоризмдер), диалогдору аркылуу билдирип келишкен. Дүйнөгө болгон көз караштарын, философиясын билдирүү ойчулдар тарабынан ар түрдүү формада, анын ичинде көркөм чыгармалар аркылуу берилиши (Ж.Баласагын, М.Кашкари, Асан Кайгы, кийинчерээк даанышмандар Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Нурмолдо, Жеңижок) мыйзам ченемдүү көрүнүш болуп эсептелет. “Эл канчалык көп убакыт жашаса, элдик тарбиялоо ошончо убакыт кошо жашап келген”,-[1, 29б] деп улуу орус педагогу К.Д. Ушинский туура белгилегендей, элдик тарбиянын изи тарыхтын байыркы тереңине сүңгүп кетет. Демек, биринчи тарбиянын элементтери элдин турмушунан, күнүмдүк практикасынан алынган десек жаңылыштык болбойт.

Кандай кырдаал болсо да ар бир улут, ар бир эл өзүнүн идентификацияланууусун издеп, руханий асылдуулуктары аркылуу гана дүйнөлүк маданиятта өзүн сактап калаары шексиз. Албетте, ар бир элдин өзүнүн улуттук бай традициялары бар. Алсак, айрым эл өздөрүнүн өткөндөгү маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, музыка, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ой-кыялын, максатын, көркөм өнөрүндө: санат-дастандарында, жомокторунда, эпосторунда, айтыштарында, ырларында, күүлөрүндө жана макал-лакаптарында сактаган. Демек, руханий жакырчылыктын жолуна түшпөй, өткөн тарыхыбыздагы улуу инсандардын, жалпы эле кыргыз элинин жашоого, өнүгүүгө болгон акылман мурастарына таянуу менен учур талабына дал келе турган рационалдуу жолдорду таап, келечек муундарды рухий кризистен сактап калуу мүмкүнчүлүктөрү бар экенине ынансак болот.

Улутубуздун тарыхый жашоо тажрыйбасынын квинтэссенциясы топтолгон элдик бай мурастары биз үчүн көөнөргүс рухий дөөлөт. “Түркүн жылда, түркүн заманда өз убагына жараша зиректер миң жылдап жыйылган элдин мүлкүн өздөштүрүп, колдорунан келишинче өнүктүрүп, көркүнө көрк кошуп шөкөттөп, ар түркүмдөнтүп келишкен. Өзүнчө өңү, өзүнчө тили бар бир тайпа калк болгонунан бери катсыз келген бул калкта сөз өнөрүндөгү төкмөлүк өзүнүн турмуш жагдайына, ой санаасына ылайык көрүнүш болгон. Ойлору кагаз аркалуу эмес,

төгүп ырдоо менен жаралып, элге таралып, төкмө ырчы бойдон келе беришкен. Бул ырчылар бүтүндөй бир журттун теңир таануу, дүйнөнүн башы менен аягы, жашоо эрежеси, зорлук менен боорукерлик түшүнүгү, элчилик, достук парызы, деген ой туйгуларын, ой жыйымдарын бир өзөккө жүз тилик тасманы бир өргөн сыяктуу бир бүтүн жумуру фалсафа тизимге жыйнашкан” [2, 550б.].

Андай дөөлөттөр тутумун ойчулдук, чечендик, көрөгөчтүк, мүдаристик ишмердиктер аркылуу философиялык көз караштарды өзүнө сиңире алган даанышман Нурмолдо Наркулдун чыгармачылыгын айтсак болот. Ал XIX-кылымдын аягы XX-кылымдын башында (1838–1920) Ала-Букада жашап өткөн улуу акын, акын гана эмес, учурунда дубанга белгилүү мударис, медреседе бала окуткан таланттуу агартуучу-педагог да болгон. Анын өз тушунда окуу-тарбия ишинде көрсөткөн өрнөк-таалими жана калтырган этикалык-нравалык идеялары биз үчүн табылгыс мурас. Окуучу, шакирттеринин эскерүүлөрүнө таянсак, Нурмолдо маданияты бийик, чебер устат болгон.

Элден дин безер, эссиздер ырыс кесер,
Бирдин кесепети миңге - миңдики түмөнгө өтөр.
Эченден кун кетер, эселектер баш кесер,
Ыйман асманга безер, ошондо жакшылар,
Сактантса сактандыңар, сактантпаса карыңар
Акыр заманга капталдыңар,- [3, 62 б.]

деген ыр саптары дүйнө өнүгүп, өзгөргөн сайын улам жаңы маданият үстү-үстүнө кошулуп отуруп бүгүнкү күндөгү кыргыз коому кептелген көйгөйлүү көрүнүш пайда болуп, кыргыз дүйнөнү кыргыздын көзү менен көрбөй, таанымбай кала турганын туйгандай, коомдук өнүгүүгө объективдүү маани берип жакшылык менен жамандыкты, адал менен арамды туура аңдап билүүгө, адеп-ахлакка, этияттыка, тартипке чакырган коңгуроодой угулат.

Нурмолдонун түшүнүгүндө “билим” адамдын аң-сезимин өстүрүүчү, таанып билүүсүн өркүндөтүүчү жана анын негизинде адеп-ахлакты калыптоочу күчкө ээ жана коомдун рухий деңгээлин көтөрүүдө негизги орунда турат. Билим, агартуучулук адамзат коомунун ар кандай формасынын маданий динамикасындагы негизги фактор болуп саналат. Дегеле маданият түшүнүгүн билимсиз, агартуусуз элестетүүгө болбостугун:

Башыңа кыйын иш түшсө,
Акылман табат айласын.
Марткерлер чыкса калкындан,
Жалпы журт көрөт пайдасын, - [3, 67 б.]

деп айтканынан адамды байлык-мансабына эмес, алган билимине, ички маданиятына карап баа берүү кылым кыйырын кечкен кыргыз салты болуп келгенин баамдоо кыйын эмес. Ушул улуу салтты ыйык туткан эл нечен доордун кыйырын басып өтүп, кандай күн болбосун, ар качан билимге, маданиятуулукка умтулганы, тарбияга маани берип жашап келишкени көрүнүп турат.

Нурмолдонун чыгармачылыгы элдин тагдырын ар тараптуу: жашоо-тиричилик, жоопкерчилик, үй-бүлө шарттары, салт-санаа, социалдык-коомдук турмуш жана башка ушул сыяктуу маселелерди кеңири жана толук камтыган даанышмандык поэтика гана эмес, бүткүл кыргыз элинин этноруханий казынасы десек ашыкча болбос. Анда өткөндүн үнү гана эмес,

жаңынын жаңырыгы да бар, патриоттук сезимдерди ойготуп, Мекенди көздүн карегиндей сактоого, улут үчүн кам көрүүгө, жигиттик намыс үчүн күрөшүүгө:

Чындыгы үчүн коомдун,
Карабаймын көзүңө.
Жөн-жайын билбей касташсаң,
Жаным курман элиме!- [3, 70 б.]

деген чакырыктар жатат. Акын өмүрүнүн акырына чейин агартуучулук чыгармачылык ишмердүүлүгү менен өз элинин сабаттык, билимдик потенциалын, рухий деңгээлин көтөрүүгө, байыртадан калыптанып, толукталып келаткан этномаданий баалуулуктарды сактап калууга жана өнүктүрүүгө чын дилден аракеттенген.

Тарбия адамдардын инсандык калыптанышындагы өтө татаал процесс экени баарыбызга белгилүү. Ал моралдык укук жана нормаларды, баалуулуктарды өз ичине камтыйт, андыктан туура тарбиялоо, келечекке туура багыт берүү өз мезгилине, коомдун өнүгүп-өзгөрүүсүнө жараша болоорун эрте эле эске салгандай:

Обонун таап ырдасаң, үнүң болгой замана,
Тарбияңа жараша уулуң болгой замана [3, 91 б.].

Албетте, салт-санаа муундан муунга өтүп, өзүнүн нукуралыгын жоготпойт жана эл унутпай, колдонуп, сактап келгени менен баалуу. Анын тамыры тереңге кетет, өзөгү мурдатан калыптанып келген, бирок мезгилдер өткөн сайын каада-салттар да өзгөрүлүп барат. Бул нерселер нормалдуу эле көрүнүш, анткени илгерки мезгилдеги салттар менен кийинки мезгилде пайда болгон жаңы жөрөлгөлөрдүн арасында айырмачылыктар арбып, күн сайын жашоо өзгөрүлүп баратат. Ааламдашуу шартында чек аралар акырындык менен жоюлган сыяктуу, маданий чек аралар да билинбей жоголуп барат.

Учурда компьютердик программалар басымдуулук кылып, руханий-ыймандык өнүгүү четтеп, пайда болгон вакуумду Батыштык маданияттын стандарттары жана ирээтсиз стихиялуулук ээлеп бараткандай. Бугунку интернеттеги ылганбаган маалыматтар, музыка, оюндар өспүрүмдөрдү тез эле азгыра алды. Андыктан, коомду каптаган рухий кризистин шартында жаштарды тарбиялоого нуска болуп бере турган улуттук дөөлөттөргө, элдик рухий адептик-ыймандык асыл нарктарга жана жалпы адамзаттык моралдык-нравалык кенчтерге көңүл буруу мезгилдин талабы болуп калууда. Нурмолдонун:

Заман жаман дегенге, зарлап кайгы жегенге,
Табыш лаазым бир айла,- [3,55 б]

дегениндей, массалык маалымат каражаттарында, теле-радиодо улуттук колориттеги берүүлөрдү көбөйтүү, жеткинчектер үчүн атайын берүүлөрдү уюштуруу, орто мектептерде жана ЖОЖдордо этика-эстетика, адеп сыяктуу сабактарга басым коюу, (кино, искусство, музыка, театрды өнүктүрүү, алар аркылуу коoздукту, сулуулукту, гармонияны таанытуу) коомдук иш-чараларды уюштуруу, жарнамаларды чыгаруу, жайылтуу учурдагы актуалдуу маселелердин бири.

Тарыхый мурастар улуттун маданий баалуулуктар казынасын калыптоо менен бирге эле коомдун социомаданий өнүгүүсүнүн өзөгүн түзүп турат. “Элдик мурасты үйрөнүү - маданиятты диалектикалык түшүнүүгө, коомду ыймандык тазалоого көмөк көрсөтүүчү

байыркы наркталган баалуулуктарды көздүн карегиндей сактоого, ошондой эле өткөн муундардын тажрыйбаларын өздөштүрүүгө, азыркы учурду таанууга жана келечекти көрө билүүгө ачкыч болуп саналат” [4, 49 б.].

Демек, улуттун рухий дөөлөттөрүн терең өздөштүрүү, аны пайдалануу учурдун инструктивдүү идеологиялык ориентири болору талашсыз. Албетте, биз өз каада-салтыбызды, маданиятыбызды, тарыхыбызды коргоп, сакташ үчүн дайыма, ар убакта аракет көрүшүбүз керек, анткени рухий баалуулуктардын түгөнгүс булагы - элдин өзү. “Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому”. Улуу Кытай философу Конфуцийдин сөзү менен айтканда: “Рухий кризисти чечүүнүн жолу элдик каада-салтты колдонуу, каада-салт бар жерде гана ыйман да күчтүү” [5, 279б].

**Колдонулган адабияттар**

1. Байгазиев С. – Педагогикалык руханият – Бишкек, 2008; 29, 25 б-т.
2. Касымбеков Т. Кел кел. – Бишкек,- 2019. 550б.
3. Итигулова Ж.К. “Нурмолдо Наркулдун дүйнөтаанымына тарыхый-философиялык анализ” диссертация- 2007, 62; 67; 70; 87; 91б.
4. Нарынбаев И.А. Возникновение и развитие философии как науки в Кыргызстане. – Бишкек, – 2000. 49б.
5. Душенко К.В. Мысли и изречения древних. –Мосвка, - 2008. 279б.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 21-27

***ФИЛОСОФИЯ***

**УДК: 1 (091) 124.2**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_4

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДА ДИНДЕРДИН ТОГОШУУСУ ЖАНА КАРЫМ-КАТЫШЫ (ОРТО КЫЛЫМДАР МИСАЛЫНДА)

## ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ И ВЗАИМОСВЯЗЬ РЕЛИГИЙ В РЕГИОНЕ КЫРГЫЗСТАНА (НА ПРИМЕРЕ СРЕДНЕВЕКОВЬЯ)

## INTERACTION AND INTERCONNECTION OF RELIGIONS IN THE REGION OF KYRGYZSTAN (THE EXAMPLE OF THE MIDDLE AGES)

**Исаков Кубанычбек Абдыкадырович**
*Исаков Кубанычбек Абдыкадырович*
*Isakov Kubanychbek Abdykadyrovich*

**ф.и.д., профессор, Ош мамлекеттик университети**
*д.ф.н., профессор, Ошский государственный университет*
*Doctor of Philosophy, Associate Professor, Osh State University*
isakov-oshgui@mail.ru
ORCID: 0009-0007-2035-0453

---

**Реимов Рустем Мамбеткаримович**
*Реимов Рустем Мамбеткаримович*
*Reimov Rustem Mambetkarimovich*

**ф.и.д., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*д.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Associate Professor, Osh State University*

---

**Бойтоева Салтанат Саитовна**
*Бойтоева Салтанат Саитовна*
*Boitoeva Saltanat Saitovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
saitovakg@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАГЫНДА ДИНДЕРДИН ТОГОШУУСУ ЖАНА КАРЫМ-КАТЫШЫ (ОРТО КЫЛЫМДАР МИСАЛЫНДА)

**Аннотация**

Дүйнөлүк маданяттын өнүгүү процессинде таза маданиятты кешдештирүү кыйын. Тарых күбөлөгөндөй бир элдин маданиияты башка бир элге өтүп өнүгүүгө ээ болгон. Ошондуктан да орто кылымдарда Чыгыш-Батыш маданияттарынын өз ара тыгыз коммуникациясы күчөп, бирин-бири толукташып турган. Башкача айтканда бул мезгилде руханий нарк-дөөлөттөрдүн карым-катнашынын күч алышынын негизинде «Борбор Азиялык цивилизация» жаралган. Бул чөлкөмдө мындай улуу маданияттын пайда болушуна ислам дининин жана ага чейинки салттуу диндердин да орду өзгөчө экендиги талашсыз. Ошондой эле бул макалада исламда жана ага чейинки диндердин доктриналарында моралдык-этикалык, нравалык жана социалдык нормалардын концепттери эле камтылбастан, тазалык, чындык, жакшылык, адилдик, асылдык ж.б.у.с. моралдык принциптерге сугарылган категориялар менен биргеликте кооздук, сулуулук, сүйүү өңдүү эстетикалык түшүнүктөр жана идеялдардын жобо-сентенциялары да даана белгилеген.

***Ачкыч сөздөр:*** Борбордук Тянь-Шань, будда, Жети-Суу, зороастризм, Сатук Богра Карахан, Караханийлер мамлекети, манихей конфессиясы, несториан-христиан конфессиясы, Саманид Наср, Саманийлер мамлекети, шаманизм.

---

## *ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ И ВЗАИМОСВЯЗЬ РЕЛИГИЙ В РЕГИОНЕ КЫРГЫЗСТАНА (НА ПРИМЕРЕ СРЕДНЕВЕКОВЬЯ)*

**Аннотация**

В процессе развития мировой культуры трудно сохранить чистую культуру. Как показала история, культура одного народа передавалась другому народу и развивалась. Вот почему в средние века тесная связь между восточной и западной культурами усиливалась и дополняла друг друга. Иными словами, в этот период создавалась «центральноазиатская цивилизация», основанная на усилении взаимодействия духовных ценностей. Нет сомнений в том, что место ислама и предшествующих ему традиционных религий является особенным для возникновения такой великой культуры в этом регионе. В данной статье рассматриваются не только понятия морально-этических, нравственных и социальных норм в исламе и доктринах религий до него, но и чистота, истина, добро, справедливость, благородство и т.д. Вместе с категориями, основанными на моральных принципах, четко определяются и эстетические понятия, такие как красота, любовь и идеалы.

***Ключевые слова:*** Центральный Тянь-Шань, буддизм, Семиречье, зороастризм, Сатук Богра Карахан, государство Караханидов, манихейское конфессия, несторианско-христианское конфессия, Саманид Наср, государство Саманидов, шаманизм.

## *INTERACTION AND INTERCONNECTION OF RELIGIONS IN THE REGION OF KYRGYZSTAN (THE EXAMPLE OF THE MIDDLE AGES)*

**Abstract**

In the process of development of world culture, it is difficult to preserve pure culture. As history has shown, the culture of one people was passed on to another people and developed. That is why in the Middle Ages the close connection between Eastern and Western cultures intensified and complemented each other. In other words, during this period a “Central Asian civilization” was created, based on the strengthening of the interaction of spiritual values. There is no doubt that the place of Islam and the traditional religions that preceded it is special for the emergence of such a great culture in this region. This article examines not only the concepts of moral, ethical, ethical and social norms in Islam and the doctrines of religions before it, but also purity, truth, goodness, justice, nobility, etc. Along with categories based on moral principles, aesthetic concepts such as beauty, love and ideals are also clearly defined.

***Keywords:*** Central Tien Shan, Buddhism, Semirechye, Zoroastrianism, Satuk Bogra Karakhan, Karakhanid state, Manichaean confession, Nestorian-Christian confession, Samanid Nasr, Samanid state, shamanism.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Караханийлер мамлекетинин түзүлүшүнө чейин Борбордук Тянь-Шанда жана Жети-Сууда жашаган элдер будда, христиан диндерине сыйынышкан. Мындан тышкары, алардын арасында шаманизм, зороастризм жана манихейизмдин калдыктары да сакталып келген. Х кылымда Баласагын шаарында ар кайсы өлкөлөрдөн келишкен соодагерлер будда, несториан-христиан жана манихей конфессияларынын миссионер өкүлдөрү бейпил турмуш кечиришкен. Бул мезгилде Борбордук Азиянын батыш бөлүгүндө борбор шаары Бухара болгон Саманийлер мамлекети турган.Анын эли мусулман динине баш ийген. Бул динди чыгыш тараптагы бутпарастык түрк элдерине жайылтуу уламдан-улам күчөй баштаган. Сатук Кара –хан Х кылымдын орто чендеринде Кашкарга качып келген Саманид Наср аркылуу ислам динин жашыруун кабыл алган. Мына ушул окуядан кийин Сатук Кара-хан ислам динин бул аймактагы элдерге күч менен тарата баштайт.

Ошентип, Х кылымдын экинчи жарымында Кашкар шаарынын айланасында, Борбордук Тянь-Шань жана Жети-Суу аймагында жаңы түрк каганаты болгон Караханийлер мамлекети түзүлөт да, ислам дини андагы элдерге таратылып, мамлекеттик негизги идеологияга айланат. Ислам динин кабылдоодо кыргыздардын көпчүлүк уруулары да четте калган эмес.

Бүгүнкү күнү элдердин карым-катнашы кулачын кенен жайып, ачык мүнөздө жүрүүдө. Бирок, ошол эле учурда маданияттар, анын ичинде диндер ортосундагы пикир келишпестиктер, атаандаштык да ачык эле өрчүп баратканы байкалат. Учурда мындай тенденциянын терс, зыяндуу залакасынан, кесепеттеринен сактануу, алдын-алуу үчүн өткөн тарыхыбызга кайрылуу пайдалуу. Анткени, жогоруда белгилегендей байыркы мезгилдерде Борбодук Азия регионунда ар түрдүү элдердин жана алардын диний ишенимдеринин аралашып жашоо тагдыры буйруган. Мына ушул аймакта шаманизмдин, теңирчиликтин, зороастризмдин, буддизмдин, христианчылыктын, манихейчиликтин, исламдын жана жергиликтүү элдердин салттуу ишенимдеринин негизги идеялары кесилишкен. Алардын бардыгы аталган региондогу элдердин руханий турмушунун негиздеринин бири болуу менен ***түркестан исламы*** деген синкретикалык кубулушту пайда кылган. Жергиликтүү культ жана ишенимдер менен болгон компромисс гана исламдын бул региондо бекем орношун камсыз кылган. Адистердин пикири боюнча, ислам менен органикалык жуурулушуп кеткен исламга чейинки ишенимдердин туруктуулугу жана ийкемдүүлүгү таң калтырат. Атеизм мамлекеттин позициясы болгон совет мезгилинде деле генетикалык жактан тээ исламга чейинки ишенимдерге барып такалган диний традициялар ортодоксалдуу исламдын нормаларына караганда зор туруктуулукту сакташкан.

Борбор Азия дүйнөлүк диндер менен локалдык культтардын өз ара таасир этүү жана бири-бирине сабырдуу мамиле кылуусу үчүн шарттарды калыптаган регион болгон. Ал нерсе шексиз түрдө бул аймакта жашап жаткан азыркы элдердин менталитетине терең из калтырган. Бул маселени ар тараптан илимий изилдөө бүгүнкү күндүн зарыл милдети десек ашыкча болбойт.

Бул аймактагы элдердин тагдыры татаал жана катаал болгонуна карабастан дал ушул элдер диний ишенимдер ортосундагы ынтымактын жана бири-бирин сыйлоонун, бири-бирине маданий көз каранды болуу менен бүтүндүктүн үлгүсүн көрсөтүшкөн.

Жалпы адамзат маданиятынын тарыхында мусулмандык чыгыш элдеринин орду өзгөчө. Бекеринен бул аймакты орто кылымдын тарыхчылары ***«дүйнөнүн көкүрөгү»*** деп аташкан эмес, бул жерде көптөгөн кылымдар бою дүйнөлүк цивилизациянын жүрөгү согуп турган.

«Мусулман» же «араб» маданий традициясы деп аталган Жакынкы жана Ортонку Чыгыштын маданияты түрк, перс, араб, индус ж.б. элдеринин маданиятынын синтези болуп саналат, буга байыркы элдердин ары-бери көчүп жашоосу, соода-сатык жана маданий байланыштары себеп болгон. Байыркы Чыгышта бул процесстер бат-бат кайталанып турган жана натыйжада бул маданияттын ичинде универсалдуулуктун түрдүү баскычтарынын компоненттери – жергиликтүү салт–санаалардан баштап дүйнөлүк маданияттын тарыхы үчүн маанилүүлүккө ээ традицияларга чейин жеткен. Мына ошондуктан жалпы араб–мусулман маданиятынын спецификасын жана өз алдынча оригиналдуулугун түшүнүү үчүн зороастризмден, христиан дининен, иудаизмден, буддизмден жана түрк көчмөндөрдүн дүйнө таанымдарынан тамыр алган маанилүү башаттарды бөлүп көрсөтүү зарыл.

Жакынкы жана Ортонку Чыгыш аймактарындагы ислам мезгилине чейинки маанилүү дүйнөлүк маданияттар зороастризм жана байыркы зороастризмдин жана христиан дининин синтезинин базасынын негизинде III кылымда перс динчили Мани тарабынан түзүлгөн Ортонку Чыгыштын диний агымы-манихейчилик болуп саналат. III-V кылымдарда манихейчиликтен бөлүнүп чыккан маздакизм дини Чыгыштын бардык аймактарына Индия, Орто Азия жана Жети-Сууга чейин тараган.

Белгилүү космополиттер философиялык-диний манихейчилик окуусун вавилондук, персиялык жана ошондой эле көптөгөн христиандык идеялардын үлгүлөрүн колдонуу аркылуу мифологиялык иррационализм менен формалдуу-логикалык далилдерди синтездеп байланыштырууга умтулушкан.

Манихейлер адамдын концепциясын иштеп чыгууда Кудай тарабынан берилген акылды жогору баалашкан.

Авестанын зороастризми – бул пайгамбар Заратуштранын окуусу. Анын окуусу дүйнөдөгү бардык нерсе эки карама-каршы лагерге - Ырайымдуулуктун жана Кастыктын дүйнөсүнө, Караңгылык менен Жарыкчылыктын падышачылыгына бөлүнөт деген пикирге такалат. Жарыктын, ырайым-мээримдин жана адилеттүүлүктүн дүйнөсү бул дуалисттик системада Ахура-Мазданы, ал эми Караңгылык жана Кастыктын дүйнөсү Ангра-Майнью билдирет. Ахура–Маздага бул карама-каршылык жана түбөлүк күрөштө күч-кубат жаратуучулар болгон тазалыктын жана боорукердиктин жаркын рухтары жардам берет[1].

Зороастризм этикасынын жана эстетикасынын үч принцибинин салыштыруусунда жана карама-каршы коюлуусунда мындайча этикалык триада айтылат: ак сөз, асыл ой жана адал иш, булардын табигый контрасты – жаман сөз, начар ой жана жаман иш.

Иудейлердин ыйык китебинин биринчи эле беттеринде Кудай өзү жараткан жаратылышты суктануу менен карап «Тоб» дейт, бул «жакшы», «кооз», «татынакай» дегенди билдирет. Кооздук сырткы дүйнөнүн, жалпы эле бардык нерсенин ажырагыс бөлүгү катары кабыл алынат. «Тоб» жан дүйнөнү, материалдык баалуулуктардын жандануусун чагылдыруучу эстетикалык категория. «Соломондун даанышмандыгына» ылайык адамдар

[1] Авеста. /Перевод И. Стеблин – Каменского, - М.: Дружба народов, 1993. – С. 70.

татынакай көрүнгөн нерсеге кызыгышат, ага ишенишет (түсү ийгиден түңүлбө)[2]. Сулуулуктун маңызы же «Тобо» «Көөнө осуятта» дүйнөнүн гармониясынын белгиси жана материалдык жан дүйнөнүн башталышы катары берилет. Мына ошондуктан да Библияда кооздук жана сулуулук Свет-Светоч (жарык, жарык чачуучу) деп айырмаланат.

Библияда кооздуктун эки концепциясы – реалисттик жана диний көз караштары жанаша жашайт. Александрия иудей мектебинин улантуучулары агадисттердин чыгармачыл фантазиясында – кооздук, сулуулуктун жарык нурун чачышы эң жогорку ички дүйнөнүн сулуулугу менен кооздуктун материалдык кубулушунун орток байланыштыруучу звеносу катары карашкан. Мына ошондуктан Библия жана Агада кооздуктун сезимдик жана акылдык түрлөрүн бөлүп көрсөтүшөт.

Чыгыштын көчмөн маданияты ачыктык, ак көңүлдүк жана меймандостук касиеттери менен константинополдук епископ Несторийдин жолун жолдоочу несториан-христиандардын өз аймагына киришине жол берген, алар Несторийдин өлүмүнөн кийин куугунтукка алынган болчу. Несториандар негизинен Персияга, Орто Азияга жана Жети-Сууга көчүп келип жайгашышкан.

Академик В.В. Бартольд: «X-XIII кылымдарда Кулжа аймагынын чыгыш жагында көпчүлүк ислам динин тутунган эмес, анын үстүнө, мусулмандар жашаган жерлерде башка диндегилер да көп болгон, мисалы, Жети-Суу, Пишпек жана Токмокто табылган мүрзөлөр Чүй өрөөнүндө несториан айылдары болгондугун көрсөтөт, Коялыктын (азыркы Талды-Коргондон алыс эмес) түндүк тарабында несториандар жашаган жана өздөрүнүн чиркөөсү болгон аймакка 1253-жылы Рубрук барган», - деп жазат[3].

Куугунга айдалган несториандар грек тилине жана официалдуу Византия чиркөөсүнө жек көрүү абалында болуп, өз эмгектеринде сирия (азыркы Сирия мамлекети жана алардын тилине тиешеси жок), андан кийин согдий тилдерин колдонушкан. Мына ушинтип антик маданияты аларга сирия тилиндеги котормосу аркылуу жеткен жана башка диндегилерге өткөн, алар болсо бул баалуулуктарды кабыл алып гана тим болбостон ийгиликтүү улантышкан.

Несториандардын каршылаштары монофизиттер да куугунтукталышкан, алар да несториандар сыяктуу эле өз көз караштарын жайылтуу үчүн сирия жана копт тилин колдонушкан. Христиан-несториандардын жана монофизиттердин мааниси алардын жардамы менен антик материалдарынын, болгондо да, сирия тилиндеги кийинки муундарга жана башка элдерге текст түрүндө жеткендиги анык. Айрым билимдүү адамдардын эки тилди билүүсү аркылуу байыркы грек филсофторунун мурастарынын кеңири тарай башташы жаралган. Адегенде ислам динин кабыл алган сириялык-несториандардын аракети менен Аристотелдин философиялык багыттагы чыгармалары, Галендин медициналык трактаттары сирия тилинен араб тилине которулган. Котормочулардын экинчи мууну материал тандоо боюнча мурдагыларга караганда эркин болуу менен антикалык табигый-илимий жана философиялык изилдөөлөрдү которуу боюнча чоң эмгек кылышып, орто кылымдагы араб тилиндеги философиянын келечеги жана калыптанышы үчүн кеңири жол ачышкан. Бул жумуштар Аль-

[2] Рационалистическая традиция и современность. Ближный и Средний Восток. – М.: Наука. Главная редакция восточной литературы, 1990. – С. 78.
[3] Бартольд В.В. Кыргызы: Исторический очерк. //Соч. – Т. 2, ч. 1. – М.: 1963. – С. 61.

Мамун халифтин колдоосу менен негизделген Акылмандыктын Үйүндө аткарылган, бул үйдүн китепканасы илимдин бардык тармактары боюнча илимий эмгектер менен дайыма толукталып турган. Котормо жана баяндама жасоо иш-аракеттеринин гүлдөп өсүшү IX-X кылымдарга туура келет.

**Корутунду.** Сириялыктар жана анын маданияты орто кылымда дүйнөлүк тарых үчүн чоң мурас калтырды. Бул процесс Араб халифатынын түзүлүшү жана ислам дининин кеңири тарай баштаган мезгилинде өзгөчө өнүгүүгө ээ болду, Батыш менен Чыгыштын карама-каршылыгы күчөп, азыркы Орто Азиянын, Казакстандын аймагына ислам дининин жайылышы менен маданий байланыштар тоскоолдукка учурай баштаган. Мусулмандардын арасында жашап, бирок христиан идеологиясын тутунган сириялыктар Батыш менен Чыгыштын ортосунда илимий маалыматтардын жана маданий баалуулуктардын алмашуусунда ортомчулук кызматты аткарышкан. Сириялыктар арабдарды, перстерди, түрктөрдү антик илимдеринин мурастары – Платондун, Аристотелдин, Галендин, Гиппократтын эмгектери, манихейлердин идеялары менен тааныштырышкан. Орто кылымдарда Чыгыш философиясынын жана илиминин жогорку деңгээлде өнүгүшү байыркы грек маданиятынан үлгү алып, азыктанган узак процесстин натыйжасы экендиги талашсыз.

Ошентип бул мурастар Аль-Фарабинин, Ибн Синанын, Жусуп Баласагындын жана алардын жолун улантуучулардын көптөгөн трактаттарында колдонулду, иштелип чыгылды, жаңы сапаттарга, көз караштарга жана идеяларга ээ болду.

## Пайдаланылган адабияттар


1. Абдимиталип уулу, Н. (2023). О некоторых фольклорных элементах в словаре Махмуда Кашгари “Диван Лугат ат-Турк”. *Вестник Ошского государственного университета*, (2), 101-106. DOI: https://doi.org/10.52754/16948610_2023_2_12. EDN: LKPOYE.
2. Авеста. /Перевод И. Стеблин – Каменского, - М.: Дружба народов, 1993. – 207 с.
3. Аль Сардади (Кардауи) Юсеф. Ислам: дозволенное и запретное. /Пер. с араб. З. Арухова, Р. Гаджиева. – Алматы: Онер, 1994. – 142 с.
4. Бартольд В.В. Кыргызы: Исторический очерк. //Соч. – Т. 2, ч. 1. – М.: 1963. – С. 471-543.
5. Буддизм. История и культура. – М.: Наука, 1982. – 227 с.
6. Веймарн Б. В. Искусство арабских народов (средневековый период). – М.: Искусство, 1960. – 199 с.
7. Закиров, М., Закирова, А., Сабиров, Р., & Чыналиева, М. (2022). Распространение Ислама у кыргызов. *Вестник Ошского государственного университета. История*, (1), 38-47. DOI: https://doi.org/10.52754/1694867X_2022_1_5. EDN: VGAVNC.
8. Исаков , К., & Жалалов , Э. (2023). Вклад выдающегося ученого-мыслителя восточного ренессанса Абу Райхан Беруни в мировую науку. *Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология*, 1(1), 13-22. DOI: https://doi.org/10.52754/16948823_2023_1(1)_3.
9. Ислам. Историографические очерки. – М.: Главная редакция Восточной литературы, 1991. – 288 с.
10. Ислам: Кыскача маалыматтама. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 144 б.
11. Крачковский И. Ю. Избранные сочинения. – Т.1. – М.; - Л.: 1956. – С. 196.

12. Померанцева Л. Е. Поздние даосы: о природе, обществе и искусстве. – М.: 1979. – С. 139, 205, 241.
13. Рационалистическая традиция и современность. Ближный и Средний Восток. – М.: Наука. Главная редакция восточной литературы, 1990. – 280с.
14. Сагадеев А. В. Очеловеченный мир в философии и искусстве мусульманского средневековья. //Эстетика и жизнь. – Вып. 3. – М.: 1974. – С. 462 – 463.
15. Темиралиева, Г.Т. (2021). Өзгөн тарыхый-архитектуралык комплекси Ислам архитектурасында. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 3, No. 3, сс. 102-111. EDN: MMPPRU.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 28-33

***ИСКУССТВО***

**УДК: 398.54**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_5

# ФОЛЬКЛОР – УЛУТТУК ӨНӨРДҮН КӨРӨҢГӨСҮ

## УЮТ НАЦИОНАЛЬНОГО ИСКУССТВА – ФОЛЬКЛОР

## COMFORT OF NATIONAL ART – FOLKLORE

**Боронбаев Ажимамат Жусупович**
*Боронбаев Ажимамат Жусупович*
*Boronbaev Ajimamat Jusupovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*
mailto:azimamatb@gmail.com

---

**Калыбеков Аскер Ибрагимович**
*Калыбеков Аскер Ибрагимович*
*Kalybekov Asker Ibragimovich*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# ФОЛЬКЛОР – УЛУТТУК ӨНӨРДҮН КӨРӨҢГӨСҮ


**Аннотация**

Бул эмгекте адамдын колуна урунган ташты, топуракты, жыгач-отунду жана аны кармануудагы аң-сезимдин материалдык жана материалдык эмес маданияттарынын жаралуусуна маани бергибиз келди. Анда, элдин колуна эмерек катары карманып, жашоосунда курал-аспап сыпатында сакталып калган өнөрдүн сакталуу ыкмаларын, жөрөлгө-өбөлгөлөрүн, күнүмдүк колдонуп жүргөн эмеректердин жардамында жандуу чыгармачылыгы, адамдын жашоосунда түздөн-түз таасирин этүүчү урунттарды табууга далалат жасадык. Аң-сезимдин калыптанышында парасаттуулукка, улуттук көрөңгөлөрдүн таасири астында маданияттуулукка кептелип калган адам, андан кийинки жашоосун ата-бабаларыбыздын асыл-ой, ак эмгектеринин салттык эрежесин кармануу менен учук улап келгенин бүгүнкү күндүн фольклор жыйнагынан байкоого болот. Фольклор – үй. “Үй” - руханий жана материалдык маданияттын негизги ордосу. Андагы үрп-адат, каада салттардын жардамы менен улуттун жүзү, барлыгы, улуттар аралык байланышы аныкталып турат. Ал формасын өзгөртүү менен түрдүү доорду ээлеп, кылымдын алмашуусуна жаңырык катары кызматын жаңылап келет. Алсак, таш доорунда – жаргылчак таш,таш кесе; коло доорунда – жез най, феодалдык доордо – керней-сурнай, сыбызгы ж.б.у.с. Доордун алмашышы менен элдин “журт” ордун тактап, улуттук көрөңгөсүн сактаганга көмөкчү болот. Улуттук аспаптар улуттук-фольклордук чыгармачылыктын короосуна топтолот, жаңылануудагы башат болуп, аткаруучулукта рухий кабылдоодо таасирин берип келет.



***Ачкыч сөздөр:*** чыгармачылык, талант, үйлөмө аспаптар, аткаруучулук, сыбызгы, чопо-чоор, улуттук генезис, эл чыгармачылыгы.


### *УЮТ НАЦИОНАЛЬНОГО ИСКУССТВА – ФОЛЬКЛОР*


**Аннотация**

В данной работе мы хотели придать значение созданию материальной и нематериальной культуры сознания камня, почвы, дерева и дров, попавших в руку человека. Таким образом, мы продемонстрировали методы сохранения искусства, ритуалов и традиций народа, которые сохраняются в руках людей как мебель, и живое творчество с помощью мебели, которую они используют ежедневно. Из сегодняшнего фольклорного сборника можно заметить, что человек, опиравшийся на здравый смысл в формировании сознания, культуры, под влиянием национальных представлений, следовал традиционным правилам благородных помыслов и благих дел наших предков. Фольклор – дом (уют). «Дом» — главное место духовной и материальной культуры. С помощью ее обычаев и традиций определяются лицо нации, ее существование, межнациональные отношения. Он меняет свою форму и вступает в другую эпоху, возобновляя свою службу как отголосок рубежа веков. Например, в каменном веке – точильный камень, каменная чаша; в бронзовый век - медную трубку, в феодальный век - трубы, свистки и т. д. При смене эпохи «нация» народа помогает прояснить место и сохранить национальное видение.



***Ключевые слова:*** творчество, талант, духовые инструменты, исполнительство, флейта, глиняная дудка, народный генезис, народное творчество.


### *COMFORT OF NATIONAL ART – FOLKLORE*


**Abstract**

In this work, we wanted to attach importance to the creation of a material and immaterial culture of consciousness of stone, soil, wood and firewood that fell into the hand of a person. Thus, we have demonstrated methods of preserving the art, rituals and traditions of the people, which are preserved in the hands of people as furniture, and living creativity through the furniture that they use on a daily basis. From today's folklore collection, one can be notice that a person who relied on common sense in the formation of consciousness, cultural under the influence of national ideas, followed the traditional rules of the noble thoughts and white deeds of our ancestors. Folklore – home (comfort). “Home” is the main place of spiritual and material culture. With the help of its customs and traditions, the face of a nation, its existence, and interethnic relations are determined. It changes its form and enters a different era, resuming its service as an echo of the turn of the century. For example, in the Stone Age - a grindstone, a stone bowl; in the Bronze Age - a copper pipe, in the feudal age - trumpets, whistles, etc. When eras change, the “nation” of a people helps clarify the place and preserve the national vision.



***Keywords:*** creativity, talent, wind instruments, performance, flute, clay pipe, folk genesis, folk art.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Аң сезимдүү адам баласы жашаган доорлордун катмарында колдонулуп келген материалдык жана материалдык эмес маданияттардын жаралуу процесси жаңылануунy талап кылып келээри дайын. Инсандын жашоо турмушундагы күнүмдүк колдонуп келген үй тиричилигинде колдонулуучу эмгек куралдар анын жыйындысы. Алсак, жылкы кармоо үчүн – укурук, кой кайтаруу үчүн - асатаяк, мал-жанды коргоо үчүн - ышкырык, кыйкырыктар колдонулган. Ошол эле учурда паранда (куш, кекилик, улар, тоок ж.б.) чакыруу максатында дарактардын кабыгы же камыштар пайдаланылган. Мындай көрүнүштөр түгөнгүс башат жана унутулгус табылгалар болуп эсептелинет. Табият менен адам байланыштарынын тынымсыз учук-улап келиши үрп-адатка, каада-салтка айланып, акырындык менен улуттун карманyудагы олжосу, тутунуудагы музыкалык аспаптары болуп калды. Анын жыйынтыгы, салттуу комуз, кыяк, урма аспаптар жана үйлөмө аспаптардын жаралышына себеп болду окшойт.

Кыргыз коомчулугунун калыптанышында улуттук музыкалык аспаптардын түрүн өздөрүнүн жашоо шартына, учурдун талабына ылайык кылып жасап алган сыяктанат. Анткени, колдонулуп келинген ар бир аспабынын жаралуу тарыхы жөнүндө өзгөчө мифологиялык, таң калыштуу тарыхый жаралуулар бар. Алардын жаралуусу чындыкка жакын экенине элибиз өтө чоң маани беришкен.

Кыргыз улуту жөнүндө сөз баштаардан алдың ар бир илимпоз “көчмөндүк жашоо” образын элестетишет. Жаралууда, калыптанууда, турмушта эмнени карманышкан? Эмне менен алектенишкен? Эмнеге кызыккан? Үйлөмө аспаптар (сигналдык) - адамдарды коомдук иштерге чакыруу, мал айдоо, күзөтүү ж.б., ал арада - көркөм эстетикалык (көңүл ачуу, рахаттануу, кыйкырык салып ырдоо ж.б.) убакытты өткөрүүнү карманышкан. Кээ бир маалыматтарга таянсак, өткөн кылымдарда урма аспаптар менен кошо аскердик багыттар түзүлгөн. Мисалы: Манастын жүрүшү, Ормон баатырдын ак өргөөсүндө салттык аспаптардан куралган топтун кармалышы, элдин жашоо - тиричилигинин шаңдуу сезимде жана ой жүгүртүүсүнүн көңүлдүү болушуна шарт түзүлгөн деп айтсак болот.

XX кылым кыргыздын материалдык эмес маданияты үчүн чоң бурулушка кабылды. Орус маданиятын кабылдоо аны менен европа маданиятынын “евроцентрикалык” тушоосуна чүмбөттөлүү кыргыздын салттуу маданиятын карманып барууну бир аз басаңдатып жиберди. Алсак, жыйырманчы кылымдын 90 - жылдарына чейин үйлөмө аспаптар, комуз, кыл кыяк жана темир комузга салыштырганда көп тараган жок. Бул жагынан өсүү болгон эмес. Анын себеби, үйлөмө аспаптарды жасап чыгаруучу, аларды кайра жаңыдан иштеп чыгуучу атайын устаканалар, бедизканалар жокко эсе абалда болгон, жаштарды окутуп үйрөтүүнүн кесиптик мектеби курулбаган эмес.

Ошондой болсо да XX кылымдын экинчи жарымында өздөрүнүн аткаруучулук чеберчилиги менен эл оозуна алынган чоорчу аспапчыларыбыз Р. Сакеев (сыбызгы), М. Калжигитов (балтыркан чоор), С. Калчороев (ышкырык чоор, камыш сурнай) ж.б. кыякчы, чоорчу музыканттардын атынын аталып жүрүүсү барлык. Алардын устатчылыгы менен андан кийинки жаштар аз санда болсо да өнөр кармап, аспаптык фольклордун сейрек учуроочу көөнө салттык музыкалык чыгармаларына айланууда. Демек, бул аспаптар жөнүндө сөз уласак болот.

Үйлөмө аспаптар башында ***"чоордун"*** атын атап, элибиздин эң байыркы музыкалык аспаптарынын бири катары *чогойнодон, шилбиден, камыштан, бөрү карагаттан, сөөктөн, чоподон, жезден, балдыркандан* жана *темирден* жасалган түрлөрүнө анализ берүүгө болот. Аспап эмнеден жасалса ошол нерсенин аты менен аталып жез чоор, чопо чоор, чогойно чоор, камыш чоор, балтыркан чоор деп айтыла берген. Өнөр жолунда ар бири ар кандай көлөмдө, коздукта, чеберчиликте пайдаланылган. Көчмөндөргө тиешелүү үйлөмө аспаптарды түрк тилдүү элдерде, хакастарда, алтайлыктарда, тувалыктарда - шоор, казактарда - сыбызгы, башкырларда, татарларда - курай, өзбектерде -най, кош най, тажиктерде - түтүк, түркмөндөрдө - тюйдук деген аттарды карманышып, жасалышы, ойнолушу, добуштары боюнча чоор менен тектешет. Байыркы элдердин бир түркүмдөгү аспаптары пайдаланышы карманышкан мал-жанына, койчулук турмушуна түздөн-түз тиешеси бар. Андан сырткары жаратылыш менен үндөшкөн обондорду, күүлөрдү жаратышы да ушуга байланыштуу. Ал эле эмес, аспаптарынын тоналдуулугу анын диаметрине, узундугуна жараша болгон. Эгерде чоор узун жана жоон болсо, күүлөнүшү төмөн, ал эми тескерисинче, кыска же ичке болсо, күүлөнүшү жогору болот, туруктуу бирдей бийиктикке ээ эмес. Добушу анча катуу чыкпаса да, эң бир мукамдуу, назик, лирикалуу ыргагы менен өзүнө тарта алат. Чоор үнү ачык абада таза жана назик болуп жаңырып чыгат.

Кыргыз маданиятынын мураскору катары атактуу чоор аткаруучулар Шыгай, Бокеш, Кара чоорчу, Муратаалы, Өскөнбай өңдүү эл шайырларын айтып келебиз. Аларды улай Нарбай, Акжол, Асанбай атту чоорчулар чыккан деп айтылат. Бул чоорчулардын аткаруучулук жөндөмү, устаттыгы, тарткан күүлөрү бири экинчисине окшобогон мүнөздү карманышат. Алсак, Шыгай чоорчунун аткарган күүлөрү кадимкидей жылкыларын каалаган жерден чакырып, каалаган жакка бура бастыра алган деген сөздөр бар. Бокеш чоорчу учкан куштар менен сүйлөшө алган абалды карманат. «Бокеш аспабын тартканда асманда учуп бараткан каркыралар канат какпай токтоп калышчу экен». Ал эми Кара чоорчу аспабын сызгырылта тартканда жылкы аттуунун баары бүт жуушап, чоордун үнү басылганда бет-бетинен жайылып кетчү экен, сыяктуумактоолор айтылып жүрөт. Ушул сыяктуу адам түгүл жаныбарды ийиктирген, кыргыздын жүрөгүнөн орун алган керекмет үндүү чоордо негизинен анча татаал эмес, бирок, көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө тарта алган обон түрүндөгү кайрыктар, күүлөр жаралганы табияттын талабы окшойт.

С развитием национальной музыки, усложнением музыкального языка, токкатных построений, полиритмия, додекафония и политональность начинают занимать значительное место в произведениях композиторов. Например «Семь прелюдий-мгновений» К. Молдобасанова, Третья соната М. Бурштина, 24 прелюдии Ж. Малдыбаевой. Характерной чертой для фортепианного творчества кыргызских композиторов является следование за лучшими образцами русской, советской музыкальной культурой, которые обогатили содержание национальной музыки. Так, в произведениях национальных авторов можно проследить традиции, идущие от С. Рахманинова, Н. Метнера, А. Скрябина, Д. Шостаковича. При этом, данная преемственность существует в музыкальной форме и в интонационном строе, но не «перекрывает» национальное, не затушевывает истинный дух и сущность, свойственную кыргызской народности. Основные моменты, на которые стоит обратить внимание в кыргызской фортепианной музыке - это яркость, рельефность изложения, выразительное интонирование, точная передача национального колорита. Исходя из всего вышесказанного, мы можем подвести итог и выделить несколько аспектов воздействия русской культуры на кыргызскую фортепианную музыку:

***1. Образование и учебные программы:*** Многие кыргызские пианисты получали свое музыкальное образование в российских музыкальных учебных заведениях, таких как Московская и Санкт-Петербургская консерватории. Русская школа фортепиано предоставляла тщательное обучение технике и интерпретации, что помогло формировать высокий уровень профессионализма среди кыргызских музыкантов.

***2. Репертуар и стили:*** Русские композиторы, такие как Чайковский, Рахманинов, Прокофьев, Шостакович и другие, оказывали влияние на структуры и формы кыргызской профессиональной музыки. Изучение их творчества вносило разнообразие в стили, отражая различные аспекты русской музыкальной традиции.

***3. Фольклорные элементы:***

***аспекты:*** Русская школа фортепиано обращает внимание на техническое мастерство и виртуозность. Это влияние проявлялось в требованиях к технике игры, разнообразии технических приемов и сложности произведений. Технические аспекты композиции, такие как гармония, полифония и мелодика, были восприняты и адаптированы к местным музыкальным традициям.

***5. Эмоциональная глубина и выразительность:*** Русская музыка, особенно романтическая и советская, известна своей эмоциональной глубиной. Этот аспект воздействия повлиял на выразительность и индивидуальный стиль кыргызских пианистов.

***6. Обмен опытом и культурные связи:*** В период советского времени культурные обмены и взаимодействие между музыкантами из Кыргызстана и России способствовали

взаимопониманию музыкальных традиций. Кыргызстан был частью крупной культурной общности, и это содействовало обмену идеями и опытом в области фортепианной музыки. В результате этих влияний кыргызская музыка приобрела уникальное звучание, стала разнообразной и богатой, объединяя в себе элементы русской классической музыки, фольклора и национальных музыкальных традиций. Кыргызская фортепианная музыка тесно связана с народным музыкальным наследием. Ведь именно «народное – основа основ интернационализации, сближения и взаимопроникновения культур»

**Литература:**


1. Алагушов Балбай. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия. / Сүрөтчүсү М. Кадыров. – Б.: "Бийиктик", 2007. – 532 б. 479-б.
2. Бартольд В. Киргизы: Исторический очерк // Соч. Т. II, ч. 1. – М.,
3. Виноградов В. "Манас" // Советская музыка. – 1946. - №7; Киргизский народный речитатив // Вопросы музыкознания. – М., 1955; Эпос "Манас", его стих и напев // Музыка народов Азии и Африки. – М., 1981; Напевы "Манаса" // Манас. Кн. I. – М., 1984.
4. Затаевич А. 500 казахских песен и кюев. – Алма – Ата, 1931. – IV – б
5. Смирнов М. (Беляев В.) Творчество Муратаалы Куренкеева // Советская музыка. – 1949. – №2;

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 53-61

***ИСКУССТВО***

**УДК: 782/785**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_9

# АЗЫРКЫ ЗАМАНБАП МУЗЫКАНЫН ЖАШТАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

## ВЛИЯНИЕ СОВРЕМЕННОЙ МУЗЫКИ НА МОЛОДЕЖЬ

## THE INFLUENCE OF MODERN MUSIC ON YOUNG PEOPLE

**Осмоналиев Эмил Авазбекович**
*Осмоналиев Эмил Авазбекович*
*Osmonaliev Emil Avazbekovich*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
emil949596@gmail.com

---

**Абдувапова Гүлчехра Акылбековна**
*Абдувапова Гулчехра Акылбековна*
*Abduvapova Gulchekhra Akilbekovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*
abduvapovagulchehra105@gmail.com

# АЗЫРКЫ ЗАМАНБАП МУЗЫКАНЫН ЖАШТАРГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

**Аннотация**

Бул макалада XX - кылымдын аягы XXI - башында чыккан заманбап музыкалык жанрындагы ырлардын азыркы замандын музыка сүйүүчү жана угуучу жаш күйөрмандарынын психикасына жана алардын руханий жактан өсүшүнө тийгизген оң же тескерисинче терс таасирин тийгизип жаткандыгы туурасында кыскача баяндалат. Азыркы мезгилдин заманбап музасынын эстрадалык жанрындагы (хип-хоп, реп, поп, рок, джаз, ж.б.) жарык көрүп жаткан ырлардын сөздөрүнүн маани-маңызы, бири-бирине уйкаштыгы, обондорунун сөздөрүнө дал келүүсү, обондун уккулуктуулугу жана ал музыкалык чыгарманын клибине тартылган актёрлордун, бийчилердин же атайын тандалып алынган катышуучулардын аткарган ролу да эбегейсиз чоң мааниге ээ экендиги айтылат. Заманбап хит ырлар кыргыз, казак, өзбек, түрк жана чет элдик шоу-бизнес чөйрөсүндө жүргөн көрүнүктүү ырчы-обончу, композиторлордун аткаруусундагы эстрадалык чыгармаларды ар кайсы телеканалдардан, телерадио толкундарынан интернет желелеринен (YouTube, Instagram, Facebook, TikTok ж.б.у.с.) жалпы дүйнө элдерине тартууланып жаткандыгы жөнүндө да маалыматтар берилди.

***Ачкыч сөздөр:*** эстрада жанры, заманбап музыка, муза, шоу-бизнес, композитор, хит, хип-хоп, реп.

## *ВЛИЯНИЕ СОВРЕМЕННОЙ МУЗЫКИ НА МОЛОДЕЖЬ*

**Аннотация**

В данной статье кратко описывается положительное или отрицательное влияние песен современного музыкального жанра, а также на психику юных меломанов и слушателей и их духовный рост, выпущенные в конце XX - вначале XXI века. Значение слов песен, изданных в поп-жанре (хип-хоп, рэп, поп, рок, джаз и др.) современной музыки, их сходство между собой, соответствие мелодий со словами, созвучность мелодии и отрывки музыкального произведения. Говорят что большое значение имеет также роль, которую исполняют актеры, танцоры или специально отобранные участники. Популярные песни в исполнении известных авторов-исполнителей и композиторов из кыргызской, казахской, узбекской, турецкой и зарубежной сферы шоу-бизнеса с различных телеканалов, теле и радиостанций, а также из интернета (YouTube, Instagram, Facebook, TikTok и др.) были предоставлены всему миру.

***Ключевые слова:*** поп-жанр, современная музыка, муза, шоу-бизнес, композитор, хит, хип-хоп, рэп.

## *THE INFLUENCE OF MODERN MUSIC ON YOUNG PEOPLE*

**Abstract**

This article briefly describes the positive or negative impact of songs of the modern musical genre, as well as on the psyche of young music lovers and listeners and their spiritual growth, released at the end of the 20th - beginning of the 21st century. The meaning of the words of songs published in the pop genre (hip-hop, rap, pop, rock, jazz, etc.) of modern music, their similarity to each other, the correspondence of melodies with words, the consonance of the melody and excerpts of the musical work. They said that the role played by actors, dancers or specially selected participants are also of great importance. Popular songs performed by famous singer-songwriters and composers from the Kyrgyz, Kazakh, Uzbek, Turkish and foreign show business from various TV channels, television and radio stations, as well as from the Internet (YouTube, Instagram, Facebook, TikTok, etc.) were provided to the whole world.

***Keywords:*** pop genre, modern music, muse, show business, composer, hit, hip-hop, rap.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Музыка - инсандын ички дүйнөсүнө кандайдыр бир деңгээлде чоң таасир берип турат. Музыка адамзаттын бардык тарыхы менен тыгыз байланышта болот. Заманбап дүйнөдө музыка - бул жер бетиндеги көптөгөн адамдарды бириктирип турган нерсе деп айтылып келет. Кээ бир музыкалык жанрлар адамдын жашоо образын жана жүрүм-турумун аныктайт. Ааламда күн сайын миллиарддаган адамдар музыка угушат. Балким, алардын кайгылуу маанайынын себеби эртең мененки угулган лирикалык, классикалык музыка же турмуштун ачуу чындыгын ачып берген поп, хип-хоп, рэп стилиндеги музыка экенинен шек санабасак да болот. Демек, музыка биздин аң-сезимибизге жана жыргалчылыгыбызга таасир этеби? Албетте, таасир этет. Себеби; музыка - ар дайым адам баласынын жашоосунун ажырагыс бөлүгүнүн катарында жашап келет.

Учурда музыка уюлдук телефондор, онлайн агым кызматтары жана башка жаңы технологиялар аркылуу барган сайын жеткиликтүү болуп жаткандыктан, анын азыркы жаштарга тийгизген таасирин түшүнүү өтө маанилүү. Музыка инсандардын жанынын бир бөлүгү болуп калыптанып калгандыгын ачык айкын эле байкоого болот. Музыкалык каражаттардын табиятынан улам экспрессивдүүлүк, инсандын эмоционалдык чөйрөсүнө, адеп-ахлактык дүйнөсүнө моралдык жана психикалык жактан тийгизген таасири өтө чоң экендигин айта кетүүбүз керек. Ошондуктан изилдөөнүн негизги максаты: Азыркы заманбап музыкалардын жаштарга тийгизген таасири деп аталат.

Жаштар музыканы эмне үчүн жана кантип колдонушат? Жаштар музыканы ар кандай жолдор менен колдонушат:

- чыңалуудан же зеригүүдөн арылуу үчүн;
- чыгармачылык жол менен камсыз кылуу;
- алардын сезимдерин же маанайын башкарууга жардам берет;
- форманын идентификациясы (мисалы, музыканын артыкчылыктары топтун иденттүүлүгүн табуу жолу болушу мүмкүн);
- көңүл ачуу же алаксытуу катары.

Алардын музыканы тандоосу, ага болгон реакциясы, аны чечмелөө жаш курагына, маданиятына, улутуна жараша болорун да билдик. Мисалы, бир изилдөө көрсөткөндөй, жаш кыз-келиндер эркек балдарга караганда өздөрүнүн эмоционалдык абалын чагылдыруу үчүн музыканы көбүрөөк колдонушат (мисалы, көңүлү чөккөндө кайгылуу музыкаларды угуу). Ал эми эркек балдар стимулдаштыруучу музыкаларды (мисалы, өздөрүнүн позитивдүү образын түзүү же энергия деңгээлин көтөрүү үчүн) көбүрөөк угушат.

Эстрада (француз тилинен estrade, «сахна, аянтча») — ырдоо, бийлөө, сахнада цирк, иллюзионизм, баарлашуу жанры, пародия, клоундук сыяктуу тармактарды камтыган, негизинен популярдуу жана көңүл ачуу мүнөзүндөгү сахна искусствосунун бир түрү. Башка сөз менен айтканда, сахна эстрадалык ыр жанрын да, ошондой эле оозеки жана аткаруучулук искусствонун башка жанрларын да чагылдырган ар түрдүү чыгармачыл адамдардын тобу болуп саналат.

Кыргыз эстрадасы 20-кылымдын 60-жылдарынан баштап өнүгө баштаган. 1962-жылы Мамлекеттик филармонияда курамы 15 музыканттан турган атайын профессионал эстрада тобу түзүлгөн. Ал алгачкы кыргыз эстрада ансамбли болуп, анда комуз-прима, комуз-альт,

комуз-бас, аккордеон, басгитара, электр-орган жана урма аспаптар колдонулган. Ансамблди Ч. Кожомжаров жетектеген. Ал топтун музыкалык репертуарына кыргыз элдик обондору жана күүлөрү, композиторлордун эстрадалык ырлары, аспаптык чыгармалары кирген. Атап айтсак: Э. Мойдунов, Ш. Өтөбаев, Г. Мамашева, З. Шакеева, А. Сапаралиев, А. Исраилова, А. Базарбаева, А. Момунгазиев, К. Барктабасова, Н. Калназарова, А. Ибраев ж. б. ырчылар кыргыз эстрадасын түптөгөн. Эстрада өнөрүнө кызыгуу күчөп, окуу жайларда, айылдык, райондук, областтык маданият үйлөрүндө аваздык-аспаптык топтор уюштурула баштаган. 1975-жылы К. Кожомкулов уюштурган “Арашан”, 1980-жылы В. А. Пругло уюштурган “Наристе” вокалдык-аспаптык топтору пайда болгон. Кийин аткаруучулук профессионалдуулугу менен айырмаланган “Ариет”, “Досум Үсөн”, “Кыз бурак”, “Мурас”, “Биз тобу”, “Мээрим”, “Жаштык”, “Семетей”, “Арман”, “Гүлдесте”, “Аракет” аттуу вокалдык-аспаптык ансамблдер республикалык жана эл аралык конкурс, фестивалдардын лауреаттары болушкан. 1990-жылдан кыргыз эстрадасы жаңы багытта, жаңы нукта өнүгүү жолуна түштү. “Элес”, “Агым”, “Аян”, “Инсан”, “Жаш кыял”, “Кербен”, “От”, “Эрсай”, “Энесай”, ошондой эле А. Головин жетектеген джаз ансамбли, “Эриксон-Диксибэнд” ж. б., “Гольфстрим”, “R-18”, “Континент”, “Южный крест” рок-топтору түзүлгөн. Учурда “Джаз Ок”, “Солёные орешки”, “Аура”, “Теоника”, “Анна Парадайз”, “Артек” ж. б. эстрадалык топтор бар.

Кыргыз эстрадасынын калыптанышына композиторлор: А. Малдыбаев, К. Молдобасанов, Н. Давлесов, С. Жумалиев, С. Осмонов, Р. Абдыкадыров, А. Керимбаев, Т. Казаков, Ж. Мамажанов, Ч. Сатаев, Т. Эшпаев, М. Бостонкулов Ж. Малдыбаева, М. Бегалиев, К. Эралиева, Б. Алишеров, ошондой эле обончуларга: К. Тагаев, М. Рыскулбеков, А. Бөдөшев, А. Ураимов ж. б.; Ал эми аткаруучуларга: Г. Сатылганова, С. Садыкова, К. Азыкбаев, А. Исабаев, Ы. Осмонкулов, А. Иманалиева, Т. Черикчиева, И. Аманбаев, А. Темиров, К. Артыков, С. Каримов, Д. Акулова, А. Жетигенова, К. Жолдошев, Г. Тойгонбаева, Г. Кахарова, А. Турдалиева, Ж. Муратова ж. б., кийинки муундагы чыккан ырчылар: С. Бейшекеев, Б. Борбиев, А. Карымов, С. Балтаева, Т. Назаров, Т. Асаналиев, М. Атабеков, М. Иманбеков. С. Садыралиев, С. Искеналиев, Ч. Төрөбеков, Г. Суранчиева, Нэна (М. Абдылдаева), Г. Сатыбеков, Омар, Арсен, Каныкей, Б. Исраилов, А. Раимбердиев ж. б.; аранжировщиктерден: Р. Сарлыков, Э. Кадырбаев, Э. Мээрканов, А. Головин, А. Юртаев, Б. Айтбосунов, Т. Бейшеев, М. Батырканов, Р. Усманов, М. Ниязов, А. Такырбашев ж.б. салым кошкон.

Кыргыз эстрадасынын өкүлдөрү эл аралык конкурстарда Кыргыз мамлекетинин желегин бийик көтөрүшкөн (акыркы 5 жыл ичиндеги жеңүүчүлөр): Омар (Ө. Жанышев) “Жаңы толкун” (“Новая волна”), Латвия, Рига, 2008, А. Пугачёванын жеке сыйлыгы (50 000 АКШ доллары); Э. Кадырбаев — “Астана жылдызы”, Казакстан, Астана, 2008, Гран-При; Ома (Ө. Андарбеков) — “Бүткүл дүйнөлүк чемпионат”, АКШ, Лос-Анжелес, 2008, 3 алтын медаль; Н. Азыкбаева — “Бүткүл дүйнөлүк чемпионат”, АКШ, Лос-Анжелес, 2009, алтын медаль; Ю. Руцкая —”Еврофест”, Македония, Скопье, 2011, Гран-При; Г. Калыков, “Евразия жылдызы”, 2012, Түркия, Стамбул, Гран-При. Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадио корпорациясынын профессионалдык үн жазуу студиялары иштейт. Жыл сайын республикалык, эл аралык джаз, эстрада, фольклор, бий жана спорт бий конкурстары жана фестивалдары өтүп турат.

Поп-музыка - заманбап поп-музыка булар менен параллелдүү калыптанган рок музыка сыяктуу жанрлар да бар.

Рок-музыка (англ. Rock music) - поп-музыканын заманбап бөлүгү. Рок-музыка өзүнүн калыптануусунда “ритм-эндблюз” жана “кантри-энд-вестрн” чыгармачыл багыттарына таянган. Рок-музыка 20-кылымдын 50–60-жылдарында Англия, АКШда калыптанган. Анын өнүгүшүнө “Битлз”, “Роллингстоунз”, “Лед-Зеппелинг”, “Пинк Флойд” сыяктуу ансамблдердин салымы чоң. Бүгүнкү күндө Рок-музыка көп түрдүү чыгармачыл багыттардан турат. Чет элдик электрондук музыкалык аспаптар (электро соло гитара, синтезаторлор, электр бас-гитара, электрондук барабандар) жана бул аты аталган жанрдагы музыкаларды аткаруучу-композиторлор, чыгармачылык топтор (бардык рок музыканттар) бар.

**Кыргыздын учурдагы рок ырчысы Чынтемир Акбарали уулу** рок музыкасын алга сүрөп келе жаткан жаш музыканттардын бири болуп саналат. Ал Бүбүсара Бейшеналиева атындагы кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинде окуп жүргөндө достору менен “**The Dreamers”** аттуу топту түзгөн. Он жыл ичинде чыгармачыл топ жети чыгарма жаратып, төрт видеоклип тарткан. Ал **“Азаттыкка” берген маегинде** “15 жылдай мурда болсо керек, Бишкектеги “Цеппелин” барында рокту жакындан уккам. Музыканы энергетикасы үчүн жактырып калдым. Сахнадагы бардык аспаптардын үнү мени арбап, жан дүйнөмдү ээледи. Ошондон баштап рок менен жашоону чечтим”. “The Dreamers” долбоору таанылып калган кезде Чынтемир Акбараали уулу музыка айдыңында мурдагыдай көрүнбөй калды. Рокко баш-оту менен киришип, сахна артында даярдык көрүп жүргөндөй элес калтырган. Көп өтпөй хоррор жанрындагы (коркунучтуу) “Албарсты” тасмасынын саундтреги - “Жок” ырын жазганы белгилүү болду.

Хип-хоп музыкалык жанры эки негизги элементтен турат: шалкан (так белгиленген рифмалары бар ритмикалык речитатив) жана ди-джей койгон ритм, бирок вокалсыз композициялар сейрек кездешет. Бул комбинацияда рэп аткаруучулар өздөрүн “МС” деп аташат (Eng. MC - Master of Ceremony). Мында өзгөчө барабандын коштоосундагы ыргактар (ритмдер) аткаруучу чыгармаларынын фрагменттери болуп бас-бөлүктөрдү колдонуу жана синтезаторлор), винил пластинкаларын манипуляциялоо, анда-санда “битбокс” барабан аркылуу ритмин вокалдык тууроо. Азыркы учурда хип-хоп заманбап көңүл ачуунун коммерциялык жактан ийгиликтүү түрлөрүнүн бири жана стилистикалык жактан муза жанрындагы көптөгөн багыттар менен берилген.

Ал эми кыргыздын алгачкы хип-хоп, реп ырчыларынан Латыш Мырза (Алтынбек) “Кыргыз бала”, “Келе жатам”, Kiggaz (Мирлан) & Асылкеч Асаналиева “Сагынамын” ж.б. популярдуу реп ырлары бар. МС Amir “BOSS”, “За жизнь” МС Надыр “Без понтовый РЕП” (Алфавит), “Кыргызский реп” ж.б. Этно репер - Тата Улан “Карындаш”, “Баары бир”, “Не керек” ж.б. ырлары элибизге белгилүү. Реперлерден - Добр “Башаламан”, “Байланыш”, “Алга Кыргыз”, “Патриот” “Спорт” ж.б. ырлары белгилүү. Бегиш & Баястан “Жерим Кыргызстан”, “Ким жетсин”, “Эне тил” ж.б. ыр жыйнактары бар. Улукманапо, Ага-Ини тобу, Ямаджи & Фейджи, Осмон, Freeman996, Бакр ж.б.у.с. реп ырчылары бар.

Маданий-массалык иштин бир түрү катары эстрадалык музыка шоу-бизнестин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Хит түшүнүгү поп музыка менен да тыгыз байланыштуу.

Музыка адамдын психикасына, ден соолугуна кандай тассирин тийгизерин бардыгыбыз эле биле бербейбиз. Азыркы заманбап музыкалык технологиялык, анын ичинде музыкатерапия, дегеле музыкалык искусство адамдын ан сезимин, жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө, эмоционалдык жактан жардам берет. Ошондой эле кээ бир музыкалар адамдын

психикасын бузуп, ден соолугуна зыян келтирерин окумуштуулар изилдеп чыгышкан. XXI - кылымга чейинки музыкаларды ала турган болсок тексти, музыкасы жагынан адамды ар тараптан тарбиялоочу мааниге ээ экендигине шек жок экендигин айтсак болот. Ал эми азыркы заманбап музыкалар менен салыштыра турган болсок асман менен жердей айырмасы бар экендигин айта кетүүбүз керек.

Заманбап музыкалар жаштардын психикасына көпчүлүк учурда терс таасирин тийгизип келүүдө. Жаштар чыгыштын ырларынын сөздөрүн тургай обонун кандай экенин түшүнүшпөй туруп эле ал ырларды угуп, чет элдиктерди туурап келгени адам баласын кейитпей койбойт. Ал эми заманбап кыргыз ырларын ала турган болсок көпчүлүк учурда маанисин жоготуп келүүдө. Элдик, терме ырлар менен заманбап ырларды салыштыруу мүмкүн эмес. Азыркы заманбап музыкалардын текстери жарымы кыргыз тилинде жазылса, жарымы бөтөн элдин тилдеринде жазылып жаткандыгы коркунуч туудурбай койбойт. Ушундай темпте кете турган болсо кыргыз тилибиздин келечегине балта чаап, алдыда өз эне тилибиздин жок болуп кетүү коркунучу да ойлондурбай койбойт. Элибиздин залкар таланттары Б. Алыкуловдун “Мөлмөлүм”, “Дүнүйө”, “Гөзал кыз”, “Буракжан”, “Өзгөчөм”, “Самаргүл”, Токтогул “Алымкан”, “Дүнүйө- санат ыры”, “Аккан суу”, “Гүлдөп ал”, “Эмне кызык” аттуу укмуштуудай терең философиялык мааниге ээ болгон жогорудагы көрүнүктүү болгон инсандарыбыздан жазылып калган обондуу ырлардын сөз байлыктарын ала турган болсок азыркы жаштарыбыз ал сөздөрдү колдонмок тургай, мааниси кандай экендигин түшүнүшпөй келгендиги учурда ото кооптуу маселелердин бири болуп келүүдө.

Заманбап ырлардан мисал катары Жан Сабыровдун “Самсышка” ырынын сөздөрүнө маани берип карап өтөлү:

Кыргыздын кызы просто рай,
Жанымда жүрсөң болот кайф.
Капкара көздөрүң, фигураң кашык,
Сен үчүн басамын узгенский аш, кара каш.
Ай сендей сулуу кыз дүйнөдө табылбайт,
Ай сен ысыткандай мончода ысытпайт.
Ай башканы сүйсөң, ал сага жете албайт,
Ай-ай сүйүүм ай.

*Кайырма:*

Элдер мени сындаса, жакшы көрсө да,
Кыздар кыйнап өпсөда,
Сүйүүм сага, сага, сага,
Самсышка, самсышка.

Сын пикир айтса барыбир мага,
Барыбир жаным сүйүүм сага.
Ичемин сен үчүн кола, спрайт,
Даң-даң тик-ток инста хайп.
Хайп-хайп баары хайп,
Эй красотка гоу летать.
Хайп-хайп баары хайп,

Эгер жакса баскын лайк.

*Кайырма:*

Жогорудагы “Самсышка” ырынын мааниси, бири-бирине уйкаштыгы, адамга тарбия берүүчүлүгү б.а. эч кандай маниси жок. Орус тилинен алынган сөздүктө да “Кайф” деген сөз көчө сөзүнө кирет. Ошондуктан биз азыркы коомдун жаштарына мааниси жок жарымы кыргызча, жарымы орусча же болбосо башка тилдерди аралаштырып эле ырдап, ошого болбогон клиптерди тартып элге жарыялап келе жаткан ырчылардын жеңил-желпи эле чыккан ырларын угуудан баш тартууңуздарды суранабыз. Себеби: Жогорудагы ыр саптарына окшогон аралаш жана жеңил ырлар жаштардын психикалык жактан өсүп-өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизээрин баса белгилей кетебиз.

XIX-XX-кылымдарда улуу инсандар көп чыккан. Себебин айта кете турган болсок, ал учурда технологиянын жок болгондугуна байланыштуу апаларыбыз балдарынын түйүлдүгүнөн баштап “Алдей” ырларын айтып беришкен. Энелерибиз уламыштарды, жомокторду, дастандарды жана элдик ырларды түндөсү балдарына айтып (ырдап) берип уктатышкан. Азыркы заманда технология өнүккөндүгүнө байланыштуу жаш балдарыбыз төрөлгөндөн баштап апасынан кийинки эле таанып билгени мобилдик телефон болуп жатат. Ошондуктан келечектеги жаштарыбыз музыка угуу эмне экендигин билбей калууда. Алардын оюн башка нерселер ээлеп калып жатат. Балдарыбыз төрөлгөндөн баштап алдей ырларын, терме ырларын уктуруп турбагандыгыбызга байланыштуу балдарыбыз музыка угууну каалашпайт.

Азыркы заманбап музыкалардын жазылган сөздөрү башкача айтканда тексттери азыркы заманга жараша заманбап жазылууда. Заман өзгөргөн сайын кесиптер, ырлар, сүйлөө речтеринин баары замандын талабына жараша өзгөрүүдө.

Картөшкө баасы асмандап,
Кадырдын баасы арзандап.
Кийимдин баасы асмандап,
Кишинин баркы арзандап.
Каякка бара жатабыз.

Темирдин баасы асмандап,
Өмүрдүн баасы арзандап.
Көмүрдүн баасы асмандап,
Көңүлдүн баасы арзандап.
Каякка бара жатабыз.

Музыка жана нерв системасы, музыка адамга оң таасирин тийгизип, чарчоодон, алсыздануудан, капалыктан арылтып, ички сезимге кубаныч алып келет. Кээ бир учурда тескерисинче болушу да мүмкүн. Өтө жагымдуу обон артериялык кан басымын калыбына келтирип, дем алуунун жаштыгы менен импульсун оңдоп, эмгекке жөндөмдүүлүктү күчөтөт.

Музыкаларды айрым учурда өтө узак мөөнөткө же добушун бийиктетип уккан убакта кээ бир адамга терс таасирин тийгизиши да мүмкүн. Жагымсыз, катуу коюлган музыка адамдын нерв системасына, кулак кабыл алуусуна терс таасирин тийгизбей койбойт. Катуу ызычууга айрыкча нерви жука жана жүрөк оорулар чыдай алышпайт. Алар түнү жатаарда оңой менен уктай албай, уктап жатканда да улам ойгонуп, жаман түштөрдү көрүшөөрү

байкалат. Айрыкча хард-рок жанрындагы музыканы уккан адамдарда агрессия күчөшү мүмкүн. Хеви-метал музыкасын көп уккан инсандарда психикалык жактан жабыркап, ар кандай коркунучтуу оорулардын пайда болуусу аныкталат. Улуттук музыкалык аспаптардын коштоосунда (комуз, кыл кыяк, жетиген ж.б.у.с.) аткарылган классикалык жай темптеги обон-күүлөрүбүздү көбүрөөк угуу – адам баласынын жүрөк кан тамырларын тең салмактап, кан басымдарын нормалдаштырууга көмөк көрсөтүп турат.

Ал эми чопо-чоор, сыбызгы, флейта, керней, саксофон аспаптарынын коштоосундагы музыкалар – уккан жандын өпкө системасын жакшыртып, кан тамырларды калыбына келтирип, тромбдордун пайда болуусунун алдын алат. Баскычтуу аспаптардан рояль, пианино, аккордеон аспаптарындагы классикалык чыгармаларды угуу - боор, калкан бези ошондой эле зара чыгаруу системаларын жакшыртат.

**Корутунду.** Эртең менен сергек жана ритмдүү музыканы угуу жакшы жана организмди ойготуп, күн аягына чейин энергия менен кубатташы мүмкүн. Кыргыз эл музыкасы кандай таасирин тийгизет деген ойго келебиз. Албетте оң таасирин тийгизет. Элдик ырлардын сөздөрү, музыкасы өзгөчө жазылган. Азыркы күнгө чейин кайра жаңыдан чыгып келе жаткан ырчы- обончу, аткаруучулар тарабынан ал ырлардын обондору замандын талабына ылайык жаңыланып (аранжировкаланып) жазылып, учурда хит болуп келүүдө. Ал эми саламаттыкты сактоо кызматкерлери инсандарды рэп, хард-рок, хеви- метал стилиндеги музыкаларды угуудан алыс болуусун сунуштап келүүдө. Ошондуктан музыка угуудан мурда анын таасири жөнүндө да кеңири маалымат алып, андан соң ал музыкалык чыгармаларды угуу заарыл. Заманбап, хит деп эле музыканы тандабай уга берүү да уккан жандарга терс таасирин тийгизет. Ошол себептен улам биз жалпы эле музыка сүйүүчү жаштарыбызга жана бул макаланын окурмандарына классикалык эстрада жанрындагы музыкаларды көрбүрөөк угуусун сунуштаар элек. Себеби: Классикалык, жай аткарылган музыка адамды тынчтантып, жашоодогу көйгөйлөрүнөн алаксытып, мээдеги ойлорду ирээтке келтирүүгө жардам бере алат. Ошондой эле мындай музыка уйку качканда абдан соонун угуучунун ичиндеги катылган дартына даба боло алат. Классикалык жанрдагы музыкаларды угуу инсандын калыптанышына жана адамдын аң сезимдүү болуп өсүшүнө оң таасирин тийгизээрин бул изилдөөлөргө чейин эле көптөгөн музыка таануучу окумуштуулар айтып келгендиги баарыбызга белгилүү.

**Колдонулган адабияттар**


1. Алагушов Б. Кыргыз музыкасы (Энциклопедиялык окуу куралы). [Текст] / Алагушов Б. – Башкы редактору Үсөн Асанов. – Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. – 400 б.
2. Базарбаев Ш. Кыргыз маданиятынын өнүгүсүнүн диалектикасы. [Текст] / Ш. Базарбаев. – Ош: Б-сыз, 2001. – 322 б.
3. Жешинский А., Куйкеева З. , Исмаилова С. Музыка тарыхынын барактары. [Текст] / Жешинский А., Куйкеева З. , Исмаилова С. – Б.: Полиграфбумресурсы, 2017. – 164 б.
4. Исиров П. Ырчылар чыгармачылыгы (Окуу китеби). [Текст] / Исиров П. – Б.: Бийиктик, 2004. – 212 б.

5. Козубаев, О., Ыразаков, Д., & Камбарова, Н. (2023). Проблемы духовности в современной музыке. *Вестник Ошского государственного университета*, (1), 170-178. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_21. EDN: XIKOTG.
6. Мурзакматов, А., & Абдираим уулу, К. (2023). Мектеп окуучуларында музыкалык кабыл алууну өнүктүрүү. *Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология*, 1(1), 49-54. https://doi.org/10.52754/16948823_2023_1(1)_7.
7. Орозалиев, Э.С., Ыразаков, Д.А. (2021). Кыргыздын салттуу музыкалык искусствосу. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 3, No. 3, сс. 220-228. EDN: AHNWEQ.
8. Шарипова, Э.К., Ыразаков, Д.А., Асан уулу, А. (2021). Массовая музыкальная культура. *Вестник Ошского государственного университета*, Т. 1, №3, сс. 318-326. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_3_318. EDN: KYTIGZ.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 62-68

***ИСКУССТВО***

**УДК: 398.54**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_10

# КЫРГЫЗ МУЗЫКАЛЫК ФОЛЬКЛОРУНУН БАШАТЫ

## РОЖДЕНИЕ КЫРГЫЗСКОГО МУЗЫКАЛЬНОГО ФОЛЬКЛОРА

## THE ORIGIN OF KYRGYZ MUSICAL FOLKLORE

**Джумабаев Бакай Саматович**
*Джумабаев Бакай Саматович*
*Dzhumabaev Bakai Samatovich*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
dzhumabaev.bakai@gmail.com

---

**Баякова Айкан Фархидиновна**
*Баякова Айкан Фархидиновна*
*Baiakova Aikan Farhidinovna*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
aikanbayakova@gmail.com

# КЫРГЫЗ МУЗЫКАЛЫК ФОЛЬКЛОРУНУН БАШАТЫ

**Аннотация**

Кыргыздардын жашоо үчүн күрөшүүдө, калк сыпатында сакталып калышы, өздүк маданияты менен жанаша жашаган элдердин ичинен ордун табуусунда. Алсак, өзбек, казак, түркмөн элдеринин оозеки жана улуу кытай жазма маалыматында Орто Азия элдеринин эң байыркыларынын бири, түрк урууларынын арасынан өзгөчөсү деп аталбаса керек эле. Кыргыздар көчмөн турмушта жашап өздөрүнүн каада-салт, үрп-адаты жашоо тиричилиги географиялык абалынын негизинде өзүнүн жалпы маданияты калыптанып өсүп өнүгүп – келген эл. Ал эми музыкалык маданияты элибиздин жашап өткөн тарыхый мезгилинде түрдүү жанрларды өз ичине камтып, уламдан улам байытып олтуруп, коңшу элдердин ээсине дүрбөлөң маданияты менен эсте калып бүгүнкү деңгээлине жеткен. Андыктан кыргыз маданиятынын жазма булактарга өткөнгө чейинки доорун фольклор менен байлоо туура эле болот. Фольклор - эл чыгармачылыгы жөнүндөгү илим. Фольклористикада калайык жараткан (оозеки көркөм чыгарма, ыр, музыка, бий, драма жана башка) коллективдүү чыгармачылык изилденет. Кыргыз фольклористикасынын изилдениши, анын тарыхы совет доорунан башталат. Бул макалада кыргыз фольклористтеринин алгачкы изилдөөлөрү, анда элдик музыканын табияты, жанрлары жана ладдык өзгөчөлүктөрү баяндалып кыргыз фольклорунун тарыхын изилдөөчү фольклористтердин баалуу эмгектеринин маани-маңызы чечмеленет.

***Ачкыч сөздөр:*** фольклор, жанр, лад, музыка табияты, аспатык, аваздык түшүнүктөр.

## *РОЖДЕНИЕ КЫРГЫЗСКОГО МУЗЫКАЛЬНОГО ФОЛЬКЛОРА*

**Аннотация**

Кыргызы борются за выживание, сохраняя свою культуру среди народов, живущих бок о бок со своей культурой. Например, в устных и письменных сведениях узбекского, казахского и туркменского народов можно назвать тюркское племя одним из древнейших народов Средней Азии. Кыргызский народ ведет кочевой образ жизни и развивает свою общую культуру исходя из своего географического положения, своих традиций, обычаев, образа жизни. В исторический период существования нашего народа музыкальная культура включала в себя различные жанры, все больше обогащалась и достигла современного уровня, запомнившись соседним народам своей бурной культурой. Поэтому правильно связать эпоху киргизской культуры до перехода к письменным источникам с фольклором. Фольклор – наука о народном творчестве. В фольклоре изучается коллективное творчество, созданное народом (устные произведения искусства, песни, музыка, танец, драматургия и т. д.). Изучение кыргызской фольклористики, и ее истории начинается еще в советское время. В данной статье описаны первые исследования кыргызских фольклористов, описывающие природу, жанры и способы народной музыки, интерпретирующийся смысл ценных трудов фольклористов, изучающих историю кыргызского фольклора.

***Ключевые слова:*** фольклор, жанр, настроение, природа музыки, мюзикл, акустические концепции.

## *THE ORIGIN OF KYRGYZ MUSICAL FOLKLORE*

**Abstract**

The Kyrgyz are fighting for survival, preserving their culture among peoples living side by side with their culture. For example, in the oral and written information of the Uzbek, Kazakh and Turkmen peoples, the Turkic tribe can be called one of the most ancient peoples of Central Asia. The Kyrgyz people lead a nomadic lifestyle and develop their common culture based on their geographical location, their traditions, customs, and way of life. During the historical period of the existence of our people, musical culture included various genres, became increasingly enriched and reached the modern level, being remembered by neighboring peoples for its vibrant culture. Therefore, it is correct to connect the era of Kyrgyz culture before the transition to written sources with folklore. Folklore is the science of folk and art. Folklore studies the collective creativity created by the people (oral works of art, songs, music, dance, drama, etc.). The study of Kyrgyz folklore and its history begins in Soviet times. This article describes the first studies of Kyrgyz folklorists, describing the nature, genres and methods of folk music, the interpreted meaning of the valuable works of folklorists studying the history of Kyrgyz folklore.

***Keywords:*** folklore, genre, mood, nature of music, musical, acoustic concepts.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Жалпы эле кыргыз музыкасын изилдөө XIX-кылымдын жарымынан баштап Кыргызстандын аймагында экспедициялык талаа иштери жүргүзгөн орус жана чет өлкөлүк саясатчылар тарабынан азын-олак жүргүзүлө баштаган. Элдик музыка жөнүндө айрым бир маалыматтар чет өлкөлүк саясатчылардын край таануучулардын, тарыхчылардын, лингивисттеридин эмгектеринде жазылып калган.

XIX -кылымдын жарымында Орусиянын Императордук Географиялык Коому ачылганда анын этнографиялык бөлүмү Түркстан аймагына келип элдердин экономикасын, жаратылышын, турмуш тиричилигин изилдөөнү тынымсыз жүргүзүп турган.

Бул этнографиялык бөлүмдүн илимий максаттарына көркөм маданият, көркөм өнөрдү изилдөөнү да өз ишине алган. Алардын катарына И. Андреев (Алибий), Маев Н. Зеленд Н. Краснов А. Котвицкий М. П. Г. Бонвалло, Ч. Валиханов, В. Вега, М. Венюков, В. Верещагин, А. Гейне, М. Готовицкий, С. Дмитриев, Г. Загряжский, И. Ибрагимов, К. Каразин, Г. Капю, Е. Ковалев, А. Краснов, В. Липский, Н. Пржевальский, П. Шубин, А. Цеско. Э.Лузанова. Р. Пфенниг, В. Радлов, Н. Северцев, П. Семенов Тян-Шанский, Б. Тагеев (Рустамбек), А. Шебелин, А. Эйхгорн, Н. Ядрыщев ж.б. кирген.

XIX-кылымдын жарымынан баштап чет элдик изилдөөчүлөр арасынан француз окумуштуулары Гион Капью жана Пьер Габриэль Вонвалло тарабынан жүргүзүлгөн. Алар 1880-жылдары орто азия экспедицияларына катышып кыргыздын элдик музыкасы жөнүндө маалыматтарды басма сөз беттерине жарыялаган.

Ал эми өткөн кылымдын 50-жылдарынан баштап кыргыздын музыкалык маданиятын изилдөө үчүн кыргыз изилдөөчүлөрү, окумуштуулары даяр болгон. Алардын катарында Б. Алагушов, К. Дүйшалиев. С. Субаналиев, Г.Байсабаева, Р. Аманова, А. Жээнбеков жана башкаларды кошууга болот.

Фольклор - эл чыгармачылыгы жөнүндөгү илим. Фольклористикада калайык жараткан (оозеки көркөм чыгарма, ыр, музыка, бий, драма жана башка) коллективдүү чыгармачылык изилденет. Кыргыз фольклористикасынын изилдениши, анын тарыхы совет доорунан башталат. Кыргыздын фольклордук музыкалык чыгармаларды жазып алуу ишинде А. Затаевич, В. С. Виноградов, А. Беляев, Б. Алагушов жана башкалар алгылыктуу эмгек сиңиришти. Өткөн кылымдын эл аралык фольклордук коомдун негизгилери фольклордук шериктик, ЮНЕСКОго караштуу этнология жана фольклор боюнча эл аралык коом. Эл музыкасынын эл аралык совети, СССР композиторлору Союзуна караштуу Бүткүл союздук фольклордук комиссиясы жана башка уюмдар иш жүргүзүшкөн. 1960 – жылдан Кыргызстан композиторлор союзунун алдына фольклордук кабинет уюштурулат. Аны Кыргыз Республикасынын Эл артисти, композитор Б. В. Феферман жетектейт. Ал элдик композитор Ы. Тумановдун күүлөрүн, обончу – ырчы Б. Эгинчиевдин ырларын, темир ооз комуз күүлөрүн нотага түшүрөт. Композитор М. Абдраев, С. Юсупов Түштүк кыргыздардын эл ырларын нотага түшүрүп, кол жазма укугунда жарыялайт. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден тартып, фольклордук кабинет жоюлуп, эл казнасы жыйылбай, иликтенбей калды[1].

[1] Алагушов Балбай. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия. / Сүрөтчүсү М. Кадыров. – Б.: "Бийиктик", 2007. – 532 б. 479-б.

Октябрь революциясынан кийин кыргыз музыкалык фольклорун изилдөөнүн жаңы этабы башталып, Кыргызстандын музыка таануучулук мектебинин жаралышы үчүн негиз пайда болгон.

Өлкөнүн мамлекеттүүлүгүн ар тараптан түптөндүрүү, калыптандыруу процессинде ишке ашыруучу социалдык маданий өзгөрүүлөрдүн таасири астында фольклористика боюнча изилдөөчүлөрдүн алдына бир нече милдеттер коюлган. Фольклордун үлгүлөрүн жыйноо, жазуу, элдик музыканын көркөм каражаттарын талдоо, аларды композиторлордун чыгармаларында колдонуу принциптерин аныктоо, ошондой эле фольклорду пропагандалоо иштери жүргүзүлгөн.

Кыргыздардын этностук тарыхын, турмуш – тиричилигин жана маданиятын комплекстүү изилдөөлөр Орусиянын окумуштуулары В. Бартольд, А. Бернштам, С. -Абрамзон тарабынан жүргүзүлгөн[2].

Алсак, 1919- жылы Жети – Суу облусунун Улуттук иштер боюнча комиссиясы 1920-жылдын январында Верный (азыркы Алматы) шаарында облустагы ырчы – акындарды чакыртып, алардын чыгармаларын жазуу жөнүндө токтом кабыл алган.

1920-жылы Оренбург шаарында Кыргыз (Казак) эл агартуу комиссариатынын Академиялык борбору түзүлүп, фольклорчу музыка таануучу композитор Александр Викторович Затаевич (1869 – 1936) ишке тартылган. Ал жыл бою Борбордук Азия, Алтай, Сибирь элдеринин 2600 ырын жана аспаптык пьесаларын нотага жазып, аларга түшүндүрмө берген. 100гө жакын элдик обондорду фортепианого жана үнгө кайрадан иштеп чыккан. Фольклор менен байланышкан бир нече китептерди, музыкаларды жарыкка чыгарган.

Фольклорчу - Затаевичтин өз ишин терең берилгендиги, элдин акылмандыгын чын жүрөктөн сүйүп баалагандыгы, энтузиазмы, адамгерчилик сапаттары, кесиптик чеберчилиги, аткаруучулар менен болгон кылдат мамилелери, ал менен иштешкен музыканттар тарабынан жактырылып, жагымдуу пикирлерди пайда кылбай койгон эмес[3].

А. Затаевич 1928-жылы Кыргыз АССР Эл агартуу комиссариатынын чакыруусу менен республиканын борбору Пишпекке келип, эки айдын ичинде элдик кесипкөй музыканттардан жана окуучулардан ыр күүлөрдү жазып, 1934-жылы Москвадан “Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обондору“ аттуу китебин киргизген.

Фольклорчу – илимпоз жазып алган кыргыз музыканттарынын ичинде Муратаалы Күрөңкөев, Карамолдо Орозов, Жолой Боогачинов, Абдылас Малдыбаев жана башкалар болгон. Затаевич улуу демократ акын, комузчу Токтогул Сатылганов менен бетме – бет бир отуруп иштешкен жападан жалгыз фольклорчу – музыкант болгон. Токтогулдан он сегиз комуз күүсүн жазып, аларды өзүнүн жогоруда аталган китебине жарыялаган. Ал китепте болочок урпактарга фольклорчу элдик ырчы акындардын жандуу портреттин түзүп, алардын ар бирине квалификациялу баа берген.

А. Затаевичтин жаңы жазууларынын арасында ошол кезде таланты табына келип, элге, журтка жаңыдан тааныла баштаган эл шайырлары Атай Огонбаевдин, Молдобасан

[2] Бартольд В. Киргизы: Исторический очерк // Соч. Т. II, ч. 1. – М., 1978. С. 317.
[3] Виноградов В. “Манас” // Советская музыка. – 1946. - №7; Киргизский народный речитатив // Вопросы музыкознания. – М., 1955; Эпос “Манас”, его стих и напев // Музыка народов Азии и Африки. – М., 1981; Напевы “Манаса” // Манас. Кн. I. – М., 1984.

Мусулманкуловдун, Ыбрай Тумановдун, Калык Акиевдин, Муса Баетовдун ыр, күүлөрү бар эле.

Ал эми окумуштуу В. Беляев биринчи болуп Советтик Чыгыш элдеринин салттуу маданиятын бүтүндөй жана салыштырып изилдөөгө кайрылган. Анын “Очерки по истории музыки народов СССР”. СССР элдеринин музыкалык тарыхынын очерктери аттуу окуу куралы катары жазылган эмгегинин “Кыргыздын музыкалык маданияты” деп аталган бөлүмүндө улуттун этногенезинин теориясына, маданий өнүгүшүнө, жанрлардын түзүлүш системасына (иерархиясына) болгон көз карашы берилген. Оозеки кесиптик салттын көрүнүктүү өкүлдөрү – Тоголок Молдонун, Токтогул Сатылгановдун, Мураталы Күрөңкөевдин, Муса Баетовдун, Атай Огонбаевдин чыгармачылыгы мүнөздөлгөн. В. Беляевдин өзүнчө жазылган бир көлөмдүү макаласы М. Күрөңкөевдин чыгармачылыгына арналган. Макала элдик кесипкөй музыканттын чыгармачылыгы жөнүндө алгачкы жолу толук иштелген монографиялык изилдөө болчу. Андан соң В. Виноградовдун китептери пайда болот. В. Беляев Мураталы жөнүндө. “Даана композитордук жекече өзгөчөлүгү бар, эң мыкты чыгармачыл инсан, композитордук жана аткаруучулук стилдердин жогорку баскычтарынын жетишкендиктерин эркин өздөштүргөн”, - деп жазган[4].

В. Беляев жана башка кыргыз музыка илиминин татаал жолун изилдөөчү фольклорчулардын эмгектери Кыргызстандын музыкалык илиминин өнүгүшүнө олуттуу түрткү болду. Композиторлор П. Шубин, В. Власов, В. Фере, Н. Раков,

М. Раухвергер, С. Германов, С. Ряузов, Д. Шостакович, М. Бурштин, Б. Глухов, В. Гусев жана башка композиторлордун элдик музыкага болгон кызыгуусун арттырды.

А. Затаевич баштап кеткен элдик музыканын антологиясын олуттуу толуктаган Виктор Сергеевич Виноградов (1899 - 1993) болгон. Кең профилдеги чоң музыка таануучу катары ал изилденүүчү материалдардын жана илимий проблематикалардын алкагын, чегин көрүнөөрлүк кеңейтти. Ал КМШга кирген жана алыскы чет элдик музыканттар жөнүндө 300гө жакын эмгектерди жазган. В. Виноградов – монографиялардын, популярдуу очерктердин, эсселердин, аңгемелердин автору, илимий жыйнактардын түзүүчүсү жана редактору, ири музыкалык коомдук ишмер.

Илимпоздун башкы темасы – Кыргызстандын музыкасы. 1939-жылы Москвадан “Музыка Советской Киргизии” (“Советтик Кыргызстандын музыкасы”) деген биринчи китеби чыккан, анда атактуу элдик ырчылардын, музыканттардын чыгармачылыгы, фолклордун стилистикасы жана элдик аспаптар жөнүндө Виноградовдун ондон ашык китеби жарык көргөн.

Анын “Кыргызская народная музыка“ (Фрунзе, 1958) аттуу китебинде музыкалык фольклордун тарыхый мезгилдештирилиши, анын стилдик, жанрдык өзгөчөлүктөрү теориялык жалпылоодон майда – бараттарына чейин толук жазылып, көрүнүктүү чеберлердин чыгармачылыктары талданган.

Чыгармачылык очерк жана портрет жанрында анын “Атай Огонбаев“ (М., 1960) китепчеси, “Муратаалы Күрөңкөев“ (Фрунзе, 1962), “Музыкальное наследие Токтогула“ (Токтогулдун музыкалык мурасы. М., 1961), “Киргизкие народные музыканты и певцы“

[4] Затаевич А. 500 казахских песен и кюев. – Алма – Ата, 1931. – IV – б. С. 312.

(Кыргыз эл музыканттары жана ырчылары. М., 1972), бул китеп кыргыз тилине которулган) деген китептери жарык көргөн.

В. Виноградов көп жылдар бою элдик эпостун речитативтердин, залкар манасчы Саякбай Каралаевдин жеке аткаруучулук манерасын изилдеген. Саякбай Каралаевдин жана Ыбрайым Абдракмановдун аткаруусунда “Манастын“ үзүндүлөрүн магнитафонго жазып алып эпостук речитативди ноталык талдоо менен гана эмес, кулак менен угуп, көз менен көрүп талдоонун негизинде төрт түргө, көптөгөн мотивдик варианттарга бөлүп классификациялаган[5].

Кыргыз элдик музыканын теориялык жана тарыхый маселелерин фундаменталдуу түрдө жазып чыгуу иши музыка изилдөөчү В. Виноградовго таандык. Ондогон жылдар бою аларды изилдеп, өзүнөн мурунку окумуштуулардын эмгектериндеги маалыматтарды чогултуп, музыкалык салттарды улантуучулардын өз оздорунан фольклордук үлгүлөрдү жазып алып, Виноградов кыргыздардын элдик музыкасынын ар кандай жактарын – образдуулугун, жанрдык табиятын, формаларын, ладдарын, ыргактарын, аткаруучулук стилин талдоодон өткөрүп принциптүү корутундуларды чыгарган.

Бул тармак боюнча илимпоздун энциклопедиялык деңгээлде кабардар болушу ири масштабда салыштырмалуу талдоо берүүгө мүкүнчүлүк ачты. Анын жыйынтыктары – “Музыка Советского Востока; от унисона к полифонии“ (Советтик Чыгыштын музыкасы; унисондон полифонияга чейин. М., 1968) деген эмгектеринде жазылган.

Бул макалада кыргыз музыкалык фольклоруна алгачкылардан болуп көңүл буруп, изилдөө иштерин жүргүзгөн музыка изилдөөчүлөрү, окумуштуулар жана композиторлордун ишмердиктерине токтолуп, алар кандай изилдөөлөрдү жүргүзгөндүгү жөнүндө кыргыздын комузчу, ырчы - акындарынын чыгармаларын топтоп, алардын обон, күүлөрүн нотага түшүрүп, залкар-таланттардын аткаруусундагы элдик музыкалык чыгармаларды жазып алып, илимий эмгектерди жаратkandыгы жөнүндө маалыматтарды берүүгө аракеттендик.

Биз кийинки макалаларда жаш фольклористтердин жүргүзгөн илимий эмгектерин окуп үйрөнүү менен, кыргыз музыкалык фольклору жөнүндөгү алардын илимий жетишендиктерине жана баалуу жыйынтыктарына токтолобуз.

**Пайдаланылган адабияттар**


1. Алагушов Балбай. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия. / Сүрөтчүсү М. Кадыров. – Б.: “Бийиктик”, 2007. – 532 б. 479-б.
2. Алишерова, Э.Ө. (2021). Кыргыз фольклорундагы эмгек ырларын элдик педагогикалык негизде окутуу. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 2, No. 4, сс. 688-693. DOI: 10.52754/16947452_2021_2_4_688. EDN: BQMBFS.
3. Бартольд В. Киргизы: Исторический очерк // Соч. Т. II, ч. 1. – М.,
4. Виноградов В. “Манас” // Советская музыка. – 1946. - №7; Киргизский народный речитатив // Вопросы музыкознания. – М., 1955; Эпос “Манас”, его стих и напев //


[5] Смирнов М. (Беляев В.) Творчество Мурataалы Куренкеева // Советская музыка. – 1949. – №2; Ошол эле башка кит.: Беляев В. О музыкальном фольклоре и древней писменности. – М., 1971. С. 313.

Музыка народов Азии и Африки. – М., 1981; Напевы “Манаса” // Манас. Кн. I. – М., 1984.

5. Затаевич А. 500 казахских песен и кюев. – Алма – Ата, 1931. – IV – б
6. Жамгырчиева, Г.Т. (2021). Азыркы фольклортаануунун айрым актуалдуу маселелери. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 2, No. 3, cc. 14-19. DOI: 10.52754/16947452_2021_2_3_14. EDN: KGXESO.
7. Смирнов М. (Беляев В.) Творчество Муратаалы Куренкеева // Советская музыка. – 1949. – №2; Ошол эле башка кит.: Беляев В. О музыкальном фольклоре и древней писменности. – М., 1971.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 69-73

***ИСКУССТВО***

**УДК: 78.01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_11

# КОМПОЗИТОРЛОРДУН КОРИФЕЙИ – КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВ

КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВ – КОРИФЕЙ КОМПОЗИТОРОВ

KALY MOLDOBASANOV – CORYPHAEUS OF COMPOSERS

**Жолдошова Нургул Абдумуктаровна**
*Жолдошова Нургул Абдумуктаровна*
*Zholdoshova Nurgul Abdumuktarovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университетинин**
*магистрант, Ошского государственного университета*
*master's student, Osh State University*
n25103849@gmail.com

**Иргашева Мунара Авазбековна**
*Иргашева Мунара Авазбековна*
*Irgasheva Munara Avazbekovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университетинин**
*магистрант, Ошского государственного университета*
*master's student, Osh State University*

# КОМПОЗИТОРЛОРДУН КОРИФЕЙИ – КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВ

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз профессионалдык музыка искусствосунун негиздөөчүлөрүнүн бири – Калый Молдобасановдун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу сөз болот. Музыкалык ишмердүүлүгү менен бирге педагогикалык, коомдук жумуштары жөнүндөгү маалыматтар дагы камтылган.

***Ачкыч сөздөр:*** профессионалдык музыка, опера, балет-оратория, композитордук чыгармачылык, педагогикалык ишмердүүлүк.

## *КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВ – КОРИФЕЙ КОМПОЗИТОРОВ*

**Аннотация**

В данной статье рассказывается о жизни и деятельности одного из основоположников профессионального музыкального искусства Кыргызстана - Калыя Молдобасанова. Наряду с его музыкальной деятельностью включены также сведения о его педагогической и общественной деятельности.

***Ключевые слова:*** профессиональная музыка, опера, балет-оратория, композиторское творчество, педагогическая деятельность.

## *KALY MOLDOBASANOV – CORYPHAEUS OF COMPOSERS*

**Abstract**

This article tells about the life and work of one of the founders of the professional musical art of Kyrgyzstan - Kaly Moldobasanov. Along with his musical activities, information about his teaching and social activities is also included.

***Keywords:*** professional music, opera, ballet-oratorio, composing, teaching.

Кыргыз классикалык музыкасынын негиздөөчүлөрүнүн бири, СССРдин эл артисти, СССР Мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Социалисттик Эмгектин Баатыры, композитор, дирижер, профессор Калый Молдобасанов 1929-жылы 28-сентябрда Нарын облусундагы Ак-Талаа районунун Терек айылында атактуу манасчы, комузчу, акын Молдобасан Мусулманкуловдун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген [5;290]. 12 жашынан музыкага болгон өзгөчө шыгы байкалып, П. Шубин жетектеген эл аспаптар оркестрине музыкант катары ишке кабыл алынган. 1945-жылдан оркестрдеги иши менен катар музыкалык училищеде скрипка классында билим ала баштаган. 1950-жылы училищаны эң мыкты аяктап, Москва консерваториясынын дирижерлук бөлүмүнө профессор Л. М. Гинзбургдун классына экинчи курска кабыл алынат. 1954-жылы консерваторияны аяктап, агездеги Фрунзе шарына келип кыргыз опера-балет театрында дирижерлук кесипти аркалайт. Өмүрүнүн дээрлиги, эмгек жолу, чыгармачылыгы ушул театр менен байланышкан. 1966-73-жылдары башкы дирижерлук кызматта иштеген, театрдын музыкалык турмушуна ири салымын кошкон. Ошол жылдары кыргыз музыкалык театр искусствосуна опол тоодой эмгегин сиңирген. Дүйнө классикалары: «Отелло» (Дж. Верди), «Риголетто» (Дж. Верди), «Борис Годунов» (М. Мусоргский) операларын, кыргыз авторлорунун «Манас» (А. Малдыбаев, В. Фере, В. Власов), «Айчүрөк» операларын (А. Малдыбаев, В. Фере, В. Власов), «Куйручук», «Чолпон» (М. Раухвергер), «Асель» (В. Власов) ж.б. опера, балеттерди сахнага алып чыгып, дирижерлук кылган.

Композитордук чыгармачылыгынын башаты катары Г. Окунев менен биргеликте жазган «Куйручук» (1962-ж.) балетин айтсак болот. Бул чыгарма жаш композиторлордун бүткүл союздук конкурсунда сыйлыкка ээ болгон (1960). Ушул балеттен баштап «молдобасановдук» мурда кезикпеген ыкмаларды колдонуу, оркестр үндөрүнүн түрдүү кошулмаларын жаңыча пайдалануу, музыкалык көркөм боёктун өзгөчөлүгү, жаңы музыкалык стиль, багыт калыптана баштаган. К. Молдобасановдун чыгармачылыгынын туу чокусу болуп Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинин негизинде жазылган балет-ораториясы эсептелет. Бул балет-оратория композитордун ири эмгеги болуу менен, кыргыз профессионалдык музыкасына жаңылык киргизди. Жер, дан, гуманизм, граждандуулук жөнүндөгү терең мазмундуу бул чыгарма эң жогорку баатырдык менен лиризмди, терең философиялык ой жорууларды музыка менен айкалыштырган [1]. Кыргыз опера-балет театрынын сахнасында 1975-жылы коюлуп, СССР Мамлекеттик сыйлыгына татыган бул балет-оратория андан кийин Советтер Союзунун бир нече шаарларында жана чет өлкөлөрдө ийгиликтүү коюлган. Композитордун жазган музыкасынын арты менен балет-ораторияны койгон балетмейстер Уран Сарбагишев, башкы ролдорду бийлеген Айсулуу Токомбаева жана Рейне Чокоевалар да Мамлекеттик сыйлыктын лауреаттары болушкан. «Саманчынын жолу» Ч. Айтматовдун улуулугун музыка тилинде даңазалаган чыгарма катары, кыргыздын музыкалык мурасынын эң бийиктиги болуп кала бермекчи.

К. Молдобасанов 1984-жылы дагы бир жолу Ч. Айтматовдун чыгармачылыгына кайрылып, «Кылым карыткан бир күн» романындагы уламыштын негизинде «Маңкурт жөнүндөгү баян» аттуу балет жазган. Музыкалык маданиятка, деги эле искусствого зор маани берген Совет доорунун кулашы менен бул мыкты балет толук баасын ала албай калды. Ошентсе да опера-балет театрынын сахнасында кайрадан коюлушу күтүлүүдө. Манасчынын уулу болгондуктан Манас темасы композитордун чыгармачылыгында орчундуу орун ээлейт. Алсак, «Манастын ордосунда» симфониялык поэмасы, акын жана драматург Жалил

Садыковдун «Манастын уулу Семетей», «Сейтек» драмаларына жазган музыкалары Манас эпосунун музыкалуулугун арттырып, кайрыктарын даңазалайт. Кыргыз Республикасынын Гимнин кесиптеши Насыр Давлесов менен биргеликте жазышкан. Манастын кайрыктары гимнде да орун алганын жакшы билебиз.

К. Молдобасановдун калемине классикалык музыканын ар түрдүү жанрларындагы көп сандаган чыгармалар таандык. Анын кантаталары, камералык-аспаптык музыкалары, ыр, романстары, балдар үчүн чыгармалары да арбын. Мисалы, балдарга арналган ырлары жана аспаптык чыгармалары «Кыргыек», «Бак тигели», «Кызыл топ», «Жамгыр» ж.б. музыкалык балдар коллективдери дагы деле ырдап жүрүшөт [2]. «Селкиге», «Жайлоодо», «Кыздын ыры» сыяктуу ондогон ырлары профессионал ырчыларыбыздын репертуарынан туруктуу орун алган. Ал эми композитордун көптөгөн аспаптык чыгармалары музыкалык мектептерде, орто жана жогорку музыкалык окуу жайларынын педагогикалык репертуарында тынымсыз ойнолуп келет [7;49]. Чыгаан дирижер катары дүйнөлүк классикага айланган симфониялык чыгармаларды да арбын аткарып, кыргыз радиосунун алтын казынасына жаздырган.

Молдобасановдун симфониялык бийлери, сюиталары, кантаталары, ондогон аспаптык пьесасы, 70ке жакын вокалдык чыгармалары бар. Элдик обон-күүлөрдү иштеп чыккан (мис., «Паризат» ж.б.), эл аспаптар оркестри үчүн оригиналдуу чыгармаларды жараткан. Элге кеңири маалым чыгармалары: «Гүлдө, Кыргызстан» (1964), «Шаңдан, Кыргызстан» (1974) кантаталары, «Биздин күндүн адамдары», «Достук», «Бактылуу жаштык» симфониялык сюиталары, «Ленин жөнүндө ыр» (1974), «Кыздын ыры» (1963), «Жайлоодо» (1958), «Өрттөнсүн бозой жалынга» (1961), «Көл вальсы» (1969) ж.б. ырлары [5;291]. Кантаталарга улуттук ачык-айкын интонация, гармониялык тилдин байлыгы, композициянын ачыктыгы жана хор жазуусунун виртуоздугу мүнөздүү [4].

К.Молдобасанов вокалдык чыгармалардын көлөмдүү жыйнагынын автору. Анын ырлары жана романстары республиканын музыкалык турмушу учун «азык» болуп саналат. Алар кыргыздын көптөгөн чыгаан ырчыларынын (Б. Миңжылкиев, Х. Мухтаров, Т. Сейталиев ж. б.) репертуарын дайыма коокздоп, кооздоп келишкен. Анын «Комузчу» (сөзү Т. Үмөталиевдики), «Пахтачы селкиге» (сөзү А. Токомбаевдики) жана башка ырлары чыныгы элдик болуп, кыргыз вокалдык музыкасынын шедеврлеринен болгон [6].

Композитор өзүнүн бүткүл чыгармачылык жолунда балдар үчүн музыкага зор кеңүл бурат. Ошентип, сопрано жана фортепиано үчүн «Биз бактылуу балдарбыз» (сөзү Т. Кожомбердиевдики) вокалдык цикли угуучулар арасында татыктуу ийгиликке ээ болуп, композитордун вокалдык чыгармачылыгынын чыныгы көркөм жасалгасы болуп саналат.

Театралдык образдар, тентектик, мээримдуу интонация, чын ыкластуу сезимдер, артисттик ж.б. Калый Молдобасановдун көптөгөн миниатюраларында: аспаптык пьесаларда, ансамблдерде, ырларда көрүнөт. Табияты боюнча тамашакөй, алар күлкүлүү, визуалдык жактан так графикалык деталдарга жык толгон [3;78].

К. Молдобасанов музыкалык чыгармачылык менен гана алектенбестен педагогикалык кесипте да жигердүү эмгектенди. Анын педагогикалык ишмердүүлүгү 1955-жылдан башталат. Дал ошол жылдан баштап ал М. Куренкеев атындагы музыкалык-хореографиялык училищеде, ал эми 1975-жылдан тартып борборубуздагы Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамалекеттик искусство институтунда композиция кафедрасында сабак бере баштаган.

Кийинчерээк, консерваторияда сабак берип, педагогдук кесипте да эмгектенген. 1983-86-жылдары искусство институтунун ректору болгон, профессор наамына татыган.

Маэстро Москва, Ленинград, Алматы, Новокузнецк ж.б. шаарлардын театр спектаклдерине дирижёрлук кылган. Бул да болсо композитордун чеберчилигин, талантын жогору баалагандыктын белгиси десек болот.

К. Молдобасанов коомдук турмушта дагы өзүнүн активдүүлүгүн, уюштурууучулук жөндөмүн көрсөтөкөн инсан болгон. Маселен, 1979-жылдан 1995-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Композиторлор союзун жетектеген. 1975-жылдан Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты, ал эми 1989-жылы СССР эл депутаты болуп шайланган.

Композитордун эмгеги мамлекет тарабынан жогору бааланып, 1967-жылы Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, 1974-жылы Кыргыз ССРинин эл артисти, 1979-жылдан СССРдин эл артисти наамына арзыган. 1991-жылы Социалисттик эмгектин баатыры наамы ыйгарылып, Ленин ордени тапшырылган. Ага чейин эле «Ардак Белгиси» (1958), «Эмгек Кызыл Туу» (1968) ордендеринин, «Каарман эмгеги үчүн» медалынын ээси болгон. Кыргызстан Эгемендүүлүк алгандан кийин, 1997-жылы 3-даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган. Өмүрүнүн аягында Кыргыз Республикасынын Баатыры наамы берилген.

Белгилүү композитор, маданият ишмери, дирижёр жана Кыргыз Республикасынын гимнинин автору К. Молдобасанов 2006-жылы 29-майда көз жумган. 2012-жылы Кыргыз Улуттук консерваториясына Калый Молдобасановдун ысымы ыйгарылды.

Арадан бир нече жылдар өткөнүнө карабастан залкар композитор Калый Молдобасановдун юбилейлери мамлекеттик деңгээлде белгиленип келүүдө. Ал эми чыгармалары кыргыз музыкалык искусствосунун тарыхында алтын тамгалар менен жазылып, кылымдарды карытарын мезгил тастыктап келет.

**Адабияттар**


1. Алагушев Б. «Саманчынын жолу» балет-ораториясы // Кыргызстан маданияты, 1976, 16 август.
2. Антология советской детской песни. Вып.10. – М.: Музгиз, 1962.
3. Баялиева Ч. К вопросу о синтезе жанров в искусстве [Текст] / Ч. Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1983.
4. Кантаты, хоры (Кантаталар, хорлор). - Ф.: Кыргызстан, 1979.
5. Кыргыз Совет Энциклопедиясы: 6 томдук / Башкы редактор Б. Орузбаева/. – Ф.: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы. Т.4. 1979.
6. Песни и романсы для голоса с фортепиано. – М.: Советский композитор, 1962.
7. Семь полифонических пьес. – В сб.: Полифонические пьесы для фортепиано. Вып. 1. - М.: Советский композитор, 1982.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 74-79

***ИСКУССТВО***

**УДК: 37.015**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_12

# ИНСАНДЫН КАЛЫПТАНУУСУНДА ИСКУССТВОНУН РОЛУ

## РОЛЬ ИСКУССТВА В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТИ

## THE ROLE OF ART IN PERSONALITY FORMATION

**Итигулова Жылдыз Кайбалиевна**
*Итигулова Жылдыз Кайбалиевна*
*Itigulova Yildyz Kaibalievna*

**ф.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Ph.D., associate professor, Osh State University*

---

**Токтогулова Н.М**
*Токтогулова Н.М*
*Toktogulova N.M*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master’s student, Osh State University*

# ИНСАНДЫН КАЛЫПТАНУУСУНДА ИСКУССТВОНУН РОЛУ

**Аннотация**

Бул макалада инсанды калыптандыруу маселеси, андагы көйгөйлөр жана аларды чечүүнүн жолдору каралат, азыркы коомго шайкеш келген, рухий маселелерди чечүүгө даяр, демилгелүү инсанды калыптандыруунун натыйжалуу жолдорун издөө зарылдыгы макаланын актуалдуулугу деп эсептейбиз.

***Ачкыч сөздөр:*** эстетикалык тарбия, эстетикалык табит, искусство, биргелешүү, мугалим, инсан, көркөм өнөр, жөндөмдүүлүк, өнүгүү, чыгармачылык.

---

***РОЛЬ ИСКУССТВА В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТИ***

**Аннотация**
В данной статье рассматривается проблема формирования личности, изучаются текущие тенденции и пути их преодоления, обсуждаются духовные аспекты, необходимые для преодоления духовных проблем, и определяются пути успешного формирования личности.

***Ключевые слова:*** эстетическое воспитание, эстетическое восприятие, искусство, совместное действие, учитель, личность, коллективное достоинство.

***THE ROLE OF ART IN PERSONALITY FORMATION***

**Abstract**
This article examines the issue of personality formation, analyzes current trends and ways to overcome them, discusses spiritual aspects necessary for overcoming spiritual problems, and identifies paths to successful personality development.

***Keywords:*** aesthetic education, aesthetic perception, art, collaborative action, teacher, individual, collective dignity.

Инсанды калыптандыруу – бардык мезгилде, бардык элдер үчүн коомдун рухий жашоосунда маанилүү маселе болуп келет. Адамзаттын жашоосун адептик-рухий тарбиясыз элестетүүгө мүмкүн эмес, анткени мурдагы муундун тажрыйбасын кийинки муунга жеткирбестен, коомдун өнүгүшү мүмкүн эмес. “Адамды өркүндөтүүнүн улуу сыры – тарбияда, адамдын табийгатын түшүнүүнүн улуу сыры – педагогикада,”- деп улуу Немец философу И.Кант бекеринен айтпаса керек. Тарбия – адамды интелектуалдык, рухий, физикалык өнүктүрүү искусствосу. Тарбиялоо – татаал процесс, ал ар түрдүү педагогикалык иш-аракеттерди ичине камтыйт: улуттук, элдик, адамзаттык маданияттын негизин түшүндүрөт, туура багыт берет, адам менен мамиле түзүүгө, кызматташууга үйрөтөт, турмуштун философиясын үйрөтөт, жашоого даярдайт ж.б.

Тилекке каршы кийинки мезгилдерде балдардын психикалык, соматикалык көйгөйлөрү көбөйдү, интеллекти төмөн, суйлөө речи өнүкпөгөн, эмоционалдык абалы начар, рухий баалуулуктар жөнүндө түшүнүгү жок өспүрүмдөр арбып баратат. Учурда адептик-рухий кризистен коомду чыгаруу оор маселелердин бири болууда, ошондуктан жаңы социалдык, саясий, экономикалык шартка ылайык жаңы мазмундун негизинде жаш муундарды жаңыча калыптандыруунун зарылчылыгы бышып жетилди. Билим берүүчү уюмдардан эл гуманист адамды, патриот-жаранды, жакшы бүлөкорду, эмгекчил-жаратманды, ыймандуу инсанды калыптандыруусун күтүүдө. Андыктан азыркы коомго шайкеш келген, рухий маселелерди чечүүгө даяр, демилгелүү инсанды калыптандыруунун натыйжалуу жолдорун табуунун зарылдыгы бул макаланын актуалдуулугу деп эсептейбиз.

Психологияда “бөлүкчө адам” (башкалардын баалуулугун түшүнбөгөн, күн тийген жердин күкүгү), “бурама адам” (өзүнө талаптары минималдуу койгон, өз ою жок, башкаруучунун сөзүн кыңк этпей аткаруучу), “адам хакер” (компьютер менен гана иши бар, өзүнчө жашаган), “тиешеси жок адам” (туугандарына, жакындарына жан тартпаган, кайдигер), “масса адам” (эл кандай болсо, мен да ошондой болом, формалдуу окуйт, аткарат), “робот адам” (адам-машине, баалуулугу жок), “адам фантом” (ырайымсыз, катаал), “адам романтик” (чексиз кызыкчылыгы бар, бирок, өзү ишсиз, аракетсиз) деген сыяктуу адамдын типтери пайда болду. Бул–учурдагы коомдук цивилизациянын жемиши, философ Н. Бердяевдин: “Техникалык цивилизация – имперсионисттик, ал адамдан инсан чыгышын каалабайт, активдүүлүгүн каалайт,” – дегени турмуш чындыгына айланды десек жаңылышпайбыз.[1, 91б]

Жалпы эле коомчулукта, аны менен бирге эле кыргыз агартуусунда да адептик-рухий тарбиядагы проблемалар көбөйүп баратат, андан чыга албасак да, азайтуунун жолун издөө иштин максаты деп эсептейбиз. Инсан (личность) – бул бытиенин, адамдын, коомдун табийгатын тааныган эркин адам. Төрөлгөн бөбөк чыгармачылык эмгектин натыйжасында гана инсан болуп калыптанаары баарыбызга белгилүү. Демек ар тараптан өнүккөн инсанды калыптандыруунун каражаты катары этнопедагогикабызга, көркөм өнөргө кайрылуунун зарылдыгын турмуш чындыгы көрсөтүп турат. Искусствонун инсанды калыптандыруудагы негизги милдети - табияттагы, көркөм өнөрдөгү, адамдардын мамилесиндеги руханий асылзаттыкты, боорукердикти, ак ниеттүүлүктү көрө билүүгө үйрөтүү жана анын негизинде өзүндөгү адепти, нравалуулукту түптөө болуп саналат. Анын бирден бир каражаты катары көркөм өнөр, сүрөт, музыка, адабият менен театр, музыкалык обондор эсептелет.

Байыртадан эле агартуучулар көркөм өнөрдүн тарбиялык мааниси өтө чоң деп эсептеп, адептүүлүккө тарбиялоодо, көркөм табитти калыптандыруудагы эң негизги ролду искусствого ыйгарышкан. Мектеп жана үй-бүлөнүн негизги милдети — балдарды жашынан эле сырткы дүйнөдөгү, табияттагы, коомдук мамилелердеги сулуулуктарды көрүп түшүнө билүүгө үйрөтүү болсо, искусство- чыныгы инсанды калыптандыруунун эң зарыл составдуу бөлүгү катары баалангандыгы баарыбызга белгилүү.

Инсандын калыптанышындагы көркөм өнөрдүн ролун белгилөө менен В.А.Сухомлинский мындай деп жазат: “Адам өз колу менен биринчи эмгек куралдарын жасагандыгы менен гана айбанат дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, бары-жокко жөндөмдүү жаныбарга айланган эмес. Ал көк асмандагы мелтиреген түрдүү түстү, жымыңдаган жылдыздарды, танкы күн чыгаардагы адамды магдыраткан кооздукту, бүркөлүп ачылаардагы күндүн манаттай кызарып батышын, мемиреген учу-кыйырсызсыз чексиз талааны, мелтиреген көк асмандагы шурудай тизилген каркыралардын учканын, эрте мененки мөлтүрөгөн тунук шүүдүрүмдөгү күндүн чагылышы, күзгү бүркөө күндөгү  төгүлүп жааган майда жамгырды, байчечекейлердин назик сабагы менен коңгуроо кейиптүү жашыл гүлдөрүн көрө алган. Көрүп, аларга суктануу менен өзүнүн сулуу кооздуктарын жарата баштаган. Сен да ошол сулуулуктарга карап тандана алсаң, сенин жүрөгүндө да сулуулук гүлдөй ачылат. Адам ушинтип адам болгон”.[2, 117б]

Инсанды калыптандырууда илим менен көркөм өнөрдүн өз ара байланышы зарыл, өтө маанилүү. Көркөм өнөр - билим менен бекем байланышканда гана баланын акылын өстүрүп, сырткы дүйнө жөнүндөгү илимий түшүнүгүн калыптандырарын турмуш далилдеп келет. Кийинки мезгилде мектептерде көркөм адабий студиялар, мектеп театрлары, музыка, сүрөт өнөрүн сүйүүчүлөрдүн клубу, кечелер, концерттер азайып, а түгүл жок болуп деле кеткенин билебиз [6, 7, 8].

Бирок, **музыка** инсандын руханий өсүүсүндөгү негизги каражаттардын бири болуп эсептелет. Ал адамдын нравалык, эмоционалдык жана эстетикалык чөйрөсүн бириктирет. Музыка - адамдын жан дүйнөсүнө сөз жеткире  албаган сезимди, көркөмдүктү, сулуулукту, кооздукту, сүйүүнү бере алат.

Музыка – сооротуу, тынчтандыруу, басылтуу менен дарылануу үчүн, ошондой эле чарчаган кезде аны менен күрөшүүгө, жумуш кылардын алдында сергектик багыт берүүгө, кандайдыр бир тыныгуу убагында жакшы эс алууга жардам берет (мисалы: бешик ырлары). Инсандын иммунитетин көтөрүүгө, денедеги заттардын алмашуусун жакшыртууга жана оорунун алгачкы пайда болуу процессин төмөндөтүүгө музыканын жардам берери илимий жактан далилденген. Адамды дарылоодо музыканын эффективдүү күчү бар экендигин да байыркы заманда эле айтып, жада калса өз турмуштарында да колдонуп келишкен. Адамдын организмине музыканын тийгизген таасири жана дарылык касиети жөнүндөгү алгачкы илимий божомолдорду өз доорунда Байыркы Грек философу Пифагор айтып кеткен.[3, 279б]

Музыкада жазылган мелодияларда адамды дүүлүктүрүүгө түртүп туруучу касиети бар экендигин аныкташкан. Мындай акыбалда согушууга же урушууга психологиялык жактан даяр болуп, тайманбастык акыбалга келерин да айтышкан (патриотизмди козгогон марштар). Музыканын жардамы менен адамдын дем алуу органдарынын иш-аракеттерин жана нерв системасынын тең салмактуулугун орнотсо болот дешкен. Ошондой эле чарчоону жоюуга же шамдагайлыкты, сергектикти жогорулатууга, туура эмес жана ашыкча кыймылдарды жөнгө

салууга жана өтө эле толкунданган темпераментти басаңдатууга музыканын жардамы аябагандай зор экендигин белгилүү психолог, физиолог жана таланттуу дарыгер В.М Бехтерев тастыктаган.[4, 121б]

Демек, инсандык калыптанууда музыкаканын ролу жогору, ал эми музыкасыз ал аксак болуп калаары шексиз. Музыка ыр сабагы эле эмес, Д.Кабалевский айткандай, музыка адамдын жашоосуна “кошумча” эмес, ал жашоонун өзү.[5, 39б]

Адам музыканы канчалык көп угуп, өзү тынымсыз кыңылдап ырдап жүрсө гана, анын бүт инсандык сапаттары өсүп, шык, таланттары артат. Улуу илимпоз Ч. Дарвин: «Эгерде мен кайрадан жарык дүйнөдө дагы бир жолу жашап калсам, эң жок дегенде аптасына бир жолу бир нече ыр окушту жана музыка угушту эреже кылып алат элем. Ушундай үзгүлтүксүз көнүгүүнүн натыйжасында азыркы мээмдеги шал болуп калган бөлүктөрдөгү активдүүлүктү мүмкүн сактап калаар белем. Бул табитти жоготуу бакытты жоготууга барабар эмеспи, мүмкүн акыл жөндөмүнө, андан да көбүрөөк адеп-ахлагыма мунун зыяны тийип жаткандыр»- деген ойду бекеринен айтпаса керек.[3,110б]

**Сүрөт** өнөрү- асылзат дүйнөнү көрө турган жарык терезенин дагы бири болуп эсептелет. Сүрөт искусствосу да инсанды калыптандыруунун күчтүү каражаттарынын бири. «Окуучулардын руханий дүйнөсү» деген китебинде В.А.Сухомлинский башталгыч класс окуучуларынын жан дүйнөсүнүн баюусундагы сүрөт сабагынын таасирине жүргүзгөн байкоосун баяндап: “Бүт балдарга сүрөт тартууну тамганы жазууну окуткандай кылып үйрөткөн өлкө көркөм өнөрдүн бардык түрү боюнча башка өлкөлөрдү бат эле басып өтүп кетерин белгилеп көрсөткөн.”[2, 320б]

Музыка жана сүрөт инсандын ар тараптан өркүндөп жетилүүсүнүн эң эле күчтүү каражаттары болгондугуна карабастан, театрларда спектаклдер коюлбай, ырлардын мааниси иргелбей, адабий кружоктор иштебей, өспүрүмдөргө арналган газета-журналдар чыкпай, акча үчүн күрөш биринчи орунга чыккан коомдо, албетте инсандык калыптануу кризиске кептелет... Келечек муундун искусство менен болгон байланышы өз элинин жана дүйнөлүк маданий баалуулуктарды өздөштүрүүгө гана эмес, инсандын калыптануу процессине да чоң таасирин тийгизерин белгиледик. Айтылгандарды жыйынтыктап, көркөм өнөрдүн аткарган төмөндөгү функцияларын бөлүп көрсөтөлү:

- Эстетикалык функция-эстетикалык табитти түзөт. Көркөм чыгарманы баамдап, түшүнүү менен анын мазмунун гана сиңирип тим болбостон, бул мазмунду жүрөктөн, сезимдерден өткөрүп, сүрөткер жараткан сезимдик конкреттүү образдарга эстетикалык баа берүүгө үйрөтөт. Искусство эстетикалык баа берүү жөндөмүн калыптандырат, эмненин чыныгы кооз жана улуу экенин ажырата билүүгө үйрөтөт;
- Социалдык функция искусствонун коомго идеологиялык таасирин тийгизгендигинде, ошону менен коомдук чындыкты өзгөртүүдө көрүнөт;
- Компенсациялык функция психикалык тең салмактуулукту калыбына келтирүүгө, психологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө, боз күнүмдүк жашоодон убактылуу “качууга”, күнүмдүк жашоодо сулуулуктун жана гармониянын жоктугунун ордун толтурууга мүмкүндүк берет;
- Гедонисттик функция искусствонун адамга ырахат тартуулоо жөндөмүн чагылдырат;

- Когнитивдик функция реалдуулукту билүүгө жана аны көркөм образдардын жардамы менен анализдөөгө мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Бердяев Н. О назначении человека – М., 2011- 91 б.
2. Сухомлинский В.А., Сердце отдаю детям. – М., Издательство Концептуал, 2019 – 117 б., 320 б.
3. Душенко К.В. Мысли и изречения древних. –М., 2008. 110б, 279 б.
4. И.Ф. Харламов. Педагогика. – М., Гордарика, 2002, 121 б.
5. Байгазиев С. Педагогикалык руханият – Бишкек, 2008; 39, 25 б-т.
6. Курбанбаев, К.А., Ахмеджанова А.М. (2021). Мораль менен искусствонун өз ара байланышы. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 1, No. 3, сс. 252-258. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_3_252. EDN: NXLZCN.
7. Мурзакматов, А., & Абдираим уулу, К. (2023). Мектеп окуучуларында музыкалык кабыл алууну өнүктүрүү. *Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология*, 1(1), 49-54. https://doi.org/10.52754/16948823_2023_1(1)_7.
8. Ысмайылов, М.З., Мамазаиров, М.Л., Абдураимова, Н.И. (2021). Көркөм сүрөт өнөрү жана анын адам турмушундагы орду. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 1, No. 4, сс. 384-392. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_4_384. EDN: WFKYFC.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 80-86

***ИСКУССТВО***

**УДК: 7. 7. 01**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_13

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ИСКУССТВОНУН РОЛУ

## РОЛЬ ИСКУССТВА В ХУДОЖЕСТВЕННО-ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ ШКОЛЬНИКОВ

## THE ROLE OF ART IN THE ART AND AESTHETIC EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN

**Макаев Таалайбек**
*Макаев Таалайбек*
*Makaev Taalaibek*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master's student, Osh State University*

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНА КӨРКӨМ-ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ ИСКУССТВОНУН РОЛУ

**Аннотация**

Бул макалада негизинен искусствонун мектеп окуучуларна эстетикалык тарбия берүүдөгү тийгизген таасири, ролу тууралуу баяндалат. Эстетикалык тарбиянын чыгармачылык өңүттүн калыптануусундагы мааниси баланын сезиминин өрчүүсүнө түрткү берүүсү, инсандык сезимин тариздөө жана байытуусунда гана эмес, дүйнөгө болгон көркөм мамиленин рационалдык жана эмоцианалдык муктаждыгын да негиздейт. Эстетикалык тарбия гана дүйнө таануу сезиминин калыптануусунда чоң мааниге ээ жана ал сезимди өрчүтөт.

***Ачкыч сөздөр:*** искусство, эстетика, чыгармачылык, калыптануу, сезим, рационалдык, инсан, эмоционалдык.

## *РОЛЬ ИСКУССТВА В ХУДОЖЕСТВЕННО-ЭСТЕТИЧЕСКОМ ВОСПИТАНИИ ШКОЛЬНИКОВ*

**Аннотация**

В статье в основном описывается влияние и роль искусства в эстетическом воспитании школьников. Значение эстетического воспитания в формировании творческой стороны заключается не только в стимулировании развития чувств ребенка, оформлении и обогащении чувства личности, но и в становлении рационально-эмоциональной потребности в художественном подходе к миру. Только эстетическое воспитание имеет большое значение в формировании чувства познания мира и развивает это чувство.

***Ключевые слова:*** искусство, эстетика, творчество, формирование, чувство, рациональность, личность, эмоциональный.

## *THE ROLE OF ART IN THE ART AND AESTHETIC EDUCATION OF SCHOOLCHILDREN*

**Abstract**

The article mainly describes the influence and role of art in the aesthetic education of schoolchildren. The value of aesthetic education in the formation of the creative side lies not only in stimulating the development of the child's feelings, shaping and enriching the sense of personality, but also in the formation of a rational-emotional need for an artistic approach to the world. Only aesthetic education is of great importance in the formation of a sense of knowledge of the world and develops this feeling.

***Keywords:*** art, aesthetics, creativity, formation, feeling, rationality, personality, emotional

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Искусствонун каражаттары менен эстетикалык тарбиялоо педагогикада көркөм тарбия деп кабыл алынган. Искусствонун чыгармаларына түздөн түз кайрылуу менен көркөм тарбия окуучунун коомдуктагы кубулушту туура кабыл алуусун өнүктүрүүнү кабыл кылат. Бул деген окуучу профессионал сүрөтчү же адис искусство таануучу болуусу керек дегендикке жакпайт. Окуучу бир нече көркөм чыгармаларды билүү менен бирге, тигил же бул искусствонун тарбиясын жана тарыхында белгилүү деңгээлден маалымат алуусу керек.

Бул макалада негизинен музыканын, искусствонун ролу мектеп окуучуларынын таалим-тарбиясына, адеп-ахлагына тийгизген таасири тууралуу баяндалды.

Көркөм өнөрдүн бир нече түрү бар: адабият, музыка, сүрөт тартуу, театр, архитектура жана башка. Баланы тарбиялоодо көркөм өнөрдүн жалгыз тана түрү менен чектелүүгө болбойт. Көркөм өнөрдүн бир нече түрү тана жеткиликтүү эстетикалык тарбия берүүгө өбөлгө болот. Эстетикалык тарбия баланын жаңы гана кадам шилтеп, сүйлөп, кылыктары чыга баштаган убактан башталат. Балага көркөм өнөрдү эрте тааныштыруу менен бирге анын чыгармачыл жана өрчүгөн инсан болуусуна шарт түзүлөт.

Балалыктын алгачкы күндөрүнөн баштап оюн ойноо менен айлана чөйрөгө көнүшө баштайт. Башкаларды кайталоо менен кыймылдын маданиятын жана адам менен баарлашуунун элементтерин үйрөнөт. Оюн ойноо баланын ой жүгүртүүсүнүн, алгачкы эстетикалык таасирленүүсүнүн, ошондой эле андагы чыгармачылыктын ойгонуусунун эң алгачкы жана эң үзүрлүү ыкмасы. Балдарды көркөм өнөрдүн эбегейсиз зор дүйнөсү менен тааныштырууга, айлана чөйрөдөгү чындыкты көрө билүүсүнө, толук адеп ахлактуу болуп өсүүсүнө, ой-жүгүртүүсүнүн өрчүүсүнө, билим алуусуна, мээсинин оң жана сол жарым шарларынын активдештирилүүсүнө эстетикалык даярдоо абзел. Бул жаатта инсанга эстетикалык таасир этүү жардам берет: көркөм чыгарманын образдуу материалы, фольклор, этникалык, улуттук үрп-адаттар. Эстетикалык өрчүүнүн ыкмаларын колдонуу менен башталгыч класс окуучуларын окутуу чоң жыйынтык алып келет. Себеби чыгармачыл ишмердүүлүктүн эстетикалык багытын уюштуруу билим берүүдөгү үч компонентти ишке ашырат. Алар: окутуу процесси, билим берүүчү мекеменин коомдук чөйрө менен байланышынын негизинде сабактан жана мектептен тышкаркы иш-аракеттер[1].

Кыргыз тил сабагында балада Кыргызстандын биримдиги, тилдин жана маданияттын көп жактуулугу тууралуу баштапкы ой жүгүртүүсү калыптанат; туура, көркөм сүйлөө калыптанат, окууга болгон сүйүүсү ойгонот. Сабактан тышкаркы ишмердүүлүк менен байланыш формалары ар түрдүү: сүйлөө речин өрчүтүү сабактары, риторика, сүйлөшүү маданияты. Майрамдардын сценарийлерин жазуу, театрлаштыруу, көркөм окуу кружоктору, театрга баруу өзгөчө мааниге ээ. Булардын жардамында балада көркөм өнөргө болгон табити ойгонот, коомдогу тажрыйбасы кеңейт, көркөм сүйлөөгө кызыгуусу артат.

Айлана-чөйрө тууралуу сабактарда балада патриоттук сезим ойгонот, мекенге болгон сүйүү пайда болот. Буга өлкө таанууну уюштуруу, «Ветерандарга камкордук», «Жер жүзүнүн тазалыгы үчүн» деген коомдук акцияларга катышуу өбөлгө болот. Мектеп музейинин иши, мектеп үрп адатынын калыптанышы, балдардын кабыл алуусуна таасир берүүчү элдик

[1] Баренбойм, Перунова Н. Путь к музыке. М.: 1988.

тарыхый окуялар, аярлап сактоону талап кылган жаратылыштын кооздугу, эстетикалык таасир этүү каражаттарынын натыйжалуулугу өзгөчө маанимге ээ. Кыргыз элинин руханий-адеп-ахлактуулук маданиятынын негизинде жүргүзүлгөн сабактан тышкаркы иш аракеттер чоң мааниге татыйт. Мында майрамдарды өткөрүү, мугалимдер менен ата-энелердин катышуусундагы элдик оюн-зоокторду, элдик каада салттарды театрлаштырылган көрсөтүүлөрдү уюштурууга болот. Клуб жана кружоктор чоң ролду ойнойт, мисалга, «Жандуу этика», «Мамиле маданияты». Булардын баары биригип эстетикалык өсүү жана руханий-адеп-ахлактык тарбия маселелерин чечүүгө мүмкүндүк берет. Көркөм өнөр сабактары да өзгөчө мааниге ээ. Эстетикалык таануунун жана чыгармачылыктын процессинде салтка, үрп-адатка, элдик фольклорго болгон класстан класска ыраатту у кызыгуунун өрчүшү чыныгы патриоттордун, сактоочулардын, мыкты ойлоп табуучулардын калыптануусуна өбөлгө түзөт. Көркөм өнөр сабактары сабактан тышкаркы төмөнкүдөй ишмердүүлүктөрдө өзөктөш уланууга ээ, алар: белгилүү бир көркөм өнөр жаатына болгон ийкемдүүлүктү жогорулатууга багытталган кружокторду жана клубтарды уюштурууда, вокалдык жана драматикалык коллективтерди, көркөм сүрөт студияларын уюштурууда, башкача айтканда көркөм өнөр сабактарында алган билимди жана ыкты чыныгы чыгармачылык ишмердүүлүктө ишке ашыруу. Айтылган билим берүү жааты менен экскурсияларды уюштуруу, театр жана кинотеатрга баруу, маданият жана искусство ишмерлери менен жолугушууларды уюштуруу[2].

Мындан билим берүү программасынын бардык предметтик жааттарын анализдөөгө болот жана эстетикалык таасир этүү каражаттары окутуунун сапатын жаратаарына ынанабыз, себеби окууга болгон умтулуу жогорулоодо. Баланын конкреттүү предметке кызыгуусуна таянуу менен анын билимге умтулуусуна, жүрүм-турумуна, үй-бүлөсүнө, айлана-чөйрөгө, мекенге болгон мамилесине таасир берүүгө болот. Баса белгилөөчү нерсе таасир этүүнүн жыйынтыктуулугу башталгыч класс окуучуларынын эстетикалык өрчүүсү менен предметтик ишмердүүлүктүн байланышына көз каранды.

Эстетикалык тарбиянын чыгармачылык өңүттүн калыптануусундагы мааниси баланын сезиминин өрчүүсүнө түрткү берүүсү, инсандык сезимин тариздөө жана байытуусунда гана эмес, дүйнөгө болгон көркөм мамиленин рационалдык жана эмоцианалдык муктаждыгын да негиздейт. Эстетикалык тарбия гана дүйнө таануу сезиминин калыптануусунда чоң мааниге ээ жана ал сезимди өрчүтөт.

Баланын турмуш тажрыйбасы анын ар бир өрчүү баскычтарында ошончолук чектелгендиктен, жалпы көпчүлүктөн жеке эстетикалык табиятын бөлүп таануусу үчүн бир далай убакыт талап кылынат. Көркөм өнөрдүн максаты баланын көркөм өнөрдөн рахаттануусу, эстетикалык муктаждыктарын, кызыгууларын өрчүтүү, аларды эстетикалык табитин жогорулатуу, андан соң идеалдуулук даражасына жеткизүү. Окуучулардын көркөм потенциалы акын эстетикалык мүмкүнчүлүктөрү мүмкүн болушунча толугураак жана ырааттуулугу менен искусстводо гана байкалышы мүмкүн. Адам эмгеги менен жаралган искусство белгилүү бир тарыхый этапта материалдык өндүрүштөн өзгөчөлөнүп, коомдук аң сезимдин бир нормасы катары өзгөчө ишмердиктин түрүнө айланат. Искусство адамдын чындыкка болгон мамилесин эстетикалык өзгөчөлүктөрүн турмушка ашырат.

Искусствонун жогорку коомдук милдети - эл массасын көркөм өнөрлүккө, чеберчиликке

[2] Черноиваненко Н. М. Методика музыкального воспитание. – М.: Музыка, 1986.

ойготуу жана аларды өркүндөтүү болуп эсептелет. Көркөм өнөрчүлүккө, чеберчиликке ойготуу искусствону туура кабыл алуу үчүн гана эмес, жалпы маданияттуулуктун прогресси - эмгектин маданияты, жашоонун маданияты, эмоциянын маданияты үчүн да керек.

Кандай гана көркөм кооздук жөнүндөгү талкуу же лекция болбосун искусствонун өзүндөй эстетикалык таасирленүүнү бере албайт. Искусство тасирленүүнүн жандуу материалы, бул акысыз жасалга эмес, артыкчылык эмес, түштөнүүдөн кийин берилген таттуу тамак эмес, бул тарбиянын зарыл керектүү элементи[3].

Искусствонун каражаттары менен эстетикалык тарбиялоо педагогикада көркөм тарбия деп кабыл алынган. Искусствонун чыгармаларына түздөн түз кайрылуу менен көркөм тарбия окуучунун кооздуктагы кубулушту туура кабыл алуусун өнүктүрүүнү кабыл кылат. Бул деген окуучу профессионал сүрөтчү же адис искусство таануучу болуусу керек дегендикке жакпайт. Окуучу бир нече көркөм чыгармаларды билүү менен бирге, тигил же бул искусствонун тарбиясын жана тарыхында белгилүү деңгээлден маалымат алуусу керек. Искусствонун закондорун жана сүрөтчүлөрдүн чеберчилигин билүү окучууга искусствону эмоционалдуу кабыл кылууга шарт түзөт.

Мындай деген суроо туулушу мүмкүн: мектеп окуучуларынын көркөм кооздуктун асыл нускасын туура балоого жана түшүнүү ыкмаларына атайын тарбия керекпи? Эгерде жогорку искусство озүнүн жаратылышы боюнча жалпыга жеткиликтүү жана түшүнүктүү деп белгиленсе?

Чындыгында көрөм чыгармалар анык тараткан чыгармачыл адамга тана белгилүү болгондой табышмак болушу мүмкүн эмес. Бирок искусствонун жалпыга жеткилүктүүлүгүнө коюлган талап алынып ташталбастан, тескерисинче аны түшүнүш үчүн жакшы көркөм табитти тарбиялоону талап кылат.

Бул боюнча К. Маркстын пикири принципиалдуу мааниге ээ : “ Эгерде сен искусство менен ырахаттангың келсе, сен өзүн көркөм билимдүү адам болушуң керек”.

Искусствонун каражаттары менен окуучуларды, эстетикалык тарбиялоону искусствонун жаратылышына ылайык келүүчү, алардын ар биринин өзгөлүктөрү эске алынган ар түрдүү жолдор менен ишке ашырууга болот. Окуу процессинде окуучуларды көркөм тарбиялоонун төмөндөгү жалпы жана кеңири усулдарын белгилөөгө болот:

Көркөм чыгармаларды демонстрациялоо, көрсөтүү же аткаруу. Искусство менен түз байланышсыз, угуу жана көрүү сезимсиз эстетикалык тарбиянын ийгилигине жетишүү кыйын[4].

Искусствонун каражаттары менен окучууларды эстетикалык тарбиялоонун жаратылышына ылайык келүүчү, алардын ар биринин өзгөчөлүктөрү эске алынган ар түрдүү жолдор менен ишке ашырууга болот. Окуу процессинде окуучуларды көркөм тарбиялоонун төмөндөгү жалпы жана негизги усулдарын белгилөөгө болот.

Көркөм чыгармаларды демонстрациялоо, көрсөтүү же аткаруу Искусство менен туз байланышсыз угуу же көрүү сезимисиз эстетикалык тарбиянын ийгилигине жетишүү кыйын. Ошондуктан окуучулардын искусствонун кубулуштары менен түздөн түз мамилесинин

[3] Николаев А., Рощина Л. Роль музыки в эстетическом воспитании детей. М.: Музыка, 2020.
[4] Черноиваненко Н. М. Методика музыкального воспитание. – М.: Музыка, 1986.

аймагын максималдуу кеңейтүүгө аракет жасоо керек.

Көркөм чыгармаларды анализдөө, талдоо жана баалоо. Көркөм табит искусствонун жакшы сапаттарын баалоодон ырахат алуу дегендик эмес. Ал коооздуктун кубулуштарына баа берүүчүлүк мамилени тарбиялоого, баа берүүнүн системасына жана негиздүү эстетикалык ой жүгүртүүгө шарт түзүү дегендик. Искусство таануу илимдеринен кабардар кылуу. Окуучулар белгилүү деңгээлде ар түрдүү искусствонун теориясы, тарыхы жана алардын көркөм каражаттары жөнүндөгү маалыматтарды алуулары зарыл.

Окуучулар көркөм ишмердиктин ар түрдүү формасында көнүгүү жасап жатып, өздөрүнүн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана искусствонун каражаттары менен чындыктын кубулуштарын жана предметтерин кайра жаратуунун ыктарын өз алдынча өстүрүшөт. Эстетикалык тарбиялоонун жана аны өнүктүрүү процесинде белгилүү милдетти адабият, тил, ырдоо жана музыка жана көркөм өнөр искусствосу аткарат. Адабияттык табитти жана эстетикалык тасирленүү тарбиялоонун күчтүү каражаттарынын бири бул окуунун маданиятын өнүктүрүү болуп эсептелет. Тил сабагында окуучулар адабиятты, сөздүн искусствосу катары кабыл алууну, көркөм чыгармалардагы образдарды өзүнүн кыялында өздөштүрүүнү, каармандардын өзгөчөлүктөрүн мүнөздөрүн баамдоодо, алардын иш аракеттеринин мотивин анализдөөгө үйрөнүшөт. Окуунун маданиятына жетишкенден кийин окуучу окулган китеп эмнеге чакыраарын, эмнеге үйрөтөөрүн, кандай көркөм каражаттардын жардамы менен жазуучу окуучунун терең, айкын ойлонуусуна чакырып жатары жөнүндө ойлбого багыттайт.

Көркөм табитти тарбиялоо окучууларды эстетикалык ишмердикке үндөйт. Эстетикалык иштердин белгилүү жыйынтык жана искусство менен машыгуу мезгилинде алардын тажрыйбасына ылайык коооздуктун элементтерин турмушка ашыруу менен мүнөздөлөт. Жомокту же аңгемени аткарып жатып алар автор айтайын деген ойду, шартты, максатты кайрадан жараткандай болушат, б.а. каармандарын эмоционалдык абалын өзгөрүүнүн жеке тажрыйбасына жараша байыткан түрдө айтып беришет. Окуучулардын жеке тажрыйбасына, аз же чектелгендигине карабастан алардын аткаруусунда жазылып , кайталангыс өзгөчөлүк байкалып турат.

Окуучулук курак - бул окуучунун биринчи тажрыйбасынын курагы. Адабий чыгармачылыкта окуучулардын көркөм өнөрдүктө шыктандыруусунун жыйынтыгы тана мааниге ээ болбостон, ошол процесстин өзү окуучунун инсандын сапаттарын байытат. Ошол эле мезгилде балдардын бирөөну туурасынан, механикалык турдо копировкалоосунан этият болуу менен бирге аларды турмуштук байкоого, даана жана образдуу адабий форманы табууга үгүттөйбүз жана үйрөтүүбүз керек.

Музыкалык тарбияны негизин баатырдык жана музыкалык сезимдерди чогуу биргеликте баштан өткөргөн, музыкалык эске тутуусу, ритмдери, гармонияны, ырдоого көркөм табитти камсыз кылган хордук ырдоо болуп эсептелет. Көбүрөөк орун мектептерде музыкалык чыгармаларды угууга ошондой эле музыкалык сабаттуулуктун элементардык негиздерин тааныштырууга берилет.

**Адабияттар**

1. Агаронян А. С. Культура повседневной жизни. М.: 1991.

2. Баренбойм, Перунова Н. Путь к музыке. М.: 1988.
3. Курбанбаев, К.А., Ахмеджанова А.М. (2021). Мораль менен искусствонун өз ара байланышы. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 1, No. 3, сс. 252-258. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_3_252. EDN: NXLZCN.
4. Мурзакматов, А., & Абдираим уулу, К. (2023). Мектеп окуучуларында музыкалык кабыл алууну өнүктүрүү. *Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология*, 1(1), 49-54. https://doi.org/10.52754/16948823_2023_1(1)_7.
5. Мурзакулова Ч.А. (2019). Компетенттүү музыка адистиги мугалиминин заманбап балдардын тарбиялоодогу ролу. *Вестник Ошского государственного университета*, No. 1, сс. 116-120. EDN: ZOMXBB.
6. Николаев А., Рощина Л. Роль музыки в эстетическом воспитании детей. М.: Музыка, 2020.
7. Черноиваненко Н. М. Методика музыкального воспитание. – М.: Музыка, 1986.
8. Ысмайылов, М.З., Мамазаиров, М.Л., Абдураимова, Н.И. (2021). Көркөм сүрөт өнөрү жана анын адам турмушундагы орду. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 1, No. 4, сс. 384-392. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_4_384. EDN: WFKYFC.
9. Ястребова Н. А. Формирование эстетического идеала и искусство. М.: Музыка, 1978.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 87-93

***ИСКУССТВО***

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_14

# ЗАМАНБАП ЫРЛАРДЫН ЖАШТАРГА БЕРИП ЖАТКАН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ СОВРЕМЕННЫХ ПЕСЕН ДЛЯ МОЛОДЕЖИ

THE EDUCATIONAL VALUE OF MODERN SONGS FOR YOUTH

**Осмоналиев Эмил Авазбекович**
*Осмоналиев Эмил Авазбекович*
*Osmonaliev Emil Avazbekovich*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*
emil949596@gmail.com

---

**Абдувапова Гүлчехра Акылбековна**
*Абдувапова Гулчехра Акылбековна*
*Abduvapova Gulchekhra Akilbekovna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*
abduvapovagulchehra105@gmail.com

---

**Карыбекова Турдугүл Асылбековна**
*Карыбекова Турдугүл Асылбековна*
*Karybekova Turdugul Asylbekovna*

**м магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# ЗАМАНБАП ЫРЛАРДЫН ЖАШТАРГА БЕРИП ЖАТКАН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

**Аннотация**

Бул макалада XXI кылымдын башында чыгып жаткан кыргыздын заманбап музыкалык жанрындагы ырларынын буга чейинки XIX-XX кылымдын аягында чыккан кыргыздын классикалык музыкалык жанрындагы ырларына салыштырмалуу бир топ эле жеңил болуп баратканы баяндалат. Адам баласынын жашоо-турмушу канчалык жеңил болгон сайын, ыр жазуу да замандын талабына ылайык ошончолук жеңил болуп бара жатат. Азыркы учурда ырлардын жеңил жазылып жаткандыгы адамдын да жеңил ойлуулугунун таасири астында десек жаңылышпайбыз. Инсандын бири-бирине болгон сүйүүсү, мекенге болгон сүйүүсү да мурдагыга караганда бир эле топ айырмаланып баратканын байкоого болот. Музыка кылымдар бою кандай гана чөйрөдө болбосун маанай жаратып, ыр угуу аркылуу инсанды руханий жактан ички сезимдерин ойготуу үчүн колдонулуп келген. Диний ырым-жырымдардан тартып үйлөнүү үлпөтүнө жана сөөк коюуга чейин музыканын сезимдерди козгоп, адамдар арасында байланыш сезимин жаратуучу күчү болгон. Ал эми эс алууга келгенде, музыка акыл-эсти тынчтандыруу жана стресс деңгээлин төмөндөтүү үчүн күчтүү курал боло алган. Ыр угууда музыканы туура тандоо менен адам баласы кандайдыр бир ички дүйнөсүндөгү оруулардан арылып, бул жашоонун жыргалчылыгына өбөлгө түзүп, жагдайына жараша тынчтандыруучу атмосфера түзө алышы жөнүндө маалыматтар берилди.

***Ачкыч сөздөр:*** акыл-эс, атмосфера, дербиш, руханий, мажор, минор, ырым-жырым, стресс.

## *ВОСПИТАТЕЛЬНОЕ ЗНАЧЕНИЕ СОВРЕМЕННЫХ ПЕСЕН ДЛЯ МОЛОДЕЖИ*

**Аннотация**

В данной статье описывается тот факт, что кыргызские песни в современном музыкальном жанре, выпущенные в начале XXI века, становятся значительно легче по сравнению с песнями кыргызской классической музыки, выпущенными в конце XIX – XX века. По мере того, как жизнь людей становится легче, писать песни в соответствии с потребностями времени также становится легче. Можно сказать, что в наши дни песни легко пишутся под влиянием легкомыслия людей. Можно заметить, что любовь людей друг к другу и их любовь к Родине сильно отличаются от прежних. Музыка веками использовалась для создания настроения в любой обстановке и пробуждения внутренних духовных чувств человека посредством прослушивания музыки. От религиозных церемоний до свадеб и похорон музыка способна вызывать эмоции и создавать ощущение связи между людьми. А когда дело доходит до релаксации, музыка может стать мощным инструментом успокоения ума и снижения уровня стресса. Была дана информация о том, что, выбрав правильную музыку при прослушивании песни, человек может избавиться от некоторых внутренних проблем, способствовать благополучию жизни, создать успокаивающую атмосферу в зависимости от ситуации.

***Ключевые слова:*** разум, атмосфера, дервиш, духовность, мажор, минор, ритуал, стресс.

## *THE EDUCATIONAL VALUE OF MODERN SONGS FOR YOUTH*

**Abstract**

This article describes the fact that Kyrgyz songs in the modern musical genre, released at the beginning of the 21st century, are becoming significantly lighter compared to songs of Kyrgyz classical music, released at the end of the 19th and 20th centuries. As people's lives become easier, writing songs according to the needs of the times also becomes easier. It can be said that nowadays songs are easily written under the influence of the frivolity of people. You can notice that people’s love for each other and their love for their Motherland are very different from before. Music has been used for centuries to create the mood in any environment and awaken a person's inner spiritual feelings through listening to music. From religious ceremonies to weddings and funerals, music has the power to evoke emotions and create a sense of connection between people. And when it comes to relaxation, music can be a powerful tool for calming the mind and reducing stress levels. Information was given that by choosing the right music while listening to a song, a person can get rid of some internal problems, promote well-being in life, and create a calming atmosphere depending on the situation.

***Keywords:*** mind, atmosphere, dervish, spirituality, major, minor, ritual, stress.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Азыркы XXI кылымдын жаштары XIX-XX кылымдагы ырлардын маани-маңызына түшүнүшпөй келе жаткандыгын айта турган болсок. Мисалы: эмгек, партия, лелинчил ырлары. Замандын талабына ылайык азыркы эл ичинде аткарылып жүргөн заманбап ырларды маанилүү жана маңыздуу жазып жаткан көрүнүктүү акын, обончу жана композиторлорубуз, акындарыбыз жок эмес. Алсак: А. Кубанычбеков, Б. Жамгырчиев, Б. Чотурова, Б. Борбиев, С. Бейшекеев, ж.б. Ал эми жаш обончуларыбыз Г. Сатыбеков, М. Атабеков, Н. Насип, Т. Колдошов, ж.б.у.с. “Бардык нерсе ниетке жараша болот” деген кыргызда накыл сөз бар эмеспи, ошол сыңарындай эле музыканы да тандап угуу абзел. Кайгылуу (минордук) музыканы уккан адамдын жашоосу да кайгылуу жана аракетсиз болуп калат. Шаңдуу (мажордук) музыканы уккан адамдын жашоосу да шаңдуу жана ошол адамдын жашоого болгон аракети кучтуу болот.

Мен далил катары жашоомдо болгон бир окуяны жаза кетейин. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти (2017-ж.), ырчы-обончу Г. Сатыбековдун “Мен сенден кетейинчи” деген ыры 2013-жылдары жаңыдан чыккан эле. Жолдошум Ош-Бишкек жолунда жүк ташуучу унаа айдоочу. Ошол ырды эртеден кечке угуп да, ырдап да жүрдү. Ошондой эле жолду да ушул ырды угуу менен кыскартты. Ошондо ырга маани бербегеним менен жолдошума суроо бердим. Эмнеге кечке эле ушул ырды уга бересиз деп. Анан жолдошум мага мындай деп жооп берди. Бул ыр өзүнчө бир башкача жазылыптыр. Мааниси, музыкасы да соонун жазылган деди.

**“Мен сенден кетейинчи”**

сөзү, обону: Г. Сатыбековдуку

*Бак тиктик, дарактар да куурап калды,*
*Тамыры сууга жетпей куурап калды.*
*Үйрүлүп мээримиңди төксөм дагы,*
*Көңүлүм жакшы сөзгө суусап калды.*
***Кайырмасы:***
*Мен сенден кетейинчи, кетейинчи,*
*Жаныңда өзүмдү-өзүм жебейинчи.*
*Бактымды бир өзүңө байлаганча,*
*Кыдырып дербиш болуп кетейинчи.*

Мен жогорудагы ырдын маанисине көнүл бурбагандыктан унчукпай эле кала бердим. Бирок жолдошум көп узабай авто кырсыктан каза болуп, о дүйнөгө сапар алып кетти. Бир күнү ошол “Мен сенден кетейинчи” деген ырды кайра угуп калдым. Укканда да ырдын сөзү, обонуна аябай маани берип уктум. Ошондо гана ал ырдын маанисине түшүндүм. Бирок анда кеч болуп калаган эле. Эмнеге “Дербиш” болуп кеткиси келди экен деп сурагым келди, бирок жооп ала албайт элем. Бул жашоодон кетишин жүрөгү сездиби же музыка жашоосун өзгөрттүбү ал жагы мен үчүн караңгы бойдон кала берди.

Музыка - кээде адамдын жашоосун, кулк-мүнөзүн өзгөртүп жүрөктөрдү жумшарта алат. Жогоруда айтылгандай эле адам баласы кечке кайгылуу музыканы уга берсе, жашоого болгон көз карашы үмүтсүз болуп калышы толук ыктымал. Себеби адам бир машина сыяктуу. Музыка клеткалар аркылуу жүрөкө (адамдын матору) алып келет, жүрөк мээге жеткирет, мээ болсо бүткүл органдарга жеткирип турат. Ошондон улам ар бир клетканын жашоого болгон аракети

азая баштайт. Ошондуктан музыканы угууда биринчи ырдын сөздөрүнө (текстине), экинчи маанисине көңүл буруп угуу өтө заарыл.

Жогорудагы ырдын текстинен "Дербиш" деген сөздү биринчи жолу уктум. Ошондон улам сөздүн маанисин изилдеп көрдүм. Дербиш (фарсча – сөзмө-сөз которгондо – жакыр, тентимиш) -дүнүйө, байлыктан кечкен, коомдон өзүн бөлгөн, дин адамы. Алар: "Бул дүйнө- жалган дүйнө, чыныгы дүйнө тигил жакта, бул дүйнөдөн ошончолук жыргал көрөбүз" деген түшүнүк менен жашашат. Ошондо гана түшүндүм. Бирок анда кеч болуп калган эле. Арадан он жыл өтсө да мен үчүн ушул ыр жашоомду өзгөрттүбү деген ой келе берет. Ошондуктан өзүмдүн жашоомдо кайгылуу музыкаларды угуудан алыс болууга аракет кылам.

Адам баласы өзүнүн мүнөзүнө жараша ырларды угат. Музыканы угуудан адамдын кандай экенин байкоого болот. Музыканы укканда адамдын ар бир клеткасы дем алат же болбосо тескерисинче чарчайт. Музыканы түшүнүп угуу көбүрөөк адам баласына, уккан жандарга оң таасирин берет же болбосо классикалык музыканы угуу адамдын мээсин дем алдырып турат.

Азыркы заманбап музыканын жазылган сөздөрү да дал келбей калып жатканын байкоого болот. Ырлар эмес макалдар да бири-бирине дал келбей бара жатат. Мисал катары ала турган болсок "Ат адамдын канаты" - бул макалда ат азыркы заманда адам баласына канат боло албайт деген түшүнүктө жашап жатабыз. Кыргыздын көптөгөн сөздүктөрү орус тилинен которулуп, көптөгөн сөздүктөрү азыркы учурда колдонулбай эле келе жатат. Акындарыбыз ыр жазганда кыргыздын унутта калып жаткан сөздөрүн колдонушса кыргыз тили өнүгөт деген ойдомун. Бизге окшогон инсандар азырга чейин уга элек сөздүктөрдү угуп, анын маанисин тереңден түшүнүп, сөз байлыктарыбызды өнүктүрсөк жакшы болмок.

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти (2022-ж.), обончу жана аткаруучу Съездбек Искеналиевдин "Сезим" аттуу ырын угуп жатып кайырмасына "Да" деген сөздүктү кошуп койсо уйкаштык болот экен деп ойлодум. "Да" деген сөз бир маанини түшүндүрбөсө да, бир сөзгө кошкондо күчөтүлгөн сезимди билдирет.

**"Сезим"**

обону: А. Кылычовдуку

*Аппак карда, аппак карда биз бараттык,*
*Ал бульварда и-ий,*
*Бак дарактар ак оролуп,*
*Күбө болгон биздин сүйүүгө.*
***Кайырмасы:***
*Себелеп, себелеп майда,*
*Аппак кар, аппак кар жаады.*
*Ал жааган аппак карда,*
*Сезимдер, сезимдер башка.*

Кайырмасына "да" деген сөздү кошо турган болсок биринчиден сөздөрү уйкашат, экинчиден сезимин күчөтүлгөн даражада көрсөтөт.

*Себелеп, себелеп майда,*
*Аппак кар, аппак жаайт да.*
*Ал жааган аппак карда,*

*Сезимдер, сезимдер башка да.*

Азыркы чыгып жаткан заманбап ырлар жеңил сезим жана ачык жазылганы менен адамга терс таасирин тийгизип жатат. Көбүнчө шаңдуу (мажордук) форматта жазылганы жаштарды сергек жашоого тарбиялап жатат. Алсак, XIX - XX - кылымда жарык көргөн ырларда акындар жана обончулар ички сезимдерин ачык айта алган эмес. Азыр болсо жашоода да, ырларда да ачык эле айтылып калды.

Кыргыздын бир жарк этип жаркырап чыккан ырчысы Бекжан Темирхан (2-октябрь 1995-ж.- 10-ноябрь 2022-ж.) Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Кызыл-Жар айылында туулган. Бекжандын алгачкы 2020-жылы эл ичинде хитке айланган "Эзилип бүттүм" аттуу ырынын бир куплет жана ырдын кайырмасындагы сөздөрүнүн маанисин карай турган болсок;

**"Эзилип бүттүм"**

сөзү: Топчубек Адылбек уулу
обону: Бекжан Темирхандыкы

*Агарып аткан таңым элең сен,*
*Жашоодон тапкан багым элең сен.*
*Сени сүйөмүн, сени күтөмүн,*
*Эзилип бүттүм.*
***Кайырмасы:***
*Ай-ай-ай, эзилип бүттүм,*
*Алтыным өзүңдү күттүм.*
*Кайдасың асылым азыр жаным,*
*Сагындым өзүңдү гүлүм.*

Жогорудагы ырдын тексттериндеги сөздөрүнүн маани-маңызы эски ырларга окшоп кагазга ороп айтылбагандыгын байкоого болот. Мурунку жаштар сүйүүсүн кат аркылуу билдирип айлап кутушкон болушса, азыркы замандын жаштары телефондо да бир саат күткүсү келбейт. Ошондуктан ырлар да заманына жараша жазылып, угуучулардын сезимине оң жана кээ бир учурларда терс таасирин тийгизип жатканына анализ жасай алдык. Заманбап ырлардын жаштарга берип жаткан тарбиялык жактары жана таасирлери өтө жакшы темпте өсүп бара жатат. Жазылып жаткан ырлардын сөздөрү дагы заманбап сөздөр менен жазылып жаткандыгы талашсыз. Бардык нерсенин өнүгүү жолунда болгондугуна байланыштуу, ырлардын да заманбап болуусу абзел. Мисалы, жаштарды шарты жок, техника, электр жарыгы жок үйдө жашап кетүүсүн элестете албайбыз. Ошондой эле кээ бир жеңил-желпи ырлар да ошол сыяктуу жашап кетүүсү өтө кыйын болуп калууда. Бирок биз маданиятыбызды, үрп-адаттарыбызды, улуттук аспаптарды унутуп койсок болот дегени эмес. Бардык нерсенин өз нугунда кеткени жакшы. Азыркы жаш акын-копозиторлорубуз дагы заманбап ырларды жаратып келе жатышат. Алардын катарын толуктап Зарлык Камбаралиевдин обонуна жазылган "Мен Юпитер" деген ырын мисалга алсак:

**"Мен юпитер"**

сөзү: А. Сooроев
обону: З. Камабаралиев

*Жылдырбай кармап турат салган тузагың,*
*Билбеймин амалым жок кантип чыгарым.*
*Көзүмө сенден бөлөк эч ким көрүнбөйт,*

*Оюм онго бөлүнүп калды тунарып.*
*Жүрөгүмдүн кагышы жай,*
*Убактылуу турат жылбай.*
*Көңүлүмдө муңдуу нота,*
*Кайталанат до-ре-ми-фа,*
*Кыялымда дүйнө кезем,*
*Оңүм эмес, түшүм эмес.*
*Бирок аны түшүндүрөт,*
*Сага жазган СМС.*

**Кайырмасы:**

*Мен жер, сен юпитер,*
*Аралык жакын эмес*
*Мен мүмкүндүк берсе,*
*Жакындагым келет.*

Бул ыр саптарында заманбап сөздөр колдонулган “СМС” деген сөздүктү айтсак болот. Азыркы заман талабы, канчалык заманбап, уккулуктуу жазылган ырлар болсо башка элдердин музыка сүйүүчү жаштарына да эбегейсиз чоң таасирин берип жатат. Учурда жаш акындар, ырчы-обончулар ырдын текстине анчайин маани беришпей, көбүнчө ал ырдын обонуна көбүрөөк басым жасап калышты.

Мисалга, Маданияттын мыкты кызмакери төш белгисинин ээси (2013-ж.) ырчы-обончу Ильяз Абдразаковдун обонуна жазылган “Жаным ай” ырын айта турган болсок, ал 40 тилге которулган. Ырдын сөздөрүнө маани берип карасак;

**“Жаным ай”**

сөзү, обону: И. Абдыразаковдуку

*Байланам шок кыздардын,*
*Көздөн учкан сыйкыр нуру.*
*Мен балкыган жанга дары,*
*Алтын жибек, мончок шуру,*
*На-на-ней.*
*Ал жомоктогу перидей.*
*Сезилет жылмайганы,*
*Сезим өрттөп тамшандырат.*
*Көрсөң көзүң тойбос болуп,*
*Көксөп адам арман кылат*
*На-на-ней.*

Кыргыздын заманбап ырларынын жанрлары салттык музыка, классика жана эстрадалык жанрларга бөлүнөт. Кыргыз музыкасы түрк элдерининин маданияты. Орто Азиядагы коңшулаш элдердин музыкасы менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан ырчыларыбыз коңшу элдердин (казак, өзбек, түрк, тажик) ырларын кыйналбастан өз тилибизге которуп ырдап жүрүшөт. Алар да биздин ырчылардын ырларын өз тилдерине которуп алып ушул күнгө чейин ырдап келүүдө. Байыркы элдердин жашоо шартына, эмгегине жараша ырлар, обон-күүлөр чыгып турган. Ошондон улам эмгек ырлары пайда болуп, эмгекке үндөгөн. Бирок азыркы күндө эмгек ырлары жаштарга өз таасирин тийгизбей калды. Себеби эмгектенген жаштарыбыз жокко эсе.

Талаа жумуштары, мал багуу деген түшүнүктүн жоголуп бара жаткандыгында деп айта алабыз. Ошол себептен ар бир нерсе заманына жараша болгондугу жакшы. Бул илимий изилдөөнүн жыйынтыгында ырлар гана эмес ар кайсы кесиптер да замандын талабына ылайыкталып, өзгөрүү  жолуна түшкөндүгүн айта кетүүнү туура көрдүк.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдышев К. – Кылым инсандары. [Текст] / – Кыргызстан: Шам, 2003-ж. 534 б.
2. Асанканов А.А., Аалиева Ш. – Кыргыз тарыхы. Энциклопедиялык окуу куралы. [Текст] / – Кыргызстан: Турар, 2003. 463 б.
3. Балбай Алагушов – Кыргыз музыкасы. Энциклопедиялык окуу куралы. [Текст] / – Бишкек: Бийиктик, 2007. – 531 б.
4. Исиров П. – Ырчылар чыгармачылыгы (Окуу китеби). [Текст] / Исиров П. – Б.: Бийиктик, 2004. – 212 б.
5. Касымалиев Б.Ж. – Тил жана улуттук салт: (Кыргыздын улуттук каада-салт сөздөрүнүн кыргызча-орусча тематикалык сөздүгү): [Текст] / окуу тексттери. Кыргызстан: Турар, 2009. 225 б.
6. Козубаев, О., Ыразаков, Д., & Камбарова , Н. (2023). Проблемы духовности в современной музыке. *Вестник Ошского государственного университета*, (1), 170-178. DOI: https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_21. EDN: XIKOTG.
7. Мурзакматов, А., & Абдираим уулу, К. (2023). Мектеп окуучуларында музыкалык кабыл алууну өнүктүрүү. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Философия. Социология. Политология*, 1(1), 49-54. DOI: https://doi.org/10.52754/16948823_2023_1(1)_7.
8. Мурзакулова Ч.А. (2019). Компетенттүү музыка адистиги мугалиминин заманбап балдардын тарбиялоодогу ролу. *Вестник Ошского государственного университета*, No. 1, сс. 116-120. EDN: ZOMXBB.
9. Орозалиев, Э.С., Ыразаков, Д.А. (2021). Кыргыздын салттуу музыкалык искусствосу. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 3, No. 3, сс. 220-228. EDN: AHNWEQ.
10. Шарипова, Э.К., Ыразаков, Д.А., Асан уулу, А. (2021). Массовая музыкальная культура. *Вестник Ошского государственного университета*, Т. 1, №3, сс. 318-326. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_3_318. EDN: KYTIGZ.

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ**

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 94-99

***ИСКУССТВО***

**УДК: 7. 7. 08**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_15

# АДАМДЫН ЖАН ДҮЙНӨСҮН КАЛЫПТООДОГУ ИСКУССТВОНУН РОЛУ

## РОЛЬ ИСКУССТВА В ФОРМИРОВАНИИ ДУШИ ЧЕЛОВЕКА

## THE ROLE OF ART IN FORMING THE HUMAN SOUL

**Полотова Гүлзат**
*Полотова Гүлзат*
*Polotova Gulzat*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*Master’s student, Osh State University*
polotovagulzat@gmail.com

# АДАМДЫН ЖАН ДҮЙНӨСҮН КАЛЫПТООДОГУ ИСКУССТВОНУН РОЛУ

**Аннотация**

Бул макалада негизинен искусствонун адам баласынын жан дүйнөсүнө тийгизген таасири, ролу тууралуу баяндалат. Искусствону жөнөкөй сөз менен айтып түшүндүрүүгө болбойт. Ал инсандын ички рухий байлыгын, ой жүгүртүүсүн, дүйнөгө болгон көз карашын өстүрүүдө, анын адамгерчилик сапаттарын калыптоодо, ошондой эле психофизиологиялык процессине таасир этүүдө искусство эң маанилүү орунду ээлейт

***Ачкыч сөздөр:*** искусство, жан дүйнө, рухий, калыптоо.

## *РОЛЬ ИСКУССТВА В ФОРМИРОВАНИИ ДУШИ ЧЕЛОВЕКА*

**Аннотация**

В данной статье в основном рассказывается о влиянии и роли искусства на душу человека. Искусство нельзя объяснить простыми словами. Искусство занимает важнейшее место в развитии внутреннего духовного богатства человека, его мышления, его мировоззрения, формировании его человеческих качеств, а также воздействии на его психофизиологический процесс.

***Ключевые слова:*** искусство, душа, духовное, формирование.

## *THE ROLE OF ART IN FORMING THE HUMAN SOUL*

**Abstract**

This article mainly talks about the influence and role of art on the human soul. Art cannot be explained in simple words. Art occupies an important place in the development of the inner spiritual wealth of a person, his thinking, his worldview, the formation of his human qualities, as well as the impact on his psychophysiological process.

***Keywords:*** art, soul, spiritual, formation.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Музыканын эмоцияга таасири да кызыктуу. Музыканын эмоцияга таасири жөнүндө байыркы замандан бери билишкен. Музыканы дарылоодо, согушта да колдонушкан. Музыка адамды тынчсыздандырган ойлордон арылууда, дарылоодо да колдонулат.

Бул макалада негизинен музыканын, искусствонун адам баласынын жан дүйнөсүнө тийгизген таасири тууралуу баяндалды.

Музыканын адам баласына таасири чоң. Музыканын добушу адамдын жан дүйнөсүн азыктандырат, белгилүү таасир этүү менен кан айлануусун басандатат же тездедет, нерв системеларын ойготот, же аны басылтат, кызыгууну арттырат, же жоошутат. Музыканын добушуна жараша белгилүү эффект пайда болот. Ошондуктан добушту таануу адам баласына башкаруу үчүн сыйкыр шайман, инструмент, жабдуу берет. Көркөм өнөрчүлүк дарылоочу касиетке ээ экендиги жашыруун сыр эмес. Изотерапия, бий изотерапиясы, музыка менен дарылоо - бул ачык чындык. Музыка фармакологиянын жаратуучусу, окумуштуу Роберт Шофлер белгилегендей; дарылоо максатында Чайсковскийдин бардык симфонияларын, Шуберттин- «Лесной, Царь», Бетховендин «К радости» чыгармаларын угуу керек. Ал баса көрсөткөндөй, бул чыгармалар тез айыгууга себепкер болот. Ал эми Колифорния Университетинин изилдөөчүлөрү анализ жүргүзүп Моцарттын музыкаларын 10 минут угуудан студенттердин тест тапшыруу интелектинин коефициенты 8-9 эсе жогорулаганын далилдешти.

Музыканын эмоцияга таасири да кызыктуу. Музыканын эмоцияга таасири жөнүндө байыркы замандан бери билишкен. Музыканы дарылоодо, согушта да колдонушкан. Музыка адамды тынчсыздандырган ойлордон арылууда, дарылоодо да колдонулат. Чарчоодон, чаалыгуудан арылуу каражаты катары музыкага чоң маани берилет. Музыка бир ишти баштоодо белгилүү ритм бере алат**.**

Көркөм өнөр адам баласынын жандуу, сулуу болушуна себепкер боло алат. Мисалы, сүрөт тартуу: байыркы замандан сакталып калган сүрөттөрдөн мындан эки, үч жана андан да көп кылымдар мурда адам баласы кандай жашаганды билүү мүмкүн. Бүгүнкү күндө учурдагы сүрөтчүлөр жараткан сүрөттөрдө, кандай гана мазмунда болбосун: абстракция, реализм, натюрморт же пейзаж - сүрөт тартуу өнөрү аркылуу адам баласы айлана-чөйрөнү ачык жана түстүү көрүүгө үйрөндү.

Албетте, опера көркөм өнөрүн таанып билүү үчүн, анын өзгөчөлүктөрүн билүү керек, угуучулардын аң-сезимине, эмоциясына таасир этип аткан музыканын жана вокалдын тилин түшүнүү абзел. Поэзияны жана сүрөт тартуу көркөм өнөрүн кабыл алуу үчүн белгилүү даярдык жана ага жараша түшүнүк керек.

Көркөм өнөрдүн адамга таасири узак мөөнөттү талап кылып, перспективдүү болушу мүмкүн. Көркөм өнөрдү тарбиялоодо, прафилактика иштеринде жана ден-соолук чыңдоо максатында колдонууда бул айтылгандардын мүмкүндүгү чоң экендиги баса белгиленет. Көркөм өнөр адам баласынын кандайдыр бир жөндөмүнө же алы күчүнө гана таасир этпестен, анын бүтүндөй инсандык касиетине таасир берет.

Искусство - турмуш чындыгынын коомдук аң сезимдин түрлөрүнүн, психологиянын, экономикалык саясаттын, юридиканын, идеологиянын, моралдык религиянын чөйрөсүн

чагылдыра алат. Ал коомдук аң - сезимдин формасы катары белгилүү образды чагылдыруу касиетинин негизинде адамдын ички психологиялык дүйнөсүнө таасир этет.

Ар кандай доордо жана ар кандай элдерде болбосун, искусство табигый идеал катары өз тарыхын, социалдык - экономикалык шартын, салт - санаасын, ой - мүдөөсүн чагылдырып турат.

Коомдук тиричиликтин негизинде пайда болуп, искусство кайра коом үчүн тарбиялык функцияны аткарат, башкача айтканда ар бир эл же коом өзүнүн тарыхый маңызы менен келечек муундарга таасир этет, же тескерисинче жашоону улантуучу муундар өткөн коомдун пайдалануу мурасына таянат. Ал тарыхты өзүндөй кайталоо дегендик эмес, жаңыча кырдаалга аракет дегендик.

Улам өнүгүп отуруп, коомдук аң - сезимдин негизинде пайда болуп, элдик чыгармачылык такшалып, белгилүү принциптүүлүктөргө жетишет. Искусствону жөнөкөй сөз менен айтып түшүндүрүүгө болбойт. Ал инсандын ички рухий байлыгын, ой жүгүртүүсүн, дүйнөгө болгон көз карашын өстүрүүдө, анын адамгерчилик сапаттарын калыптоодо, ошондой эле психофизиологиялык процессине таасир этүүдө искусство эң маанилүү орунду ээлейт.

Адам турмушу байыртадан бери искусстводо чагылдырылып келген. Бирок алгачкы учурда ал кыйыр түрдө болгон. Адамдарды, алардын турмушун башка предмет катары тикеден - тике сүрөттөө, байыркы гректердин адабиятынан башталат. Ошондон бери искусстводо адам баласынын турмушу негизги орунду ээлеп, анын жашоосу даңкталып келет. Бирок көрөм чыгармада жалаң гана адам сүрөттөлө бербейт. Анда адам тиричилигинин фонунда жаратылыш жана айлана - чөйрө да баяндалат. Ал көрүнүштөр негизги образды ачуучу кошумча каражат катары пайдаланылат.

В.Г. Белинский - “Табияттын чексиз кыймылы, токойлордун шуулдашы, күн нуруна жылтылдаган тулкунун булакташы, жөн турган эгинди тирмелип, эрке желдин жортушу, ырчы булактын шылдыраган үнү - ушулардын бардыгынан адам кээде арфанын ушундай жалгызсыраган муңдуу күүсүн укса, кээде асман алдында шапар тээп, жыргалчылыктын ырын ырдаган боз торгойдун жомогун угат. Ал эми адамдагы поэзия мындан да молураак - деп баса белгилеген. Ошентип улуу сынчы искуссвто жана анын предмети деп адамды, анын турмуш тиричилигин жана бүт ааламды түшүнгөн.

Көркөм образ кеңири түшүнүктү камтыйт. Ар түрдүү турмуш кырдаалдарды, пейзаждагы сүрөттөөлөр башкача айтканда портреттер өз алдынча образ боло алат. Бирок, алар типтештирилгенде гана чыныгы көркөм образдын деңгээлине жетет. Искусстводо жеке образдар аркылуу турмуш жалпыланат. Конкреттүү түшүнүктөр менен гана жазуучу жалпы нерсеге мүнөздүү касиеттерди, белгилерди ачып көрсөтө алат.

Жазуучу адам турмушун көрсөтүүнү максат кылган кезде, анын башынан өткөргөндөрүн ийне жибине чейин тизмелеп отурбайт.

Анткени чыгармачыл адам турмуштун жөнөкөй гана катчысы - регистратору эмес, турмуштун картинкасын дал өзүндөй түшүргөн көчүрмөчү же фотограф да эмес, ал эң ириде жаратуучу. Ошентип чыгармачыл адамдарды турмуштун эң урунттуу мүнөздүү жактарын гана тандап алат. Ушундан кийин гана чыгармачыл адам фактыларды өзүнүн чыгармачылыгын өткөрүп камкордук жактан жалпылаштырат. Андай кылбаганда жазуучунун

көрсөткөн адамдарынын турмушу жөнөкөй гана факты бойдон калаар эле.

К.Маркс искусствонун материалдык өндүрүш менен байланышы жөнүндө айтып келип, искусствону материалдык чындыктын көркөм рухий практикалык көрүнүшү катары эсептеген.

Коомдук турмуштагы эң байыркы жана жалпы ишмердүүлүктөрдүн маанилүү түрү искусство болуп эсептелет. Коомдук аң сезимдин формасы эсептелишин адамзаттын көркөм интеллектуалдык, эмоционалдык, нравалык - эстетикалык керектөөсүн канааттандыруучу функцияны аткарат.

Музыка уктуруунун эфефективдүү деңгээлин көтөрүүнүн эң маанилүү жолу көркөм адабияттарды образдуу түрдө пайдалана билүүнүн негизинде жүрөт. Уктуруулучу материал жана колдонулуучу көркөм адабияттар албетте окуучулардын физиологиялык өсүүсүнө, псхологиялык кабылдоосуна жана жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша тандалууга тийиш.

Мисалы; кенже класстын окуучулары үчүн музыка уктурууда шайыр мүнөздөгү тез темптеги, чакан диапозондогу чыгармалар берилүүгө тийиш. Көбүнчө оюнкараак мүнөздөгү чыгармалар керектелинет. Психология илими көрсөткөндөй кенже балдардын эмоционалдык дүүлүгүсү тез болуп узакка созулбайт. Ошондуктан алар үчүн чакан гана чыгармалардын тандалып алынышы, максатка ылайыктуу. Ошондой эле өтүлүүчү материал образдуу чагылдыруусу жагынан монотиптүү болгондугу дурус жана конкреттүү форма, ой - мүнөздө болсо окуучулар жакшы кабыл алышат. Айрыкча кенже балдарга жомок стилиндеги чыгармаларды тандоо максатка ылайык. Себеби алардын кыял - жоруктары, элестетүүлөрү, гипербалалык мотивге ылайык келет. Мисалы К. Молдобасановдун “Кара теке” деген чыгармасын угуза турган болсок:

“Кара теке бой - бой,
Чөп тамырын койбой.
Сакалдары сексендеп,
Кепшей берет тойбой.
Күн ысыган кезде,
Жатып калат жылбай.
Кечки салкын түшкөндө,

Кайра ойнойт тынбайт” - деп образдуу кара текени сүрөттөгөн ырдын сөзү менен тааныштырып, андан кийин, андан кийин уктуруп, үйрөткөнүбүз балдардын музыканы кабыл алуусуна ылайыктуу нгарт тузөт. Бул өтө жөнөкөй, сөздөру тушунуктуу, обондун диаппозону квинта интервалын тузөт. Мында кара текенин кылык- жоруктары баяндалат. Балдарга угузууга жана уйрөтуугө өтө ыңгайлуу.

**Корутунду.** Музыка уктурууда жана көркөм адабияттарды пайдаланууда 5-6-класстын окуучулары учуй тандалган материалдын окуучулардын психологиялык кабылдоолоруна ылайык келуулөру керек. Бул куракта баатырдык, эрдик көрсөт темаларын жана ар кандай элдик чыгармаларды колдонсо болот. Өткөн учурлардын баатыр окуучуларын, эр жрөк азаматтарын идеял тутууга тарбиялоого болот. Мисалы: П Дегейтердин жана Э. Потьенин сөзнө жазылган «Интернационал» деген чыгарманы жана М. Глинканын «Иван Сусанин» операсынан зндлөрд угузууга болот.

Жогорку класстын окуучуларына музыка уктурууда барган сайын чыгармалардын

мазмунун да, көлөмүн да кеңейтүү талапка ылайык.

Р. Ковдун «Садко» операсынан фрагменттерди уктуруу үчүн жомоктун мазмуну же операга кадимки жомоктун өзүн айтып берүү маанилүү. Уктурулуучу музыкалык чыгарманы искусствонун башка түрлөрү менен байланыштырып, алардын көркөм каражаттарын музыкалык образдарды түзүүдө эффективдүү пайдалануу азыркы учурдун музыка мугалимине коюлуучу негизги талап.

**Адабияттар**


1. Агаронян А. С. Культура повседневной жизни. Москва, 1991.
2. Баренбойм, Перунова Н. Путь к музыке. Москва, 1988.
3. Козубаев, О., Ыразаков, Д., & Камбарова, Н. (2023). Проблемы духовности в современной музыке. *Вестник Ошского государственного университета*, (1), 170-178. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_21. EDN: XIKOTG.
4. Мурзакматов, А., & Абдираим уулу, К. (2023). Мектеп окуучуларында музыкалык кабыл алууну өнүктүрүү. *Вестник Ошского государственного университета. Философия. Социология. Политология*, 1(1), 49-54. https://doi.org/10.52754/16948823_2023_1(1)_7.
5. Николаев А., Рощина Л. Роль музыки в эстетическом воспитании детей. М.: Музыка, 2020.
6. Орозалиев, Э.С., Ыразаков, Д.А. (2021). Кыргыздын салттуу музыкалык искусствосу. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 3, No. 3, сс. 220-228. EDN: AHNWEQ.
7. Черноиваненко Н. М. Методика музыкального воспитание. М.: Музыка, 1986.
8. Ястребова Н. А. Формирование эстетического идеала и искусство. М.: Музыка, 1978.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА. ФИЛОСОФИЯ. СОЦИОЛОГИЯ. ПОЛИТОЛОГИЯ

JOURNAL OF OSH STATE UNIVERSITY. PHILOSOPHY. SOCIOLOGY. POLITICAL SCIENCE

**e-ISSN: 1694-8823**
№2(2)/2023, 100-105

***ИСКУССТВО***

**УДК: 78.05.**
**DOI:** 10.52754/16948823_2023_2(2)_16

# КЫРГЫЗ ИСКУССТВОСУНДА ТАБИЯТ КООЗДУГУНУН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

ОТРАЖЕНИЕ КРАСОТЫ ПРИРОДЫ В КЫРГЫЗСКОМ ИСКУССТВЕ

REFLECTING THE BEAUTY OF NATURE IN KYRGYZ ART

**Топчубаева Элмира Абжалиевна**
*Топчубаева Элмира Абжалиевна*
*Topchubaeva Elmira Abzhalievna*

**магистрант, Ош мамлекеттик университети**
*магистрант, Ошский государственный университет*
*master's student, Osh State University*

# КЫРГЫЗ ИСКУССТВОСУНДА ТАБИЯТ КООЗДУГУНУН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Аннотация**

Бул макалада пейзаж жанрынын маани маңызы, анын башка көркөм сүрөт жанрларынан айырмачылыгы иликтенди. Ошондой эле кыргыз искусствосунда жаратылышты чагылдыруу жанрында эмгектенген тунгуч сүрөтчүлөрдүн пейзаждык темаларындагы жараткан чыгармаларына анализ жүргүзүлдү.

***Ачкыч сөздөр:*** пейзаж, перспектива, искусство, жанр, түс, кооздук, табият.

## *ОТРАЖЕНИЕ КРАСОТЫ ПРИРОДЫ В КЫРГЫЗСКОМ ИСКУССТВЕ*

**Аннотация**

В данной статье рассматривается сущность жанра пейзажа и его отличие от других жанров искусства. Также проанализированы произведения первых художников, работавших в жанре изображения природы в кыргызском искусстве на пейзажную тематику.

***Ключевые слова:*** пейзаж, перспектива, искусство, жанр, цвет, красота, природа.

## *REFLECTING THE BEAUTY OF NATURE IN KYRGYZ ART*

**Abstract**

This article examines the essence of the landscape genre and its difference from other genres of art. The works of the first artists who worked in the genre of depicting nature in Kyrgyz art on landscape themes were also analyzed.

***Keywords:*** landscape, perspective, art, genre, color, beauty, nature.

**Киришүү**

**Теманын актуалдуулугу.** Пейзаж – бул көркөм сүрөт жанрларынын бир түрү, мында живопистик чыгарманын борбордук проблемасы – реалдуу жаратылыш кубулуштары же адам тарабынан кайра өзгөртүлүп сүрөттөлгөн табият көрүнүштөрү болуп саналат. Искусствонун бул жанры тууралуу ар кандай көз караштар, ой-жүгүртүүлөр, идеялар азыркы учурда гана пайда болуп калган эмес, ал көптөгөн убакытты өз ичине камтыйт. Көркөм өнөрдүн тарыхында жогорку деңгээдеги тажрыйбалар жаралып, узак мезгилдин ичинде көркөм техникалар жана ыкмалар иштелип чыгып, өркүндөтүлүп муундан муунга өткөрүлүп келген.

Табияттын кооздугун чагылдыруучу искусствонун бул түрүнүн негизги максаты болуп жаратылыш көрүнүштөрү, айлана чөйрө, атмосферанын абалынын берилиши, ошондой эле андагы тегиздиктин перспективалык түзүлүшү саналат. Пейзажда шаардын жалпы реалдуу көрүнүшү, андагы имараттардын түрлөрү, ар кандай курулуштары жана айыл чарба жерлери, деңиз мейкиндиктери, тоо кыркалары, токойлор, суулар ж.б. табияттын кооз кубулуштары чагылдырылат[1].

Тагыраак айтканда, көркөм сүрөт искусствосунда пейзаж, портрет, натюрморт сыяктуу түрдүү жанрлар бар, алардын ичинен пейзаж жанры жаратылыш кооздуктарын чагылдыруу өзгөчөлүгүнө ээ. Ар бир таланттуу инсан өздүк жеке стили, дүйнө көз карашы, табияттагы түрдүү түстөрдү ажырата билүү жөмдөмдүүлүктөрү менен айырмаланат. Алар өздөрүнүн өзгөчөлөнгөн дүйнө таанымдары аркылуу көркөм чыгармаларды жаратып, дүйнөнүн кооздуктарын жалпы коомго түрдүү түстөр, образдар аркылуу жеткирүүгө аракет жасашып, кооздуктун мыйзамдарын терең түшүнүүгө жардам беришет.

Жер шаарынын географиялык түзүлүшүнө жараша ар кандай чөйрөнүн өзүнчө жаратылышы болот, андагы кооз көрүнүштөр адамга дем берип, чыгармачылык эргүү жаратат. Андан таланттуу музыканттар, композиторлор, сүрөтчүлөр, акындар ж.б. улуу инсандар калыптанат. Ошондуктан ар бир элдин өзүнө таандык болгон кайталангыс чыгармачылык баалуулуктары болгон, анын ичинде улуттук маданиятты өнүктүрүүгө үзүрлүү эмгектенген, кыргыз элинен чыккан залкар инсандарыбыз да жок эмес. Алардын катарына кыргыздардын тунгуч сүрөтчүлөрүн кошууга болот[2].

Ар бир сүрөтчүдө кайсы аймакта, кайсы географиялык чөйрөдө жашаганына жараша анын алгачкы визуалдык кабыл алуулар пайда болуп, ага байланыштуу ата мекенге, туулуп өскөн жерине болгон сүйүү сезимдеринин калыптанышына табияттын тоолуу же тегиз аймактары, деңиз жээктери, жылуу жана суук шарттардын өзгөчөлүктөрү зор таасир берет. Анын чыгармачылык жүзүн ачуу үчүн индивидуалдык стиль түшүнүгү, б.а. ал тарабынан иштелип чыккан образдын ырааттуу системасы, жеке өзүнө гана мүнөздүү болгон эмоционалдык жана пластикалык интонациясы, визуалдык тилдин тембри, ошондой эле композициялык, ритмикалык маанилери белгилүү орунду ээлейт. Визуалдык түрдө кабыл алынган формалардын тартиби автордун айлана чөйрөгө болгон мамилесинен жана дүйнө таанымынын мүнөзүнө көз каранды болот. Дүйнөлүк искусствонун улуу чеберлеринин чыгармачылыктары стилдик биримдикке жана экспрессивдүүлүккө ээ.

[1] Изобразительное искусство Киргизской ССР: Альбом. М.: Сов.художник, 1974, - 34 е., 55 с.
[2] 4. Мосолова Л.М. Изобразительное искусство Киргизии. -Фрунзе: Кыргызстан, 1967. 35 с.

Кыргыз элинин биринчи улуттук, өзгөчө таланттуу сүрөтчүлөрү Г.Айтиев менен С.Акылбеков кесиби боюнча пейзаж сүрөтчүлөрү катары эсептелишкен. Алар социалисттик идеялардын негизинде турмушту кайра куруу багытынын таасири астында тарбияланып, өздөрүнүн этникалык тарыхын терең түшүнүү менен республикада искусствонун жаңы формаларын түзүүчүлөрү катары, башкалардан чыгармачылык куч-кубаты менен өзгөчөлөнүп турушат. Г.Айтиев үчүн чыгармачылык – бул живопистин ар кандай жанрларын терең өздөштүрүү болуп саналган. Анын чыгармачылык эмгектеринин өнүгүшүндө пейзаждык темалардан тышкары тематикалык полотнолор жана замандаштарынын портреттери чагылдырылган, ошондой эле ал скульптурада да өз күчүн сынап көргөн[3].

Алар кыргыздардын элдик декоративдик-прикладдык искусствонун үлгүлөрүн андан ары тууроо салттарынан сырткары, улуттук искусствонун жаңы түрлөрүнүн негиз салуучулары болушкан. Алар чыгармачылыктын сырларын турмуштун образдарынан, ошондой эле батыш ой жүгүртүүлөрүнөн жана орус элинин кесиптик сүрөт өнөрүнүн чеберчилик салттарынан үйрөнүшкөн. Алардын оригиналдуу болгон чыгармалары этникалык көркөм сезимдердин таасирлери аркылуу ишке ашкан. Бул алардын композициялык полотнолорунда жердин, тоонун жана асмандын өз ара мамилелеринин горизонталдык ритмдери ачык пейзаждын кеңири масштабында чагылдырылган. Алардын жараткан чыгармаларында эреже катары, түрдүү формалар ашыкча колдонулган эмес, тескерисинче түс схемасына бай болгон.

Башкача айтканда, ар бир сүрөтчү индивидуалдык чыгармачылык табиятына ээ болушат, ал табигый нерсе. Г.Айтиевге табияттын бир кыйла ири монументалдуу көрүнүшү, тондук живопистин жылмакай ыкмасы, түстөрдүн тазалыгы жана тоналдык ырааттуулугу мүнөздүү. Ал өз пейзаждарында жаратылыштын кооздугун руханий-эмоционалдык дүйнөсү аркылуу өткөрүп объективдүү дүйнөнү көз алдына элестетип, реалдуулукту көркөм образдардын жардамы менен кайрадан түзүп чыккан. Көркөмдүк жалпылоо жөндөмүнө, терең тажрыйбага ээ болгон Г.Айтиев сюжеттердин эскиздик формасын жана жанрдык элементтерин дайыма маңыздуу сүрөттөп бере алган, башкача айтканда монументалдуу композициялык чыгармаларды жаратууга умтулган.

XX кылымдын 50-60-жылдардын башында «Анжиян өрөөнү» аттуу пейзажында ал кыргыз жериндеги жашоо кыймылынын динамикасына, күндүн батышына, күз мезгилдерине жана табияттын түрдүү формаларына эстетикалык көз караштар менен мамиле кылып, кооздуктун мыйзамдары аркылуу көркөмдөп бере алган. Сүрөтчүнүн кийинки «Талаадагы тандыр», «Маанай» аттуу сүрөт чыгармаларында жашоого, туулуп өскөн жерине болгон сыймыктануулары философиялык ой жүгүртүүлөр менен даанышмандык түшүнүктөрү аркылуу чагылдырылган[4].

Ал эми кыргыздардын белгилүү сүрөтчүсү С.Акылбеков лирикалык пейзаждын чебери катары жалпы элге кеңири таанымал болгон. Ал камералык деңгээлдеги сүрөтчү катары анын чыгармачылыгы негизгинен эскиз формасында жаратылган чыгармалардын катарын толуктайт. Эскиз – бул натурадан тез убакыттын аралыгында жаралган живописттик көркөм

[3] Айтиев Гапар Айтиевич (1912) Герой Социалистического Труда, народный художник СССР, член-корреспондент Академии художеств СССР, лауреат Государственной премии Киргизской ССР им.Токтогула.
[4] Уметалиева Дж.Т. Художественные особенности киргизской жанровой живописи. Ала-Тоо, 1965, № 9, с.109-116.

сүрөт чыгармалары эсептелет. Анын түстүү полотнолорунда тынч поэтикалык ой жүгүртүү биринчи орунду ээлеген. Ал эскиз формасынын чегинен чыгууга аракеттенип, кээде өз эмгектерин живопистин көлөмдүү өлчөмүнө чейин кеңейтүүгө аракеттенген. Анын эскиздери назик лирикалык, көбүнчө адамдын катышуусун чагылдырган пейзаждык чыгармалары менен айырмаланып турат[5].

Сүрөтчүнүн дүйнөгө болгон сезимталдыгы түздөн-түз жаратылышка арналып түрдүү пейзаждык чыгармаларында терең чагылдырылган. Алардагы жылуулук, назиктик, байкоочулук жана кылдаттык түшүнүктөрү чеберчилик менен берилген. С.Акылбеков өзүнүн «Кыргызстандын түштүгүндөгү күз», «Акыркы шоола», «Булуттуу күн» аттуу көркөм сүрөт чыгармаларында таңкы күүгүм жана кечки өткөөл мезгилдери, жарык нурдун шооласы, жаратылыштын мезгилдик кубулуштары жандуу түстөр менен сүрөттөлгөн жана ал тоо этектерин жана карлуу тоо чокуларында күндүн баткан нурларын өзүнүн полотносунда чагылдырганды жакшы көргөн.

Кыргыз көркөм сүрөт искусствосунун улуттук өзгөчөлүгү бара-бара калыптанып, дайыма өзгөчө мааниге ээ болгон теманын өзгөчөлүгүнөн гана эмес, чыгарманын мазмунунун эмоционалдуулугуна арналган поэтикалаштырууда да байкалат. Көркөм форманын өзгөчөлүктөрү менен түздөн-түз байланышкан образдык түзүлүш колдонулган. Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн реалисттик ыкманы өздөштүрүүлөрүнүн натыйжасында элдин турмушунун кайталангыстыгын жана чындыкты көркөм өнөр аркылуу чагылдырууга терең салым кошушкан. Ошондуктан орус сүрөтчүлөрүнүн живописттик мектебинен үйрөнгөн көргөзмө каражаттардын жардамы менен Г.Айтиев менен С.Акылбеков кыргыз жеринин жаратылышын жаңыртып, көркөм кооздуктардын негизинде чагылдырууда чоң бийиктиктерге жетишишкен. Алардын маңыздуу эмоционалдуулугу менен айырмаланган чыгармаларында кыргыз элинин эстетикалык көз караштарынын маани маңызы терең ачылып берилген. Бул элдик сүрөтчүлөрдүн көркөм сүрөт чыгармаларынын сюжеттик мотивдеринин окшоштугуна карабастан, түпкү табияттын маңызын кабыл алуунун оригиналдуулугу жана чыгарманын көркөм формасынын сулуулук ченеминин баалуулугу менен айырмаланып турган[6].

Пейзаждык жанр кыргыз живописинин стилистикалык жактан калыптанган бөлүгү катары терең идеялык, мазмундук жана формалдык маселелерди чечкен, анткени кыргыз сүрөтчүлөрүнүн түшүнүгүндө табияттын кубулуштары көркөм сүрөт тартуунун жөн эле объектиси эмес, ата-журт темасы, анын өткөн тарыхы, азыркы жана келечектеги жашоосу кызыктырып келген. Андан сырткары композициянын, чийүүнүн жана түстүн мыйзамдары живопись жана прикладдык искусство үчүн бирдей экендигине маани беришип, бул мыйзамдарга ылайык эмгектерин жаратышкан.

**Колдонулган адабияттар**

1. Айтиев Гапар Айтиевич (1912) Герой Социалистического Труда, народный художник СССР, член-корреспондент Академии художеств СССР, лауреат Государственной премии Киргизской ССР им.Токтогула.

[5]. Акылбеков Сабырбек Мамбетсадыкович (1914-1968) -заслуженный деятель искусств Киргизской ССР.
[6] Уметалиева Дж.Т. Особенности развития киргизской живописи 60-х 70-х годов. - Ала-Тоо, 1977, № I, с.131-140.

2. Акылбеков Сабырбек Мамбетсадыкович (1914-1968) -заслуженный деятель искусств Киргизской ССР.
3. Изобразительное искусство Киргизской ССР: Альбом. М.: Сов.художник, 1974, - 34 е., 55 с.
4. Курбанбаев К.А., Ахмеджанова А.М., Ыразаков Д.А. (2020). Кыргыз элинин көркөм сүрөт искусствосу. *Вестник Ошского государственного университета*, No. 1-3, сс. 290-294. EDN: GOMAWD.
5. Мосолова Л.М. Изобразительное искусство Киргизии. Фрунзе: Кыргызстан, 1967. 35 с.
6. Попова О. Живопись Гапара Айтиева. Искусство, 1971, № 4, с.32-38.
7. Прыткова Л.А. Сабырбек Акылбеков. Фрунзе: Кыргызстан, 1968. - 63 с.
8. Уметалиева Дж.Т. Особенности развития киргизской живописи 60-х 70-х годов. - Ала-Тоо, 1977, № I, с.131-140.
9. Уметалиева Дж.Т. Художественные особенности киргизской жанровой живописи. Ала-Тоо, 1965, № 9, с.109-116.
10. Ысмайылов М.З., Мамазаиров М.Л., Абдураимова Н.И. (2021). Көркөм сүрөт өнөрү жана анын адам турмушундагы орду. *Вестник Ошского государственного университета*, Vol. 1, No. 4, сс. 384-392. DOI: 10.52754/16947452_2021_1_4_384. EDN: WFKYFC.
11. Ысмайылов, М., Мамазаиров, М., & Мамарайимов, К. (2022). История развития изобразительных искусств в Ошской области. *Вестник Ошского государственного университета*, (2), 207-213. DOI: https://doi.org/10.52754/16947452_2022_2_207. EDN: KOWRUR.